Нуралы АБДЫРАХМАНОВ

# Хан Кубатбек

Ош шаары, 2020-жыл.

УДК
ББК

Абдырахманов Нуралы
**"Хан Кубатбек"** Ош: 2020, - 178 бет

УДК
ББК

ISBN

© Н.Абдырахманов, 2020.

# УРМАТТУУ ОКУРМАН!

Мен бул китебимде 1710-1770-жылдары же XVIII кылымдын орто ченинде жашап өткөн жалпы кыргыз элинин баатыры, кутчу уруусунун кулуну, хан Кубатбек бабабыздын тарых барактарында калтырган салмактуу издерин, өз Ата Мекени, эли-жери үчүн жасаган зор эмгектерин, анын эр жүрөктүгүн, чыныгы баатыр, даанышмандыгын ыр түрүндө баяндоого аракет кылдым. Чындыгында эле хан Кубатбек өз учурунда Фергана өрөөнүндө жашаган кыргыз урууларынын башын бириктирип, алардын ынтымагын, биримдигин бекем түптөй алган. Жалпы кыргыз элинин тынчтыгын жана эркиндигин чет жакадагы душмандардан коргоо максатында алардан чоң кыргыз армиясын түзгөн. Хан Кубатбектин чыныгы баатырдыгын, эр жүрөк кол башчы экенин, анын өз эли үчүн жасаган зор эмгектерин баалаган кыргыз эли аны өз убагында хан көтөрүп алышты. Андыктан ал Фергана кыргыздарынын падышасы, же хан Кубатбек атыккан. Ал жалпы Фергана, Чыгыш Түркстандагы саясий иштерге олуттуу аралашып, аларга өз кеңештерин берип турган. Мен ал жөнүндө жазылган Касым Кушубековдун "Улуу Тоого чыккан барбы?" аттуу романын, Кушубек Качыбековдун ал жөнүндө жазган санжыраларын окуп чыгып, абдан таасирлендим жана алардын негизинде ушул поэманы жазууга ниеттенип, аны ишке ашырдым. Албетте, бул поэмада менин кемчиликтерим, кетирген каталарым да бар болушу мүмкүн. Калк өзү тараза демекчи ал жагын эл өзү таразалап алар. Андыктан, алдын ала кечирим сурайм.

Азыркы учурда элин эмес өз керт башын ойлогон, кызыл кекиртек үчүн элин-жерин тоногон, алтындан кымбат кыргыз жерин каалаганга өз билемчесинен саткан кээ бир жетекчи сөрөйлөргө зээним абдан кейиди. Андан улам келээрки муун ээлери болгон жаштарыбызга, Мекен сакчыларыбызга, болочок жетекчилерибизге аз да болсо пайдасы тийип калар бекен деген ойдо ушул чыгарманы жаратууга аргасыз болдум. Бул чыгармадагы баш каарман – хан Кубатбек, бейиштей болгон кыргыз жерибизге көз арткан жуңгар, калмактарын мизин кайтарып, уруу-уруууга бөлүнүп, чачыранды жүргөн кыргыздарга ченемсиз салыктарын салып турган Кокон ордо хандыгына каршы чыгып, кыргыздардын эч кимге баш ийбес эркин элдигин таанытa алган. Хан Кубатбектин даанышмандыгын, тайманбас баатырдыгын, улуу аскер башчылыгын эске алып, кийинки кезде Кытайдын Цин империясы, Бухара эмирлиги жана Кокон хандыгы аны менен эсептешпей туруп, өздөрүнчө иш кыла алышкан эмес. Бирок хан Кубатбектин ошол эле Кокон ордо хандыгында, Бухара эмирлигинде, Цин империясында зоболосу көтөрүлүп, эл ичиндеги кадыр-баркынын артып кетиши аларды бир топ чочутчу болду. Өз бийлигинен ажырап калуу коркунучунан (шексинүүсүнөн) улам, ошол кездеги Кокон ордо хандыгынын башчысы Эрдана бий жана анын жан-жөөкөрлөрү тарабынан кандай гана жол менен болбосун, Хан Кубатбектин көзүн тазалоо пикири пайда болот. Кийинчерээк алар, ал оюн Хан Кубатбектин ишенчээктигинен кара өзгөйлүк менен пайдаланып, кыянаттык менен жүзөгө ашырышкан.

Албетте бул трагедиялуу окуя, жүрөгүндө аз да бол-

со мээримдүүлүк, адамгерчилик туюу сезими бар ар бир окурмандын жан дүйнөсүн оорутпай койбойт. Хан Кубатбек жөнүндө улуу муундагы тарых барактарын бир топ чукул барактаган окумуштуу агайларыбыздын да китептин кийинки беттеринде баяндап өтөбүз.

***Урматтуу окурман!***

Бул чыгарманы жазуудан негизги максатым:

- Өзүмчүлдүк жана карасанатайлык менен ооруган кишилердин өз элине, ата-мекенине болгон сүйүү сезимдери салкын болоорун, анын кесепетинен эл-жерине келтирген пайдасынан зыяны бир топ көбүрөөк экенин;

- Андай кишилер байкап же байкабай туруп өз элине, киндик каны төгүлгөн ата-журтуна, ата-мекенине кыянат да кылып коёрун калың калкымдын эсине сала кетүү.

Албетте, өз тарыхында эчендеген кылымдарды карыткан элибиздин, окурмандарыбыздын, келечек ээлери болгон жаштарыбыздын арасында - тарых барактарында орчундуу из калтырган, өз элинин биримдигин, ынтымагын, тынчтыгын сактай алган, бир карыч Кыргыз жерин ички жана сырткы душмандарга алдырбоо үчүн, өмүрүнүн акырына чейин күрөшкөн, керек болсо керт башын сайып, душманга каршы тик турган хан Кубатбек бабабыздай баатырлардан, даанышман кишилерден уучубуз куру эместигин өз элиме ишеним менен айткым келди.

**Нуралы АБДЫРАХМАНОВ,**
**Кыргыз Республикасынын Улуттук Жазуучулар,**
**Орто Азия Жазуучулар жана**
**тарыхчылар союзунун мүчөсү.**

# ЖҮРӨКТӨН ЧЫККАН ОЙ ЧАБЫТ



"Улуулардын даңкы болбой, өсөр элдин баркы болбойт" - дегендей, өткөн бабаларыбыздын бараандуу жолуна баам салганга, алардын атпай кыргыз үчүн кыл чайнашып, эчендеген зор империялардын азуусунда чайналбай, ажыдаардын алкымында туруп, кашык канын аянбай кармашкан эрдиктерин эстегенге, алардан үлгү алганга, азыркы күндө келечек ээлери болгон жаштарыбызга зор мүмкүнчүлүк түзүлүп жатканы, кишини кубандырбай койбойт.

Тополоңу тоз түшкөн, ала сапырык замандарда кыргыз-деп, кылкылдата туу кармап, журт намысы үчүн жулунган суудай ашыгып, кастарын тиккен жоо-душманды кабыландай качырган, ак калпак элдин азаттыгын талашкан баатыр бабаларыбыздын бири, өз заманында жалпы Анжиян кыргыздарынын ажосу аталган, кол башчы болуп таанылган Хан Кубатбек болгон.

Хан Кубатбек XVlll кылымда жашап өткөн, кыргыз мамлекетин түзүү үчүн күрөшкөн көрүнүктүү, улуу тарыхый инсан. Ал, ойрот-жунгар баскынчыларына каршы күрөштө Кокон хандыгы менен тыгыз ымала түзүп, бириккен көп улуттуу кыргыз аскерлери менен бирдикте калмактарды Фергана өрөө-

нүнөн сүрүп чыгарган. Андан соң, чачкын жүргөн кыргыз урууларын башын бириктирип, эл-жерди тышкы душманга табын кылбай коргоо үчүн, кыргыздардан улуу аскер кураган. Букар эмирлиги жана Кокон хандыгынын башчылары менен тең ата деңгээлде сүйлөшкөн. Атүгүл, Иран падышасы менен ич ара кат алышып турган.

Кубат бийдин тушунда кыргыздар жашаган аймакка, алыс-жуук душман батынып кире алган эмес. Өз убагында, Кубат бийдин атак-даңкын, баатырдыгын таанып, Букар эмири аны, расмий түрдө кыргыз "Ханы" - деп, жарыялаган. Кубат бий түндүк-түштүк кыргыздарынын гана башын бириктирбестен, кашкар кыргыздарын да жоо душмандан коргогон. Кашкар кыргыздары эки ирет өздөрү суранышып, эки ирет аны өздөрүнө аким кылып, шайлап алышкан.

Расмий түрдө Бахадур бий аталган Кубатбек мырза, жалпы Ферганանын падышасы аталаган. Анын, аброй-атагына ичи күйгөн ошондогу Кокон ханы – Эрдене, арам оюн ишке ашыруу максатында Кубат бийди алдап, ордого чакырып, көзүн тазалаган. Бул касирет, жалпы кыргыз үчүн таянган тоосу кулагандай эле оор кайгы болгонун:

"Кубатбек өлдү кут өлдү, Атпай кыргыз журт өлдү. Түндө чыкчу айыбыздан, Күндүз тийчү күнүбүздөн айрылдык!"- деген элдик кошоктун саптары ырастап турат. Тарыхый булактарда, Ош-Алай аймактарынын бийи - Алымбек датканын чоң атасы Ажы бийдин Кубатбек кайтыш болгондо айткан "Кокондон коргоор Кубатым, эми ээн калды бир башым" деген арманы сакталып калган.

Тарыхый маалыматтарда, Кубат бийдин дүйнө-

дөн өткөндүгү, анын сөөгү кай жерге коюлгандыгы тууралуу ар кандай божомол пикирлер айтылып келет. Бирок, чындыкка жакыны 2013-жылы Республикалык тарыхый музейде өткөн илимий практикалык конференцияда чыгып сүйлөгөн "Азаттыктын" жетекчиси-Эсен Нурушевдин айткандары чындыкка жакын болуп, менин атамдын айткандары менен дал келип турат.

Эрдене бий кыргыз жерлерине көз артып, өз аймагын кеңейтүүнү эңсеп жүргөн. Бирок, Кубат бийдин көзүн тазаламайынча, кыргыз жерине батынып кирип, салык салып туруу мүмкүн эместигин билген.

Кубат бийди айлакерлик жол менен Кокон ордосуна чакырып, кутум уюштурганда, Кубат бийдин эки жигити жарадар болгон кол башчысын ордодон ала кача чыгышып, Сере жайлоосуна бара жаткан жердеги арчалуу токойдун арасына, эч бир кишиге билдирбей жашырышкан. Ошол жер илгертен Жолборс-Ата мазары аталат. Бирок, ал жерде көзгө урунган мазар жок. Ошентсе да, азыркы күнгө чейин ал жерге барып, кыргыздар түлө өткөрүп, куран окуп турушат.

Менин атамын айтуусу боюнча, Кубат бий ар дайым соот кийимин кийип жүрчү, жигиттерине эгер мен кайтыш болсом денемди жашыргыла, сөөгүмдү кордоп коюшпасын деп айтып жүргөн. Менин өлгөнүм тууралуу эч ким билбесин, туугандарым ыйлабасын - деп катуу эскерткен. Анткени, анын кайтыш болгонун душмандары билсе балдарын, туугандарын өлтүрүп, жалпы кыргыз элиме да кордук көрсөтүшпөсүн - деп этияттанган экен.

Кыргызды көчүп жүрүп башкарган, бөтөн кас-

душмандардан сактаган Кубат бийдин сөөгү Ноокенде, Алайда, Таласта коюлган деген божомолдор анын, чыныгы баатырдыгынын, адилет, камкор кол башчылыгынын артынан болсо керек. Албетте, мен бул тууралуу эч ким менен тартышкым келбейт. Анткени, Хан Кубатбек бир уруунун, бир улуттун же бир аймактын баатыры эмес. Ал, бүтүндөй көп улутуу кыргыз элинин, кыргыз журтчулугунун баатыры - деп билемин!

Кубат бийдин кыргыздардын тарыхында кандай орду бар экенин ондогон жазма булактардан байкасак болот. Аны, атактуу Чокон Валиханов, орус изилдөөчүлөрү И.Андреев менен П.Иванов, Цин империясынын документтери "Кыргыздын көрүнүктүү саясий ишмери, элдик кол башчысы, журт атасы" катары аташкан. Кокон хандыгынын, Букар эмирлигинин архивдери, ордо документтеринде ал, Кубат Бахадур бий аталат.

Кубат бий тууралуу 1987-жылы жазуучу Касым Кушубековдун "Улуу тоого чыккан барбы" тарыхый романы чыккан. Кийинки жылдары, жазуучу Кушубек Качибековдун санжыра китептеринде, алардын ичинде Бүргө баатыр, Сатыкей баатыр жөнүндөгү изилдөөлөрүндө ар тараптуу кеп болот. 2016-жылы жазуучу Суранчы Жетимишов "Хан Кубатбек" тарыхый романын чыгарды.

Кубат бий жөнүндө тарыхый маалыматтар орто мектептердин тарых сабактарында окутулуп жатат. Ноокен районунун борборунда 2014-жылы элдик демилге менен Кубат бийдин урпактары анын, чакан эстелигин орнотушту.

Жаштарды атактуу бабалардай өз мекенин сү-

йүгө, Ата Журтка кызмат кылууга тарбиялоо жана мекенчил сезимдерин өстүрүү максатында Кубат бийге арналган иш чаралар, илимий практикалык конференциялар 2013-жылы борбор калаа Бишкектин Республикалык тарыхый музейинде, 2015-жылы Таластагы Манас ордо комплексинде, 2017-жылы Ноокен районунун администрациясынын чоң залында “ Кубат бий кыргыз элинин XVlll кылымдагы эң көрүнүктүү саясий ишмери жана аскер башчысы” аттуу республикалык конференциялар өткөрүлдү. Ал конференцияларда Кубат бий кыргыздардын бир уруусунун, бир аймагынын гана уулу, баатыры эмес өз мезгилинин саясий ишмери, аскердик жол башчысы, бүтүндөй кыргыз элинин тарыхый улуу инсаны болгону жөнүндө тыянактар чыгарылды.

Бүгүнкү күндө Кубат бий жөнүндө кара сөз менен жазылган роман, повесттерге дагы бир дастан-ыр түрүндө жазылган чыгарма кошулуп, окурмандарга тартууланып жатканы бизди кубандырат.

Бул дастан поэманы жараткан Нуралы Абдырахманов Ноокен районундагы Сакалды айыл өкмөтүнө караштуу “Чоң-Багыш” айылынын кулуну. Учурда, районубуздун эң көрүнүктүү акын-жазуучусу. Ал, акын катары өзү туулуп өскөн айылын, районун, мекени Кыргызстанды, чокусу көк тиреген ак мөңгүлүү Ала-Тоону, бейиштин төрүндөй болгон жергебиздин кооз жаратылышын, ага болгон сүйүүсүн, жүрөгүнөн оргуп чыккан лирикалык ырларын окурмандарга тартуулап, эл таразасынан өткөн акын болду. Кийинки кездерде Нуралы Абдырахманов кара сөздү жандап, проза жазчу болду.

Нуралы Абдырахманов чыгармачылыкка кечи-

рээк, 50 жаш сересинде келгенине карабастан “Жаз мезгили”, “Күмүш таң”, “Алыста калган издер” деген ыр жыйнактары элибизге тартууланды. Бүгүнкү күндө анын төртүнчү китеби, “Хан Кубатбек” деген аталышы менен ушул биз жогоруда сөз кылган Хан Кубатбек жөнүндө жазылган поэмасы менен чыгып, окурмандарга тартууланып турганы бизди өтө кубандырды.

Союз мезгилинде элибизге белгилүү болгон чыгармачыл инсандар Эсен Нурушов, Мажит Каримов, Ырысбай Абдраимов, Бүрайма Раимбекова, Мубара Абдулатиповалардын катарын толуктап турганы районубуздун сыймыгы катары баалаймын. Нуралынын лирикалык чыгармаларын, элин, жерин, мекенин сүйүүгө арналган, апалардын ак эмгегин даңктаган, адеп, намыс, ак эмгекке чакырган ыр саптарын окуганда көрөңгөсү бай, жараткан кудурет өзү колдоп келе жаткан ыр ышкысы терең акынды элестетем.

Нуралы, Кыргыз Республикасынын Улуттук Жазуучулар Союзунун мүчөсү, ал эми, ушул жылдын же 25.02. 2020-жыл күнү “Яңги Овоз” Орто Азия Жазуучулар жана Тарыхчылар Союзуна мүчөлүккө кабыл алынып, өз окурмандарын жана күйөрмандарын дагы да кубандырып отурат.

Нуралы иним, Дооронбек агаңдын жолун жолдоп, Кыргыз элине белгилүү акын болушуңду тилеп, сага чыгармачылык албан ийгиликтерди каалаймын!

**Абдрахман ИСАКОВ,**
**Ноокен райондук “Аван Кулумбетов” атындагы тарыхый этнографиялык музейдин директору.**



**П.И. Иванов – Чыгыш таануучу:** "Андижанский кыргыз, из племени Кутчу Кубат бий одним из выдающихся политических деятелей ll половины XVlll века и он был военноначальником в распрях жоджей";

**Чокон Валиханов – казактын чыгыш таануучу окумуштуусу:** "Кубат бий Анжияндык кыргыздардын ири жол башчысы болгон"

# КУБАТ БИЙ

Он сегизинчи кылым башында,
Айтылуу Ноокен айылында.
Атадан урпак башты улап,
Алтындай өмүр жашты улап,
Төрөлөр кезде Хан Кубат,
Кудайдан кыргыз эл сурап,
Капилет тоодон таш кулап,
Жанчылды калмак эл чунак.

Тарыхка салсам саресеп,
Теңирдин күчү керемет.
Бүт аалам тегиз жаркырап,
Кылымга тете шаңды улап,
Кыргызга куттуу таңды улап.
Боорунда Ноокен тоолорун,
Кең жайык желке, бүркүт төш,
Төрөлдү баатыр Хан Кубат,

Эл керекке жараган,
Эл душманын айдаган.
Кубаттуу бала болсун деп,
“Кубат” деп атын атаган.
Жаратканга эңилип,
Жолборстун төшүн жедирип,
Жүрөктүү бала болсун деп
Атасы Калча самаган.

Арадан эчен жыл өттү,
Ашыгып мезгил тең өттү.
Көп ичинде сыналып

Бой келбети чыңалып,
Кубатбек баатыр тың өстү,
Жолборс жүрөк, бүркүт төш,
Айтсын түмөн кыргыз эл,
Андан бөлөк ким өстү?

Акыйкаттын жарчысы,
Анжиян кыргыз башчысы.
Ислам динин тараткан,
Кожолор олуя санашкан,
Акыл эстин тунугу,
Аксакалдын улугу.
Кыргыздан баатыр аталган,
Калча бий кетти катардан.

Элдин алып батасын,
Жолун улап атасын.
Он сегиз жаш куракта,
Кур байланып белине,
Бий шайланып элине
Кутчудан чыкты бир баатыр.
Калмак душман аны уккан,
Кармана түштү жакасын.

Эч кимге баш ийбеген,
Эл десе намыс бербеген.
Андижандык кыргыздан,
Кошун жыйды миңдеген.
Кеңешип чечип ар ишти,
Жөнү жок жатка тийбеген.
Катары түмөн кошунду,
Кубат хан баатыр бийлеген.

Колуна алып бийликти,
Кубат бий ишке киришти.
Жыйнады кошуун өзүнчө,
Калмак душман көзүнчө,
Кыпчак, багыш, чоң багыш,
Кутчулардан көбүнчө.
Улуу максат жолунда,
Биримдик туусун тигишти.

**Мадумар
сараңдын атасына
аш бериши**

Чабарманын чаптырып,
Ашка кабар айттырып.
Чалкып жаткан жайыттан,
Союштугун алдырып.
Ашты тойго айлантты,
Арык болсо калтырып.
Тойго келчү бектерге,
Берерге белек таптырып.

Фергана өрөөн чегинде,
Анжиян жака белинде.
Атагы алыс дарыган,
Байлыгына маарыган.
Мадумар сараң аш берди,
Атамдын ашы деп коюп.
Аябай малын көп союп,
Түштүктүн жылуу жеринде.

Тойго түмөн эл келди,
Төрө пейил бек калды.
Сөөк-тамыр калбады,
Жакшы-жаман тек келди.
Белине бекем кур туткан,
Берген сөзүн туу туткан.
Түштүк кыргыз башчысы,
Хан Кубатбек эр келди.

Бүгүн элим билсин деп,
Капарына илсин деп.
Мадумар сараң ачылды,
Күн нурундай чачылды.
Катар-катар тигилди,
Бир конокко бир боз үй.
Калбаганы билинди,
Миң боз үйдөн бир бош үй.

Жалкоолоруң оңбосун,
Чеки жериң болбосун.
Карап чыгып ар үйдү,
Конок башы оңдосун.
Жигиттерге ошентип,
Мадумар койду талапты.
Өзгөлөргө ишенбей,
Өздөн сакчы каратты.

Керней-сурнай тартылып,
Кең талаа тегиз жаңырды.
Көк асман жаркып ак булут,
Келгендин жарпы жазылды.

Кыз-келиндер жадырап,
Жаз гүлүндөй ачылды.
Жумшак кыял жигитке,
Жибектей сезим кабылды.

Очогунда чай кайнап,
Казанында эт кайнап.
Оюн, күлкү тамаша,
Ошол тапка жараша.
Жаагы жанган ырчы-акын,
Баарын байкап турчу акын.
Байды мактап ырдады,
Сараң жагын айтпады.

Мактоолорго мас болуп,
Мадумар сараң март болуп.
Чокчо сакал ырчынын,
Алдына жылкы байлатты.
Жаасын таамай атканга,
Эр сайыш жеңген балбанга.
Соорунуна бермекке,
Ай кашка тулпар жылкы айтты.

Үч күн катар аш берди,
Бергенде да март берди.
Соорундукка аябай,
Төө баштаган алдына,
Тогуз жылкы баш берди.
Атагым алыс кетсин деп,
Ай-ааламга жетсин деп,
Мадумар түлкү карт берди.

Чокчо сакал кара ырчы,
Эшик ырчы, чала ырчы.
Өрмө кайыш жүгөндүү,
Эр токуму түгөлдүү.
Ай кашка атты жетелеп,
Ортого чыкты бир кезде.
Эр сайышка белендеп,
Эр жигитке берем деп.

Соорусу кең сыягы,
Сүйрү келген туягы.
Как маңдайы кашка атты,
Көп жылкыдан башка атты.
Кандай баатыр жеңет деп,
Намыс коргоп берет деп.
Көп жигитке көз таштап,
Калың элде баш катты.

Жергиликтүү элиңден,
Анжияан кыргыз тегиңден,
Эр сайышка тайманбай,
Эси таныл жыгылбай.
Чокчо сакал кара ырчы,
Чыкчу жигит барбы? - дейт.
Же кыргыздын кашайып,
Баатырлыгы калппы? - дейт.

Анжиян беги Ырыскул,
Ар ишке бекем, бышык бул.
Эр сайышта көп жеңген,
Бул сайышка төп келген.

Кол жигитин чыгарды,
Ала келген өз жерден.
Ага теңдеш жок турат,
Жергиликтүү көп элден.

Намысына чыдабай,
Майып турду элет эл.
Кордолууга ынабай,
Кейип турду эчен эл.
Ал аңгыча козголду,
Букара жалчы тараптан.
Күбүр-шыбыр үн чыгып,
Баатырын айтып бараткан.

Эр сайышка чыгууга,
Эл намыска туруугa.
Жанындагы кишиден,
Ат сурады Талип кул.
Тизгинден алып каруугa,
Бат сурады карып кул.
Атын бербей кашаят,
Атаңдын көрү жарык бул.

Эр сайышка чабынган,
Эл Талипти колдоду.
Жалгыз атын аянган,
Атын берген окшоду.
Кылыч миздүү, курч мүнөз,
Кул Талип намыс коргоду.
Намысын төгүп аларда,
Эл ишин кудай оңдоду.

Кыйын жигит экен деп,
Кийип алса экен деп.
Эр сайышта кийилчү,
Соот кийим белендеп.
Аламан эл берди эле,
Баатыр аны ыргытты,
Болбогонду койгула,
Батаңар мага керек деп.

Батасын берди букар эл,
Бул баатырга кумар эл.
Жазгануууну билбеген,
Коркуу эмне сезбеген.
Теги таза кул эмес,
Баатырдыгын байкады.
Булчуң, этин көргөндө,
Чабдар атка көнгөндө.

Көйнөкчөн чыкты жарышка,
Кабылан Талип сайышка.
Канталап көзү кызарган,
Каары катуу кол жигит.
Талип кулуң кантет деп,
Карап турду ыраактан.
Жылаңач кулуң, бечелди,
Адебин берет экем деп.

Атаандашын жек көргөн,
Эр сайышты көп көргөн.
Ырыскулдун кол жигит,
Жылаңач кулду теңсинбей,

Теңир эстен бөксөрткөн.
Эл намысын коргойм деп,
Кор турмушту оңдойм деп,
Талип кул оюн өзгөрткөн.

Кара ырчы жар салды,
Мына сайыш башталды.
Атка, башка сайыш жок,
Эреже сайыш такталды.
Тобурчак менен Чабдар ат,
Аптыгып алга талпынат.
Ат үстүндө баатырлар,
Найзасын колдо каккылап.

Ырыскулдун кол жигит,
Ою кыска кор жигит.
Түркөй кулду теңсинбей,
Түшүрө салып найзасын.
Өзүн кууп тепкилей,
Кетирем деди мазасын.
Бирок андай болбоду,
Кулду Кудай колдоду.

Кайра сайыш башталды,
Кул найзасын так салды.
Кийген соот жыртылып,
Кол жигит уча жаздады.
Өлмөк соот болбосо,
Кулдун жарып найзасы.
Оңдолгуча тим койбой,
Кайра саймак башкасы.

Кул антпеди тек койду,
Кандай баатыр деп койду.
Коркуу сезим ойготуп,
Көөдөн төрүн жеп койду.
Калтырап эки илеби,
Кубара түштү ireңи.
Дегендей болду ичинен,
Шашпай тур сени элеби.

Жаңы найза алганы,
Кайра сайыш салганы.
Чабдар аттуу канатчан,
Талип аста бараткан,
Найза сунду кол жигит,
Наадандарча калам таң.
Антпегин акмак дегенсип,
Айкырды эл тараптан.

Калыстар карап чыр ишти,
Жаңыдан берди сунушту.
Эскертүү берип экөөнө,
Эстерин эки кылышты.
Кул Талип эмне кылды эле?
Кайсы айыпка сынды эле?
Мадумар неге жагданып,
Кол жигит деп тырышты.

Бардык иш артка ташталды,
Эр сайыш кайра башталды.
Кул жигит менен кол жигит,

Бирине-бир ташталды.
Как төшкө көзөп найзасын,
Кол жигит ойлоп башкасын.
Өлтүрө сайсам экен дейт,
Жүрөк туш, өпкө, жанбашын.

Ойлогон ойго жете албай,
Кул жигит эрди жеңе албай.
Азапка түштү кол жигит,
Байгесин жеңип кете албай.
Жеңилип калчу түрү бар,
Жемишин күчтөп чече албай.
Жеңилээр такыр түрү жок,
Ойлогон кул, бечелбай.

Эки тизгин бир чылбыр,
Бири баатыр, бир шылбыр.
Эрөөл сайыш талаада,
Кол жигит ойлоп арамды.
Өрөпкүгөн бир кулду,
Өлсө элге бир пулду.
Атка сайып өлтүрүп,
Чечем деди санаамды.

Эсир оюн аткарып,
Эр сайышта ат сайып.
Кул жигитти кулатып,
Ырыскулду кубантты.
Эрежени буздуң деп,
Эч ким салбай суракты.
Кошоматчы Мадумар,

Байгесин байга узатты.
Талип кул ага чыдабай,
Ал чечимге ынабай.
Арамза оюн таштаган,
Кол жигитке үңүлдү.
Катынча оюн баштаган,
Кор жигитке түңүлдү.
Кайра чык деп сайышка,
Аны карай жүгүрдү.

Жигиттер аны карма деп,
Кол-бутунан байла деп.
Жетип келип Мадумар,
Тээп кирди кайда деп.
Ал жөнүндө майдалап,
Айта берсең анча кеп.
Жер челе Талип жыгылды,
Айтарга келбей башка кеп.

Эл артында козголбой,
Чөгүп турду Кубат бий.
Болгон ишти болгондой,
Көрүп турду Кубат бий.
Каарын кара булуттай,
Төгүп турду Кубат бий,
Ээн баштар токтот деп,
Сөгүп чыкты Кубат бий.

Кул жигитке көз салып,
Карап турду Кубат бий.
Жакын келип сөз салып,

Атың ким?,- деп сурап бий.
Баш байгени Мадумар,
Бергин десе баатырга.
Колун төшкө куушуруп,
Куп болот дейт сараң бий.

Анан дагы сөз айтты,
Сөз айтса да төп айтты.
Бул жигит эми кул эмес,
Талип баатыр деп айтты.
Бирин-бири басынткан,
Кыргыз деген эл болбойт.
Жер-жерлерге бөлүнсөк,
Кыргыз мекен жер болбойт.

Уруу-уруу бөлүнсөк,
Кыргыз улут тек болбойт.
Эл керекке жарабас,
Өз элине бек болбойт.
Эсиргендер дүйнө деп,
Элдин мүлкүн жеп тойбойт.
Арам тамак арамза,
Өзүн актап кеп козгойт.

Деди дагы Кубат бий,
Атын артка бурат бий.
Айкашканы баатырга,
Алып кел, - деп турат бий.
Эми канча алы бар,
Кошоматчы Мадумар
Түлкүдөй кыпчып куйругун,

Аткарды бийдин буйругун.
Ырыскул бек баш болгон,
Мадумар сараң каш болгон.
Куш келиңиз баатыр деп,
Айтканыңыз ырас деп.
Таазим этип турушту,
Калганы да макул деп.
Кубат бийден сүрдөгөн,
Кимден чыкмак акыл кеп.

Кубат бийди эр Талип,
Алгачкы жолу көрдү эле.
Байге сендик деп айтса,
Эреркеп анан көндү эле.
Кайыптан Кудай бергенсип,
Кубат бий жоктоп келгенсип.
Эр Талип турду кубанып,
Эңсеген ойго жеткенсип.

Жылаңач баатыр аталып,
Байгеге тулпар ат алып.
Талип кул жүргөн учуру,
Кубат бий кылып аталык.
Ай кашка болуп мингени,
Ак калпак болуп кийгени.
Кулдук кез кетип илгерки,
Булгаары чапан илгени.

Кубат бий баалап эрдигин,
Кызматка баатыр теңдигин.
Жан сакчы кылып алды бий,
Жал жүрөк теңсиз кеңдигин.

Кубат бийдин тиреги,
Ар иште дайым зиреги.
Жылаңач баатыр бактылуу,
Орундап ой, тилеги.

Ай кашкасын алдырды,
Ары-бери чаптырды.
Табына чыксын тулпар деп,
Абайлап аны бактырды.
Булгаары тизгин өрдүрүп,
Күмүштөн ооздук салдырды.
Жамандан алыс болсо деп,
Төшүнө тумар тактырды.

## Кокон ордо башчысы Эрдене бий менен түштүк кыргыздардын башчысы Кубат бийдин биримдиги жана анын ыдырашы

Кокон ордо хандыгы,
Бухар эмир бардыгы.
Арга кеткен байкуштар,
Калмактардан аянды,
Биримдикке кол сунуп,
Кубат бийге таянды.
Аскер башчы, даанышман,
Кабыл алды жаманды.

Кубат бий менен Эрдене
Бириккен кезден шардана,

Калмактын жолу тосулуп,
Өргүдү өрөөн Фергана.
Өкүмүн сүрүп тынчтык кез,
Өрүшүн жазды кең талаа.
Анжиян кыргыз башчысы,
Кубаттан кетти сарсанаа.

Оро-Төбө аймагын,
Пазыл бий ээлеп турганда.
Ойлоп бөлүп алмагын,
Биримдик салды салмагын.
Бухар аскер батыштан,
Кыргыз, Кокон аскери,
Кол салышты чыгыштан,
Өкүмдүгүн курганга.

Кечээки Талип жылкычы,
Самтыраган кырмычы.
Жылаңач баатыр аталып,
Сан жигиттен тың чыкты.
Кубат бийдин ал бүгүн,
Жан жигит да, тыңчысы.
Кошун толгон баатырдан,
Бир топ эле мыктысы.

Мына эми тез келди,
Келгенде да эп келди.
Баатырдыгын көрсөтөр,
Эр Талипке кез келди.
Кең өзөнгө батпаган,
Кумурскадай жайнаган.
Кошуун келди, эл келди,

Кубат бий өзү жыйнаган.
Көп кошунда айла бар,
Кылкылдаган найза бар.
Намыс үчүн эр жигит,
Жанын берер жай да бар.
Эркиндигин улуттун,
Элим кантип унутсун.
Кыргыз деген жашынбайт,
Саясына булуттун.

Ак боз атын туйлатып,
Оңго, солго чуркатып.
Кошуун сапка тургуча,
Күтүп турду хан Кубат.
Айтар сөзүн кошунга,
Бүтүп турду хан Кубат.
Эркин учкан шумкардай,
Учуп турду хан Кубат.

Кан согуштан качпаган,
Миң кошунду баштаган.
Кенжетай келип акырын,
Ашыкпай жыйнап акылын.
Хан Кубатка билдирди,
Болгон иштин бардыгын,
Кошун сапка тизилип,
Бүткөндүгүн, жатыгын.

Анда чыгып хан Кубат,
Көп кошунга кеп сунат:-
Баатыр болсоң, эр болсоң,

Ар-намыска бек болсоң.
Тууганга жардам берели,
Түбү тууган эл экен,
Кокон хандык жер экен,
Жардам бербей нетели.

Маргаланда көп деди,
Күңгөйүнөн тескейи.
Табы тийбей башкага,
Түнөргөн күнү, кечтери.
Наадандык эмей эмине,
Бир тууган коңшу элине.
Ырыскул менен Хаким бий,
Кол сунбай качып кеткени.

Оро-Төбө аймактык,
Пазыл бий деген түгөнгүр.
Өз ордунда тынч жатпай,
Фергана жолун бүтөптүр.
Ыркка келбей ыгы жок,
Ырылдаптыр, күчөптүр.
Аны билген Эрдене
Оттой жанып түтөптүр.

Эр жигит жатып алабы?
Элден чыгып калабы?
Кыйын бир кезде кубаттап,
Эрдене бийге баралы.
Обу жок ушул Пазылга,
Оюнду кызык салалы.
Этегин жерге тийгизбей,

О дүйнө кууп калалы.
Бүтөлгөн Бабур бабанын,
Конушун оозун ачалы.
Калтырбай айтып ар жагын,
Кенен бир жагын, ак жагын.
Кыбылага кол сунуп,
Кылыч миздүү кошунга.
Кубат бий берди батасын,
Колдо деп Алла Таалахым.

Аңдыган душман айтпайбы,
Ар башка ураан айтпайлы.
Эскини артка калтырып,
"Долон" деп ураан чакырып.
Көк асаба туу менен,
Добулбас уруп чуу менен.
Кана эмесе баатырлар,
Кошунду алга баштайлы.

Жараткан өзү колдосун,
Жарабас душман оңбосун.
Арам ою ишке ашпай,
Жаман Пазыл боздосун.
Деген түрдүү ой менен,
Батышка барчу жол менен.
Кубат бий алга баратат,
Жер жайнаган кол менен.

Келген кошун жапжаңы,
Хан Кубатбек баштагы.
Дүрбү менен караса,

Көрүнбөдү арт жагы.
Катар-катар саптары,
Кең өрөөнгө батпады.
Кокту-колоң, өзөндү,
Ат туягы таптады.

Күн күлүп, нурун тараткан,
Күн жүрүш ошол тараптан.
Коконго жакын айыл бар,
Кыргыз эл жашап келаткан.
Дал ошол кыргыз айылга,
Дил жүрөк жакын тамырга.
Көп кошуун келип токтоду,
Кеңешип келип акылга.

Коштогон кошуун арт жагын,
Кубат бий келип калганын.
Кокон хан ордо укту бат,
Канатын кыргыз жазганын.
Күткөнү көктөн түшкөндөй,
Көргөнү чындай, түш көрбөй.
Эрдене келди кубанып,
Кылымга достук бүткөндөй.

Наманган элдин тегиндей,
Маргалан жердин бегиндей.
Баш ийип такыр келбесин,
Башкага намыс бербесин.
Эрдене эчак түшүнгөн,
Кушчу Кубат бек тегин.
Андыктан ага барды өзү,

Көп ойлоп келер эртеңин.
Асемдеп чатыр тиктирип,
Көк асаба илдирип.
Кубат бийди өзүнчө,
Кошуунду катар көбүнчө.
Коноктоп жатты Эрдене
Кең жайыт талаа өрүштө.
Кубаттын баркы болбосо,
Эрдене барбас бул ишке.

Кыргыздын каада-салттарын,
Кымбатын, наркын, барктарын.
Көп көргөн байкуш Эрдене
Ак туяк союп тартканын.
Кубанып ичтен тууганга,
Кубат бий байкап турду анда.
Кылганы дилден чын болсо,
Куу Эрдене утту анда.

Эс алган ошол жеринде,
Күн кыялап бешимде.
Элүү башы, жүз башы,
Кенжетай баатыр миң башы.
Кубат бийди коштогон.
Тубай бий менен эр Талип,
Эрдене бий тараптан,
Билермандар ондогон.

Жети өлчөп, бир кесип,
Эки кошуун бирлешип.
Бир пикирге токтошту,

Максатыбыз бир дешип.
Ийри отуруп, түз кеңеш,
Ар бири айтып ой кеңеш.
Эки кошун бириксе,
Эч бир душман жүз келбес..

Кубанганда кучактап,
Куу түлкүдөй бултактап.
Кези келсе Эрдене
Кетерин арттан бычактап.
Азыр деле кылтактай,
Арада бир сырды ачпай.
Аңдап турат Кубат бий,
Жүргөндүгүн чынды айтпай.

Ошол күнү Эрдене
Кубанып да шаңдана.
Ар кошундан элчи алып,
Кубат бийди теңди алып.
Рахим бийге барышты,
Колдон салам алышты.
Колдон сылап башкалар,
Рахим бийге жагышты.

Кубат бий анте албады,
Капшыра колун кармады.
Көкүрөк кере тик өттү,
Каарынан түк жанбады.
Жан жигити Талип да,
Ийилип башын салбады.
Капарына түк илбейт,

Кубат бийден башканы.
Улуу конок баркы деп,
Фергана элдин наркы деп.
Рахим бий тосту конокту,
Келгенге айтып жакшы кеп.
Каныбыз да дилибиз,
Жалгыз ислам динибиз.
Жөлөктөшүп жүрсөк дейт,
Бирибизге-бирибиз.

Рахим бий жыйып акылын,
Алдыга басып акырын.
Эрдене бийден сурады,
Ким болду деп айткынын.
Кашайтып жанды кол кыскан.
Кер мурут тиги баатырың?
Кенебейт такыр өзгөнү,
Ким экен деги өз жөнү?

Асмандагы жылдыздын,
Аруулуктун, чындыктын.
Падышасы дал ушул,
Атпай жаамы кыргыздын.
Кең коктуга батпаган,
Көп кошунду баштаган.
Көк жал Кубат нак ушул,
Кан согуштан качпаган.

Деп айтты анда Эрдене
Күлүп аста шардана.
Душманды кууп салганга,

Кол сунду бизге жардамга.
Ага ынанган Рахим бий,
Этеги жок залым бий.
Анда жакшы деп койду,
Эрденеге  жакын бий.

Баарына кулдук билдирип,
Рахим бий чатыр тиктирип.
Кызматта кара бир жигит,
Аткарар ишин тик туруп.
Түн жарымга жеткенде,
Денеден кубат кеткенде.
Эс алууга жөнөштү,
Коноктор жалпы бир туруп.

Төбөлдөр келип акылга,
Жатарга көрүп камылга.
Тик эле басып киришти,
Ар бири бирден чатырга.
Көкүрөк тушу ачылган,
Жибектей чачы жайылган.
Анда бир күтүп алышты,
Сулуулар жыттуу атырдан.

Эр Талип аял көрбөгөн,
Аймалап жүздөн өппөгөн.
Өпкөнү турсун деги эле,
Өрттөнүп жакын өтпөгөн.
Үлбүрөп кыздын көйнөгүн,
Үзүлгөн топчу күрмөгүн.
Эр Талип алгач көрөбү,

Ордо кыздын түнөгүн.
Эр Талип кирди чатырга,
Ордо кыз сулуу асылга.
Капарына алган жок,
Кабылан келсе жакынга.
Жактырбады деди окшойт,
Эр Талип кайтты артына.
Анда сулуу кеп айтты,
Токто баатыр шашылба.

Үлбүрөк көйнөк кийинген,
Кош алмасы билинген.
Ордо кыздын мүчөсү,
Тал чыбыктай ийилген.
Эки кара каштарын,
Маңдай жагы бириккен.
Кашка тийген кирпиги,
Калем менен чийилген.

Беш-бештен чачы өрүлгөн,
Белинен ылдый төгүлгөн.
Ай тамшанган жүзүнө,
Аргасыз көңүл бөлүнгөн.
Панардай жанган көздөрү,
Капкарадай көрүнгөн.
Мына ошентип бул жүрөк,
Миң жеринен сөгүлгөн.

Эси кеткен эр Талип,
Эт жүрөктөн эзилди.
Табына келип талпынып,

Ай кашкадай теминди.
Ансыз ушул кең дүйнө,
Алты карыш сезилди.
Ордо кызга онтобой,
Айтсамбы деп кебимди.

Ордо кыз да байкады,
Эр Талиптин кимдигин.
Асманына кол жетпес,
Айкөлдүгүн, кеңдигин.
Кылыч миздүү, курч мүнөз,
Чагылгандай тездигин.
Өмүр жолдош өзүнө,
Ошол жигит теңдигин.

Эки жүрөк табышты,
Эсеби жок кагышты.
Махабаттын көлүндө,
Кайыгы жок агышты.
Ошол түнү чатырда,
Жалгыз экөө калышты.
Майданында сүйүүнүн,
Ай батканча чабышты.

Каңырыкты как жарды,
Таң жарышып атканы.
Эр Талипти сапка деп,
Добулбасын какканы.
Жийде бурак жыттанган,
Жытына жүрөк муңканган.
Ок кабылган аккуудай,

Ордо кыз калып жатканы.
Анда акылдуу ордо кыз,
Адептүү сөз баштады.
Ою бузук жамандын,
Огунан аман болуңуз.
Кирсе кайтпас душмандын,
Жолунан аман болуңуз.
Кайрылып кире кетиңиз,
Капилет түшсө жолуңуз.

Кош болуңуз мырзам деп,
Талипке боюн таштады.
Канатым болсо учсам деп,
Тагдырга наалый баштады.
Көңүлүн кара кир басып,
Түнөрдү ачык асманы.
Эрчитип кетпей эр Талип,
Эсинен тана жаздады.

Эр Талип деген кыйын жан,
Эреркеп барып тыйынган.
Ордо кыз менен коштошуп,
Онтотту ушул кыйык жан.
Сак болсом эгер келем дейт,
Оопасыз ажал кыйындан.
Кармашкан колду үзө албай,
Каректен жаш кылгырган.

Сабына катар кошуундун,
Эр Талип келип кошулду.
Сакчылар уруп добулду,

Санаксыз кошуун чогулду.
А бирок кыргыз кошунга,
Уруксат бербей согушка.
Эсин жеген Рахим бий,
Бериптир арткы орунду.

Душман санын биле албай,
Дүрбү менен иле албай.
Дос айтканда тил албай,
Рахим бийден ал кетти.
Уккула деп аскерин,
Унутту айтар баш кебин.
Пазыл бийди жеңе албай,
Рахим бийден эс кетти.

Пазыл бийдин аскери,
Каптады кара булуттай.
Атчан түмөн жоокери,
Чабышка кирди бурулбай.
Кыргыйдай тийип артына,
Кайрылат кайра куюндай.
Рахим бийдин аскерин,
Кубалап изин курутпай.

Өзгөнү өзүнө теңебес,
Рахим бий да жөн эмес.
Жардам колун сунушту,
Кожомжар менен Кенебес.
Исмаил менен Бөрү бий,
Карап бир турчу эл эмес.
Алардын достук арасы,

Жетпеген ашуу, бел эмес.
Куу түлкүдөй кууланган,
Күндөгү суудай бууланган.
Пазыл бий митаам душмандын,
Айттырбай оюн туя алган.
Чагылгандай чакмактап,
Ачуусу келсе тие алган.
Шаштысы кетпей согушта,
Акыл-эсин жыя алган.

Канча кошуун келбесин,
Канча жардам бербесин.
Пазыл бийди Рахим бий,
Аңдады такыр жеңбесин.
Мадамин шайтан Гиссарлык,
Айтканынан кайтпасын.
Ал андыктан ойлонду,
Бухар амир, башкасын.

Кан төгүлгөн майданда,
Күн чалкалап калганда.
Ак боз атчан баштаган,
Кошуун кыргын салганда.
Алды артына карабай,
Пазыл бий качып калганда.
Карап турган Рахим бий,
Кыйкырып ийди аң-таңда.

Ким болду баатыр боз атчан,
Артында кошуун канатчан.
Жан сакчысы жанында,

Ай кашка минип бараткан.
Оро-Дөбө кошуунун,
Туш-тушка бөлүп тараткан.
Давлет бий айтчы батыраак,
Сабырым кетип баратам.

Кокон ордо сакчысы,
Ислам динин жарчысы.
Кадыры арткан кезинде,
Фергана өрөөн чегинде.
Калча бий баатыр атасы,
Кубат бий анын баласы.
Жанындагы эр Талип,
Жан сакчысы канаты.

Көк асаба желеги,
Ураань Долон тиреги.
Кайтпаган кандуу согуштан,
Кыргыздан кошуун билеги.
Бухар, Кокон тууганга,
Жардам берүү тилеги.
Кубат бий деген дал ушул,
Акыл-эстин зиреги.

Деп таанытты Давлет бий,
Башка эмне демек бий.
Аны уккан Рахим бий,
Бухарага амир бий.
Кубат бийдин тайманбас,
Эрдигине таң калды,
Жолборс жүрөк, бүркүт төш,

Шердигине таң калды.
Алыстан туруп карабай,
Айбыгып жүрөк канабай.
Кубат бий кирди согушка,
Алтындай жанын аябай.
Эр жүрөк ошол мүнөзү,
Кошуунду баштап бир өзү.
Өткөрдү четтен кылычтап,
Душманды нечен санабай.

Жеңилген душман айласыз,
Жемишсиз кайткан курак ай.
Пазыл бий ойлуу пайдасыз,
Ойлору чачкын ынабай.
Ай чыкпай түндө кечинде,
Асманы бүркөө кезинде.
Ой келди бир сезимге,
Мадамин шайтан кесирге.

Алоолоп ичте ич тардык,
Арадан чыкты Гиссарлык.
Мадамин шайтан өкүмдар,
Пазыл бий менен сырдашып.
Кубат бий, Бухар, Эрдана,
Биримдигин бөлүүгө.
Жеткирмек болду эмирге,
Жалган катты тың жазып.

Колго түшкөн кыргыздан,
Көп ичинен туткундан.
Атайын аны карматып,

Эки колун байлатып.
Койнунда шумдук кат,
Жалаа-жапаа жат менен.
Бухар эмир Рахимге,
Карматты куу кас менен..

Кыргыздын улуу затынан,
Эр Кубат бий атынан.
Пазыл бийге ушул кат,
Жазылды кылып калпынан.
Ал катта Кубат айтыптыр,
Эрдана бийден кайтыптар,
Бурулуп келип душманга,
Биримдик туусун сайыптыр.

Ал катты алган Рахим бий,
Ата теги залим бий.
Каарынан кар жаадырып,
Кабарга киши чаптырып.
Кат баянын билдирди,
Эрдана бийди таптырып.
Анда Эрдана актанды,
Айтканына так туруп.

Койнумдагы жылан дейт,
Кетпес оорум, ылаң дейт.
Култуңдаган Кубатты,
Курутуп башын жулам дейт.
Көңүлү кара иттенип,
Рахим бий турду жинденип.
А бирок турду айта албай,

Ал кебин бийге бет келип.
Ууланды замат айлана,
Ошол тап жалаа ушакка.
Анжиян менен Фергана,
Ордолуу Кокон, Бухар да.
Мадамин шайтан кубанды,
Ойлонуп тапкан амалды.
Ал ушак жетип Кубатка,
Айыпсыз өңү кубарды.

Асманынан ай кулап,
Аяк асты жар кулап.
Кейиди анда Кубат бий,
Көөдөндө кан тамчылап.
Эрдана бий чыккын дейт,
Ак чатырын каккылап,
Алты айланды чатырды,
Ак боз атын чапкылап.

Акыл-эсин жыя албай,
Айтарга сөз таба албай.
Эси кеткен Эрдана,
Эрбеңдеди тек гана.
Кубат бийге актанчу,
Айтар жөндүү кеп кана?
Кокон ордо башчысы,
Атактуу бий, бек кана?

Бозоруп таңы аткандай,
Боорунан үмүт качкандай.
Кубат бий бурду кошуунду,

Бүгүлүп барып актанбай.
Өзүңдү өзүң чапкандай,
Өзөктү өрт баскандай.
Жарабас досту жоодогу,
Жүрөгү туюп жаткандай.

Алп биримдик ыдырап,
Арадан кетти ынтымак.
Арамдын этин жеген деп,
Бирин-бири тыткылап.
Ишенич кетип арадан,
Жака, жеңи жыртылат.
Мадамин шайтан, айлакер,
Ал ошентип тың чыгат.

Бийден  - бийдин улугу,
Аруу жан, акыл тунугу.
Бургулап максат жол учун,
Алайга кетти кайрылып,
Кубат бий алып конушун.
Бухар эмир, Эрдана,
Эки жүздүү экен деп,
Алардан үздү кол учун.

Өз эркин өзү курууга,
Душманга бекем турууга.
Бекемдеп Алай чектерин,
Анжиян кыргыз тектерин.
Жалпы кыргыз биригер,
Аңдашып кездин келгенин.
Кашкар, Турпан тараптан,

Чакырды кыргыз бектерин.
Кашкар, Турпан тараптын,
Кыргыздары чогулду.
Жазган каты Кубаттын,
Калк ичинде окулду.
Айтканынан кайтпаган,
Жүйөлүү ишти баштаган.
Хан Кубаттын сунушун,
Кабыл алды калк аман.

Айкөл жаамы кыргызга,
Башчы болду хан Кубат.
Ала-Тоо кыргыз журтуна,
Сакчы болду хан Кубат.
Түмөн кошуун кыргыздан,
Душман өткүс чеп курап,
Акыл менен кол баштап,
Хан даанышман бек турат.

Жолун жолдоп бабасын,
Калча бий баатыр атасын.
Агымы улук дайрадан,
Акылы тунук карыядан.
Жетектеп кошуун катарын,
Хан Кубатбек аттанды.
Кол салууга калмакка,
Кыргыз эл берип батасын.

Жолго чыгар кезинде,
Хан Кубатбек кеп айткан.
Эзелки биздин бабалар,

Эсиңде болсун деп айткан.
Ар-намыска тик туруп,
Бөлүнбөй алар бир туруп.
Алыска кууган калмакты,
Кашкарга бекем чеп куруп.

Алты шаарды Кашкардан,
Алты бий ээлеп башкарган.
Кой сары бий Чоң-Багыш,
Калкына кылып кол кабыш.
Эркиндик элге тургузган,
Орнотуп хандык Жаркенге.
Ынтымак түзүп баш болгон,
Сокур бий кушчу бектерге.

Сокур бий кушчу, Койсары,
Бийлеп турган чактары.
Аңкып жыты Кашкарга,
Гүлдөп турган бактары.
Алдаярбек, Куртка бий,
Арзымукамбет тушунда.
Каарынан коркуп бийлердин,
Калмак кадам баспады.

Аталар жолун жолдойлу,
Ары жоктон болбойлу.
Кашкар мекен кыргызга,
Алдырып аны койбойлу.
Арам ойлуу калмакты,
Азабын берип козгойлу.
Кашкардагы кыргыздын,

Абалын барып оңдойлу.
Убада кебин аткарып,
Башына кызыл байланып.
Чоң жортуулга аябай,
Бардыгы бекем шайланып.
Жолго чыкты жоокерлер,
Жүрөктөн бүркүп от жанып.
Туу башында эки адам,
Түрдүү ойдо камданып.

Бир кезде келип Орункул,
Бий алдында сонун кул.
Боор этиңди сыздаткан,
Болбогон шумдук кеп айтат.
Муңку кыргыз качкынын,
Кармадык бийим деп айтат,
Боордош качкын кыргызга,
Боору ооруп Орун бек айтат.

Алып кел дейт Кубат бий,
Жаалын оттой чыңап бий.
Качкын муңку кыргыздан,
Чоо-жайын иштин сурап бий.
Анда качкын кеп айтат,
Азабын ичке жеп айтат.
Кара тоолук кожодон,
Кор болду кыргыз деп айтат.

Кыраан кыргыз эрлерди,
Кылыч миздүү шерлерди.
Катын-калач калбады,

Калк баштаган бектерди.
Баарын таштап зынданга,
Басып алды жерлерди.
Кара тоолук кожолор,
Бүт кыргызга кектенди.

Анда Кубат ант берди,
Ант берсе да бат берди,
Кара тоолук кара өзгөй,
Кожолорду ак тоолук.
Сүргүн кылып алыска,
Түбү менен кырышка.
Кашкарды алып берүүгө,
Боордош муңку Кыргызга.

Жүрөккө түйүп айтканды,
Жаңыртып тоону, асманды.
Кубат бий баштап кошуунун,
Кашкарды көздөй атганды.
Ак тоолук каптап алат деп,
Алаамат башка салат деп.
Кашкар эл чоочуп турганда,
Жардамга келди Кубат бек.

Эченден турган жабылып,
Эки чоң дарбаза ачылып.
Абдумажит жалтагай,
Жүгүнүп келип шашылып.
Куш келипсиз мырзам дейт,
Жагалданып ашыгып.
Жылкы союп аш берди,

Койгондор анда камынып.
Кан төкпөй алып Кашкарды,
Жаркенге жүрүш башталды.
Кубат бийсиз жеңем деп,
Бурканидин таштанды.
А бирок болбой ал айткан,
Ак тоолук турду айран-таң.
Кара тоолук кожолор,
Буркандын мизин кайтарды.

Ак тоолуктун кошууну,
Бурулуп кача баштады.
Бозоргон талаа ызы-чуу,
Бурканга кулак салбады.
Көз салып турган алыстан,
Кубат бий баатыр арыстан.
Долон деп ураан чакырып,
Кол кабыш кылды капыстан.

Айласы кеткен ошолор,
Кара тоолук кожолор.
Баатырдын угуп кабарын,
Кыргыздын кошуун аягын.
Бербесе эгер багынып,
Кубат бий кыргын саларын.
Байкашып калган көрүнөт,
Бир бирден башын аларын.

Айланасы таш коргон,
Кожолор ээлеп баш койгон.
Жаркендиктер жеңилди,

Жакан кожо баш болгон,
Кара тоолук, ак тоолук,
Кожолор анда кас болгон.
Каары катуу согуштан,
Карекке кызыл кан толгон.

Сулууларын, уздарын,
Муңку кыргыз кыздарын.
Олжолоп Жакан алыптыр,
Зынданга бекем катыптыр.
Түркөй Жакан жеңилип,
Түркүн ойго берилип.
Эркек көйнөк кийдирип,
Кыздарды ала качыптыр.

Аны билген Кубат бий,
Кыздар кайда сурап бий.
Муңку кыргыз кыздарга,
Өзгөчө көңүл бурат бий.
Качкын Жакан артынан,
Куугунчуну курап бий.
Аларды таап келгиче,
Каарын төгүп турат бий.

Кыраан кыргыз жигиттер,
Кырк парздарын билгичтер.
Ылачындай душманга,
Көктөн туруп тийгичтер.
Колго алып жеңишти,
Жаканга кууп жетишти.
Бош коюп Жакан кожону,

Кыздарды алып келишти.
Карабай кары-жашына,
Муңку кыргыз башына.
Жапаа салган кожолор,
Жалынып турган чак мына.
Кордолгон кыз-жигитке,
Ак булут жазган таң мына.
Кубат бий баатыр колдогон,
Атпай журтта шаң мына.

Мына ошентип Кубат бий,
Майрамдады жеңишти.
Кегин алып кыргыздын,
Өз максатка жетишти.
Жаркент, Кашкар колунда,
Жаңы баштар эми иштн.
Өз бийлигин орнотуп,
Өзгөгө бербес деги ишти.

Хакимбек болуп Кашкарда,
Кубат бий баатыр турганда.
Суйкайган сулуу келбетти,
Секиме бийкеч берметти.
Белекке берди баатырга,
Багылган куштай эрмекти.
Буркан кожо ак тоолук,
Болбосо качып кетмекпи.

Кези келген кезекте,
Жарарсың деп керекке.
Буркан кожо куу тумшук,

Тартуу кылган белекке.
Уу узатты чай менен,
Опсуз жаман ой менен.
Өмүр жолдош бегине,
Ошол бийкеч Секиме.

Жамандык Буркан кылса да,
Артынан бычак урса да.
Кубат бий чатак салбады,
Жамандан кегин албады.
Кашкар-кыргыз тууган эл,
Калкына тынчтык каалады.
Таш бергенге аш берип,
Тууганды барктап баалады.

Айкөлдүк аккан канында,
Асылды кудай кем берет.
Айбаты жүрөк, тамырда,
Баатырды кудай бир берет.
Кожого кеңдик билдирип,
Качырга тетир миндирип.
Секиме жанды кетирди,
Кектенбей аны кечирип.

Өз ара согуш токтоду,
Ынтымак бекем орноду.
Эми жаамы кыргыздын,
Эртеңкисин ойлоду.
Эркин куштай көкөлөп,
Жатка келип конбоду.
Эзелки душман калмактан,

Өч алууну болжоду.
Жуңгар калмак хандыкка,
Баш ийүүдөн баш тарткан.
Кара тоолук кожолор,
Жүсүп кожо баштаган.
Ак тоолук ошол кожолор,
Бурканидин жандаган.
Жетектеп түмөн кошуунду,
Хан Кубатка кошулду.

Фергана кыргыз уруудан,
Түркий тил улут улуудан.
Хан Кубат бий даанышман,
Мусулман аскер түптөдү.
Өз алдынча бийлеген,
Салык салып ийлеген.
Жуңгар хандык каапырга,
Кол салууга үндөдү. (көтөрүлүшкө)

Курчуп жаткан абалды,
Цинь империя байкады.
Жок кылууга калмакты,
Жардам кошуун айдады.
Хан Кубат бий баштаган,
Кожолор тобу жандаган.
Мусулман аскер тобуна,
Колун сунбай калмакпы?

Ата жолун уланткан,
Аскер тобун чубалткан.
Чыгыш түрк кыргыз уруусун,

Боштондугун жеңүүгө
Бел байлады Кубат хан.
Чоочуду жуңгар хандыгы,
Ат артынан чубап чаң,
Түмөн колдон келаткан.

Жаркент, Кашкар, Үч-Турпан,
Жуңгар хандык калаалар.
Желип учуп үч тулпар,
Өскөн майса талаалар.
Таланттуу башчы баштаган,
Биримдикке багынды.
Дал ошентип Кубат хан,
Бүт ааламга таанылды.

Хан Кубатбек эс алды,
Акырын ойго жете алды.
Эртеңки жаркын күн үчүн,
Акылын элге бере алды.
Аны коштоп кыргыз эл,
Сезимди коркуу жеңе алды.
Ички-тышкы душманга,
Кылычын колго тең алды.

Кырк миң аскер Жуңгардын,
Бири калбай кырылды.
Аскерлери кыргыздын,
Ансайын салды кысымды.
Ал кысымга чыдабай,
Адил ишке ынабай,
Газибек аким качыптыр,

Туусун таштап кайран ай.
Даңазалуу эрдиктен,
Чыгыш Түркстандагы жеңиштен.
Кашкарга аким шайланды,
Кубат бий өзү баштаган,
Кубаттуу ошол бирдиктен.
Акимдик кылып Кашкарга,
Көп ийгилик жаратып,
Даанышман атка жетишкен.

Кашкардан артып кадыры,
Кең дүйнө аны тааныды.
Жанга сүйкүм кулк мүнөз,
Кайра тартпас курч мүнөз.
Кубат бийди эр жүрөк,
Жергиликтүү  кыргыздар.
Алга таштап арышты,
Хан көтөрүп алышты.

Карабай уруу, жашына,
Кайгы муң түшсө башына.
Жанында жөлөп таяры,
Душмандан коргоп алары.
Бүт Фергана кыргызга,
Адамзаттын асылы,
Атпай кыргыз баатыры,
Кубат хан болду жакыны.

Жети атасы кыргызда,
Жеңилбеген чындык бар.
Көктүн көркү  жымыңдап,

Кол жетпеген жылдыз бар.
Оң, сол кыргыз бириккен,
Хан Кубатбек туу тиккен.
Жердин көркү кылымдап,
Жолборс жүрөк кыргыз бар.

Адигине Ажы бий,
Кушчудан баатыр Кубат бий.
Эс менен ишке киришти,
Биримдик туусун тигишти.
Чачылса кыргыз уруулар,
Туш жака келип урунаар.
Чайнеги толбой чайпалып,
Төгүлөр кезин билишти.

Жөнү жок чеке тырышпай,
Түркий эл бекер урушпай.
Ичинде кегин сактаган,
Иреңи бузук канчадан.
Бөтөн жерге көз арткан,
Бузулуп ою бараткан.
Калмакка элин үндөдү,
Кушчу баатыр Кубат хан.

Биримдик колун узаткан,
Ажы бий менен Кубат хан.
Акыл менен иш жасап,
Алга жүрүш уланткан.
Ак мөңгүлүү Ала-Too,
Кыргыз жерин ойлогон,
Ою бузук душмандан,

Ордолуу Ошту коргогон.
Аскасы айга сайылган,
Аркары кырга жайылган.
Кут конгон кыргыз жерине,
Көз арткан көп абыдан.
Андыктан эки даанышман,
Достуктун жолун салышкан.
Аңдыган душман айынан,
Алп канат жазып алышкан.

Атагы кетип алыска,
Чыгыш менен батышка.
Ата Мекен, эл-жерин,
Душмандан коргоп алышка.
Асмандагы жылдыздан,
Кылыч миздүү кыргыздан.
Кара өзгөй душман кире алгыс,
Аскерден коргон тургузган.

## Хан Кубатбектин Ноокенге кайтып келиши

Согушту кандуу токтотуп,
Кашкарга тынчтык орнотуп.
Киндик кан төккөн улуу жер,
Сагынтып жанды боздотуп.
Кыялы алыс чапкылап,
Ак боз атын камчылап.
Ноокенге кайтты хан Кубат.

Ата-Журт жыты тарткылап.
Кызытып сүйүү күүлөнгөн,
Кыз, жигит кезден үйлөнгөн.
Байбичеси Калыя,
Көп күтүп аны түйшөлгөн.
Кубат бийим келет деп,
Кайгы-муң алыс кетет деп.
Жоодурап эчен жол карап,
Жүдөгөн жалгыз түндөрдөн.

Ноокенге кабар кетиптир,
Коконго чейин жетиптир.
Хан Кубатбек келет деп,
Букарга шамал желиптир.
Кырк уруудан бириккен,
Анжияндык кыргыздар.
Көк асаба туу тиккен,
Фергана эли келиптир.

Эр Талип өзү баштаган,
Кырк чоросу жандаган.
Кубат бий келди Ноокенге,
Кубаты бойго батпаган.
Кең далы, керик бой мүчө,
Караган көздү как жарган.
Астына минген ак боз ат,
Тепкилеп жерди аңтарган.

Жанында баатыр ал атчан,
Жан жигити канатчан.
Мадымар саран ашында,
Жылаңач баатыр атанган.

Эр сайышта байгеге,
Ай кашка тулпар ат алган.
Эр Талип деген дал ушул,
Эр Кубаттан бата алган.

Жанында коштоп кырк чоро,
Кыркы тең баатыр, ой тобо.
Жаз-кышы Мекен чегинде,
Кез жетпейт күлүп-ойноого.
Кубат бий менен бир чыккан,
Кыргыз эл, жерин коргоого.
Душманды кууп оң-солго,
Чама жок өзүн ойлоого.

Бир тууган эл биригип,
Боз үйлөр катар тигилип.
Ноокенде болду чоң майрам,
Биримдик туусу илинип.
Хан Кубатты алкашты,
Жанданып дүйнө тирилип.
Кыргызга кас душмандар,
Арданып ичтен жинигип.

## Бүргө баатырдын Ноокенге келиши жана Кубат бийдин Мерке, Таласты жердеген Бүргө баатырга барышы.

Мерке, кенен Таласты,
Мекен кылып жердеген.
Кадимки кушчу баласы,

Бүргө баатыр эр деген.
Кыялдын нурун таратып,
Кашкарды көздөй баратып.
Тазалык жанга жарашып,
Тууганды жакын санашып.

Хан Кубатты көрүүгө,
Саламдашып өтүүгө.
Баатырдын ошол айылы,
Ноокен жери дайыны.
Бүргө баатыр Ноокенге,
Бааланбай жолун кайрыды.
Ойлогон ойду карачы,
Кыстаган турмуш айрыды.

Атайын келсе жок экен,
Атактуу баатыр агасы.
Телмиртип жол каратты,
Тууганчылык санаасы.
Хан Кубатбек иш менен,
Коконго кеткен чамасы.
Келеринен дайын жок,
Көрүнбөйт анын карасы.

Саргайып көпкө күткөнсүп,
Саамайы бир аз түшкөнсүп.
Бүргө баатыр жол алды,
Сабыры түгөп бүткөнсүп.
Сыгылып күткөн жүрөктөн,
Сагыныч оту өчкөнсүп.
Кайтарда кирип өтөм дейт,

Сезимде үмүт өктөмдүк.
Кокондон келип Кубат бий,
Кабарын анын угат бий.
Күтпөй кетип калды деп,
Таарынып ага калат бий.
Кашкардан кайткан Бүргөнү,
Жолунан тосуп алат бий.
Күтпөй кетип калдың деп,
Кызыкты анан салат бий.

Баатырлыгын Бүргөнүн,
Таластык тууган үкөсүн.
Сынамакка атайын,
Берейин дейт сазайын.
Төрт талаа кылып тилдирди,
Баатырдын баш куйкасын.
Анда Кубат билчү эмес,
Андайды баатыр туйбасын.

Бүргөнү кудай оңдоду,
Ирeңин чыйрып койбоду.
Чыныгы баатыр экенин,
Чымыр дене колдоду.
Анда Кубат кеп айтат,
Оо, баатырым,- деп айтат,-
Алыстан уктум атыңды,
Баатырлык жөнүң затыңды.

Атыңа затың жарашкан,
Эл талабын талашкан,
Чыныгы баатыр экенсиң,

Эрдигиң бүгүн карасам.
Унутпай жүргүн агаңды,
Ушул мен тууган жаманды.
Эскерип мени жүрөт деп,
Атайын тилдим куйкаңды.

Мага баатыр жөлөк бол,
Барда-жокто көмөк бол.
Чымындай жок пайдасы,
Чайпалгандан бөлөк бол.
Азгырган кас-душмандын,
Алыстан оюн көрөк бол.
Атпай кыргыз элиңе,
Ар убак баатыр өбөк бол.

Деп айтып Бүргө баатырга,
Кушчу тууган асылга.
Хан Кубатты сыйлаган,
Чыныгы баатыр жакынга.
Жылкы союп коноктоп,
Сый көрсөтүп анан да.
Хан Кубатбек узатты,
Инисин Мерке, Таласка.

Алгандын болот бермеги,
Келгендин болот кетмеги.
Аңдаса эстүү ар адам,
Аалам, жер болот тегерек.
Ай жылдар өтүп арадан,
Ай менен күн теңелет.
Арамдын бели бүгүлүп,

Адалдык жеңер кез келет.
Мезгилдер мерез айланып,
Жел менен чубап айдалып.
Арадан өттү бир топ жыл,
Алтындай өмүр жашты алып.
Эл кыдырып, жер издеп,
Эр жүрөк элден тең издеп.
Кубат бий келди Меркеге,
Он чакты жигит сакчы алып.

Кубат бий келе жатканын,
Жакындап анын калганын.
Бүргө баатыр уккан бат,
Баатырды сыйлап, урматтап.
Сый көрө кетсин бийим деп,
Чаптырды жигит балдарын.
Туугандык сыйга чакырса,
Кетмекпи качып балбаның.

Кирбей кетсе уят ко,
Балээни башка үйөт ко.
Качып кетти Кубат деп,
Башкалар анда күлөт ко.
Беренелүү Кубат бий,
-Келди,- деп эл дүрбөдү.
Ак өргө тигип, тай союп,
Башталды конок үлпөтү.

А бирок Бүргө өзү жок,
Ага деп сыйлар көзү жок.
Коноктун жайын сурарга,

Кубантып айтар сөзү жок.
Атаңдын көрү Бүргө деп,
Таластык баатыр үкө деп.
Өткөндүн өчүн алды деп,
Кубаттын жанып ичи чок.

Аң уулап Бүргө кетиптир,
Күн өтпөй кайра келиптир.
Баатырым мени кечир деп,
Бооруңан кирди кетир деп.
Ар бир келген жигитке ,
Кымкап чапан жаaптыр,
Жабдуусу менен Баатырга,
Ак боз атын тартыптыр.

Бутуңа-бут болоюн,
Колуңа-кол болоюн.
Касташкан жоо болбостон,
Кандаш иниң болоюн.
Кекчил эмес, кең пейил,
Бүргө баатыр десе анда.
Бир кезде чеки кетирген,
Кубат бий турду арманда.

Анан Кубат айтыптыр,
Антташыптыр, кайтыптыр.
Шерттешкен дос бололу,
Ширин куда бололу.
Ак шербет сенин кызыңды,
Келин кылып алайын.
Кетирген ошол катамды,

Калын менен жабайын.
Ноокен менен Таласты,
Куда сөөк кылышып.
Башка эмне талашмак,
Ошону менен тынышып.
Ант беришкен баатырлар,
Ага-ини болушту.
Эки баатыр биригип,
Эл-жерин жаттан корушту.

Атанын кызы Акшербет,
Акылга тунук бай шербет,
Ах, чиркин, мүчө бой-келбет,
Ажары жактан ай жетпейт.
Айласыз болду ал макул,
Алышкан менен ал жетпейт.
Ошентип жашап калышты,
Агышайбек менен Акшербет.

Көңүлгө кадик капталып,
Көздөрдөн бөтөн сактанып.
Кошулду өзбек бир тууган,
Кыргызга катар сапты алып.
Кекенип душман калмакка,
Куюндай кирип бармакка.
Кара мүртөз, каапырга,
Кыргынды кызык салмакка.

Ар кимдин алып саламын,
Анын да угуп кабарын,
Кокон ордо башчысын,

Көзүнөн жашы агыптыр,
Бухар эмир, Рахим бий,
Кабагын түйүп алыптыр.
Ажибий, Кубат, Бүргөнүн,
Бир тууган баатыр үчөөнүн.

Биримдигин бузам деп,
Бузуку оюн багыптыр.
Коконго кыргын салат деп,
Кытмырлыгы жаныптыр.
Түн уйку качып көзүнөн,
Томсоруп каны качыптыр.
Санааны тартып Эрдана,
Саргайып өңү азыптыр.

Калмакты жеңип алган соң,
Канатын кайрып салган соң.
Кыжаалат тартты Эрдана,
Келет деп бизге андан соң.
Жүрөгү кара ак болбой,
Жеп ичкени аш болбой.
Жүдөдү бий Эрдана,
Жөлөп да таяр баш болбой.

Сөзгө келбей тили эми,
Кубарды кызыл ирeңи.
Хан Кубаттын кошунга,
Туш келет кандай күч эми.
Аргасы кеткен кезеңде,
Жардамга келет ким эми.
Атаңдын көрү Кубат деп,

Айласыз турду бий эми.
Кокон хандык жактагы,
Бек, бийлери баштагы.
Адамга табы тийбеген,
Амалга бай болсо да.
Жарыгы жок бийлерден,
Жаманга бай болсо да.
Арам ойлуу жандарга,
Коркуп сезим жандады.

Эрдана бий баш болгон,
Эшендери каш болгон.
Кокон ордо хандыгы,
Болсо дагы таш коргон.
Чочулады баары эми,
Азган өңдүү акылдан.
Эл тарабын жактаган,
Хан Кубатбек баатырдан

Эрдана бийдин жүрөгүн,
Каптап кирди шек сана.
Тагдыр кагып тилегин,
Тар көрүндү кең талаа.
Ишенген тоо тиреги,
Иш билги күч-зиреги.
Хан Кубатты ал эми,
Жок кылууну тиледи.

## Хан Кубатбектин Кокон ордонун башчысы, эки жүздүү Эрдана бийдин колунан каза болушу

Түлкүдөй болуп шыйпаңдап,
Түркөйүң жоктон сый баштап.
Түрлөнө түштү Эрдана,
Тымызын ичин сыр каптап.
Хан кубатка кат жазды,
Абайлап сөзүн ыргактап.
Чабарманын жөнөттү,
Атайын катты камгактап.

Кубатбек мырза урматтуум,
Кыргыз ханы кымбаттуум.
Анжиян, Кокон, Кашкарда,
Кылыч миздүү сымбаттуум.
Бир тууган элбиз билерсиз,
Катабыз болсо кечерсиз,
Кадырлап сизди той берем,
Куш көрсөңүз келерсиз.

Деп жазыптыр катында,
Саратан жайдын чагында.
Айлана көркке бөлөнгөн,
Ала-Тоо кыргыз таңында.
Безенип булбул шаңшыган,
Бетеге жыттуу багында.
Бутакта жүрсө Кубат бий,

Эрдана жүрүп шагында.
Кантсе да тууган элди издеп,
Кудайга жакын теңди издеп.
Кубатбек аны кечирди,
Бириксек улуу элбиз деп.
Түркий эл жаамы кандаш деп,
Касташуу дилге батпас деп.
Толкуган ушул учурда,
Туугандуу элди, бекти издеп.

Ажы бий, Бүргө кеп айтса,
Айлакер аның деп айтса.
Кубатбек турду көшөрүп,
Аксакал, жаштан бери айтса.
Аялдан эстүү Зубайда,
Көлдөтүп жашын өзү айтса.
Аскасы көктү тиреген,
Ала-Тоо мекен төрү айтса.

Асманын булут каптады,
Айтканын кылып кайтпады.
Алп жүрөк ушул Кубатбек,
Таарынып үйдө жатпады.
Айкөлдүк кылып кечирди,
Эрдана жаман кесирди.
Сыйына барам анын деп,
Кубатбек баатыр элирди.

Айтканын кайта бербесин,
Кубат хан кепке келбесин.
Ажы бий, Бүргө түшүндү,

Айласы кетти, не десин.
Батасын берип узатты,
Байкабай койгон тузакты.
Буктурма койгон акмакты,
Байкаса баатыр бармакпы.

Камчылап ак боз атты,
Алдында Кубат баратты.
Баатырлык теги канында,
Эр Талип коштоп жанында.
Көй кашка кырк чоросу,
Алкынып алга артында.
Кокондун чуулуу жолдору,
Хан Кубатка айкын да.

Коконго жетип калганда,
Күн бешимдеп кайтканда.
Капилет душман кол салды,
Кайрылыш жерге барганда.
Кан аккан кыргын башталды,
Кылычтар нечен башты алды.
Жамгырдай жаап жаа огу,
Жазгырып ажал жанды алды.

Атылар октон катпаган,
Бадана соот жаппаган.
Алкымына ок жанды,
Хан Кубатбек кайранды.
Жан сакчысы эр Талип,
Сактай албай калганбы.
Оо, кудурет, сакта деп,

Жаратканга жалбарды.
Буктурмага буйрутма,
Атайын жаачы барганбы.
Ою бузук арамза,
Ок учун ууга салганбы.
Кыстыгып улам хан Кубат,
Жоготуп барат дарманды.
Жаратканга кыбырайт,
Жоодурай карап асманды.

Өзүнө келип эр Талип,
Өз ишине бек Талип.
Курмушу менен Садыкты,
Тез алдына чакыртты.
Жат чапанын кийдирип,
Ак боз атын миндирип.
Алып качты Кубатты,
Ноокенге алып багытты.

Бир топ алыс кеткенде,
Бадалдуу жерге жеткенде.
Качкындар артты караса,
Көрүнбөйт анда эч пенде.
Дем алып алсын бир аз деп,
Кубатты жерге алышты.
Үч баатыр анда ырас деп,
Астына чапан салышты.

Ууртунан кан агып,
Уу күчүнөн жан азып.
Бир аздан соң Кубат бий,

Баш көтөрдү көз ачып.
Көрүндү маркум атасы.
Кол жетпес алыс арасы.
Кол булгалайт келгин деп,
Барбаса болбойт чамасы.

Бир кезде сурайт атасы,
Жаңырып тоонун арасы.
Улуу тоого чыктыңбы?
Улардын үнүн уктуңбу?
Эс учун аста жыйды да,
Эскини эстеп тынды да.
Бул суроону чечмелеп,
Атасы айткан кепме-кеп:

Улуу тоого чыкканың,
Улуу ишти кылганың.
Улардын үнүн укканың,
Ырыскың улук турганың.
Деген сөзүн атасын,
Эстеди байкуш Кубатым.
Анан да сурайт өзүнөн,
Эл үчүн эмне кыла алдым?

Канчалап жарат алса да,
Шорголоп каны акса да.
Көңүлү минтип азбаган,
Негедир бүгүн башка да.
Анан да келди эсине,
Шайтандай болгон Секиме.
Ошондо Кубат түшүндү,

Оорунун түбү, тегине.
Анда бир Кубат чакырды,
Эр Талип баатыр жакынды.
Мен мындамын ага деп,
Эмне болду сага деп.
Бий агасы асылга,
Жеткиче Талип шашылды.
Жылдызы учкан маңдайдан
Агасын көрүп кайгырды.

Оңолбосун туйду да,
Бүт дарман, күчүн жыйды да.
Айтканым чын, куру эмес,
Эр Талип сен кул эмес.
Алакчынсың чыныгы,
Эсиңде калсын бул элес.
Деди да баатыр мүрт кетти,
Калтырып ага бир керез.

Эр Талип аны качырды,
Сөөгүн, алыс жашырды.
Хан Кубат тирүү деген сөз,
Ааламга тарап, жаңырды.
Кабарды уккан Эрдана,
Калтырак дартка кабылды.
Кокондо катар каалга,
Коркуудан тегиз жабылды.

Эр Талип кайран агам дейт,
Эсилим кайдан табам дейт.
Ээнсирейт кең талаам,

Эми мен кайда барам дейт.
Кайтып бир барсам журтума,
Калкыма кайгы салам дейт.
Кубатым өлдү дебесем,
Агышай кана атам дейт.

Ачыгын айтсам болобу,
Айтпасам арман болобу.
Арамза душман аны укса,
Айыгып дарттан оңобу.
Кубат бий баатыр өлдү деп,
Кумары канып сонобу.
Кыргынды салып кыргызга,
Кокондук жонду жонобу.

Кыргызым бутка тургуча,
Кыйынга сокку ургуча.
Келбесем мейли келбейин,
Кубатым өлдү дебейин.
Канатсыз жарты карыпты,
Кечиргин элим кантейин.
Кайгыра бербей анчейин,
Каныма кубат бектейин,

Деген баатыр эр Талип,
Азыр жалгыз бир карып.
Тентип жүрөт жат жерде,
Бирде өчүп, бир жанып.
Хан Кубаттын өлгөнүн,
Ак кепиндеп көмгөнүн.
Айтпай жүрөт эч жанга,

Аскасы кулап чөккөнүн.
Эл дегенде тынбаган,
Эки кеп такыр кылбаган.
Көзү ачык көрөгөн,
Кедейлерин жөлөгөн.
Билбегенди сураган,
Көп окуп билим улаган.
Агасын эстейт эр Талип,
Көп улут кошун кураган.

Бөлүнсө уруу ыйлаган,
Бириксе кыргыз сыйлаган.
Чачылганды жыйнаган,
Чымын жаны тынбаган.
Бузулганды түзөгөн,
Бир кудайга үндөгөн.
Хан Кубатты эр Талип,
Эстебей такыр жүрбөгөн.

Керме-Тоону аралап,
Сайды бойлоп, каралап.
Көчмөн кыргыз келатса,
Кыйналып араң бел ашса.
Алты жүз тажик тийишип,
Катылган кезде Кубатка.
Кылычтап баарын өлтүрүп,
Салганын эстейт ыраатка.

Суулары тунук жер экен,
Суктанткан улук жер экен.
Конуштап быйыл калалы,

Мал-жанды түзүк багалы.
Көрөрбүз анан ар жагын,
Кыйналбай кыштан чыгалы.
Дегенин эстейт эр Талип,
Даанышман Кубат аганы.

Чалкыган улуу жер экен,
Чар тарабы чат экен.
Жашоого шарты кең экен,
Жайыты кенен бел экен.
“Улуу чат” деп ат койсок,
Айтканга жакшы эп экен.
Деп ат койгон хан Кубат,
Кашкарга жакын жерди эстейт.

Айткан сөзү өкүмдүү,
Алты ааламга өтүмдүү.
Цин империя кеңешкен,
Даанышман жок теңешкен.
Айкын, ачык мүнөзү,
Айдай тунук жүрөгү.
Баатырды эстейт эр Талип,
Акырет болгон түнөгү.

Өз элин жатка кор кылбай,
Өзөктүү элди жок кылбай.
Өткөнчө элин ойлогон,
Өткүрдү эстейт эр Талип.
Өмүрүн эске албаган,
Өз эмес эл-деп талбаган.
Өрнөктүү аз өмүрү,

Өткөндү эстейт эр Талип.
Эңкейбей үмүт ашуудан,
Экиленбей чынды издеп.
Ээси тайкы тагдырдан,
Ээн талаа кырды издеп.
Өз эркин өзү бийлеген.
Эркин эл болсун кыргыз-деп.
Эңсеген ойго жетпеген,
Агасын эстейт эр Талип.

Кулаалы таптап куш кылган,
Курама топтоп журт кылган.
Боорунда Алай тоолорун,
Баатырдан нечен кол жыйган.
Бейоопа душман кол салса,
Бүлүнбөс эрден мол жыйган.
Ар ишке аруу ой жыйган,
Айкөлдү эстейт эр Талип.

**Хан Кубатбек жөнүндө**

Айтпасам чынын эп эмес,
Манастан Кубат кем эмес.
Баатырым Манас айкөлгө,
Кубаттан башка тең эмес.
Канаттуу га кактырбай,
Тумшуктууга алдырбай.
Өз элин коргоп алганы,
Бекерден айткан кеп эмес.

Айттырбай келип шум ажал,
Аманат жанды аларда.

Акырет болсун бейиштен,
Алыска сапар тартарда.
Чыгыш Түрк кыргыз уруугa,
Биримдик бекем куруугa.
Чымын жан ушул жетишпей,
Хан Кубат кетти арманда.

Артында калды балдары,
Чырактары, шамдары.
Каныкейдей кайраттуу,
Зубайда сулуу алганы.
Алар менен ар убак,
Агарып атчу таң жаңы.
Аңкып турчу ааламга,
Алма гүлдүү бактары.

Өрүшү кенен жерим бар,
Өз элим бар, тегим бар.
Эмне кылсам эрким бар,
Абайылда, Берким бар.
Адигине Алайдан,
Ажи бий агам пирим бар.
Атактуу ошол Таластан,
Кушчу Бүргө иним бар.

Кабагың карыш каралап,
Көөдөнгө арам аралап.
Кара мүртөз душманым,
Калкыма кандай кегиң бар?
Деп айтты эле Кубат бий,
Айтар сөзүн улап бий.
Эч кимге баш ийбеген,

Кыргыз эл билгин дегим бар.
Эр Талип эчен ойлонду,
Эт-жүрөк ооруп, толгонду.
Ишенген тоо тирегин,
Иш билги, күч-билегин.
Дайынын барып айтам дейт,
Даанышманын, зирегин.
Акырын барып элине,
Ажы бий, Бүргө бегине.

Айкашкасын теминип,
Айлуу түн жарым бекинип.
Жолго чыкты эр Талип,
Кетпесе деп чекилик.
Ажы бий менен Бүргөнү,
Зубайда коштоп үчөөнү.
Жолугар жерге болжогон,
Келгиле деп үндөдү.

Убада бекем беришти,
Болжошкон жерге келишти.
Акыл менен эс менен,
Айлуу түн сырдаш кеч менен.
Ачыгын угуп билишти,
Андагы болгон деги ишти.
Дайындап Кубат калтырган,
Эр Талипке көп ишти.

Өзгө жан такыр туйбасын,
Өлдү деп мени укпасын,
Кыргынды салып кас душман,

Кыргызды тирүү жутпасын.
Анан да жашыр сөөгүмдү,
Денемде калсын бир башым.
Абайла баатыр деп айткан,
Керездин айтып нускасын.

Өзөгү түптөн кайрылган,
Өмүрлөш жандан айрылган.
Абайылда, Беркиме,
Өлгөнүн кантип айтам дейт.
Кайгысын тартып демиге,
Зубайда кайран акылман.
Кайрылып кантип барам дейт,
Калың журт кыргыз элиме.

Ажы бий анда өкүндү,
Арманы селдей төгүлдү.
Асманы кулап түшкөнсүп,
Ай-аалам тар көрүндү.
Агам деп Бүргө өкүрдү,
Алам деп өчтү сөгүндү.
Эсил кайран агадан,
Айрылганы төгүнбү.

Кубат бий өлбөй кут өлдү,
Кушчу, Мундуз бүт өлдү.
Кыргыз көчүн көтөргөн,
Көктө учкан куш өлдү.
Адигине, Чоң-Багыш,
Жалпы кыргыз журт өлдү.
Адилет сүргөн өкүмүн,

Андагы заман туш өлдү.
Эрк бербей кызыл тилине,
Эзилип жолдош теңине.
Зубайда кайтты үйүнө,
Капасын катып түнүнө.
Зубайда кандай дегенсип,
Күндө эле карайт үңүлө.
Кыйнабай жүрсө эмине,
Кубат бий кирип түшүнө.

Элди ойлогон Зубайда,
Эмне кылсын жок айла.
Эрдана укса болбос деп,
Анда бир кыргыз оңбос деп.
Ажы бий эстүү карыя,
Эчен жыл аны жашырды.
Бүргө бир баатыр дарыя,
Агасы Кубат баатырды.

Жаман кеп жерде жатпады,
Жакшы деп пенде айтпады.
Кубат бий салды дүйнө деп,
Жел менен желип үймө кеп.
Кээ бири тирүү Кубат дейт,
Жомоктой тарап күндө кеп.
Аттиң бир ушул кең жерге,
Кубат бий неге батпады?

## Хан Кубатбекке ыр баян

Эркиндик үчүн, эл үчүн,
Ала-Тоо мекен жер үчүн.
Эмгегин жазып калтырдым,
Ырыстуу элге дем үчүн.
Бир өмүр бекер жатпаган,
Бар болсо элден катпаган.
Баатырга жаздым ыр баян,
Бүгүлүп сынын жазбаган.


Белине курун байлаган,
Бир башын элге арнаган.
Кубатка жаздым ыр баян,
Кубалап жоосун айдаган.
Дүүлүгүп баатыр сезимде,
Дене бой жанган жерим деп,
Даанышман Кубат кезинде.
Дайрадай аккан элим деп.

Кытмырдын нечен көбүндөй,
Катарда жүргөн көрүнбөй.
Көтөрсүн бийик баштарын,
Ала-Тоо мекен төрүмдөй!
Уруугa кыргыз бөлүнбөй,
Улуулар чыксын өзүңдөй.
Бир ууч кыргыз биригип,
Толкусун Ыссык-Көлүмдөй!

## Элиме кайрылуу

Санаалар санга бөлүнбөй,
Саргайып өңү төгүлбөй.
Сан кыргыз бүгүн бириксин,
Сезимдер ооруп сөгүнбөй.
Сугалак жаман душманга,
Сатпасын жерин сатпасын.
Сүт менен дилин тазалап,
Соолутпай салтын барктасын.

Кылымды нечен карыткан,
Куру эмес кыргыз тарыхтан.
Кадырын кымбат сактасын,
Көлөкө бөгөп калыштан.
Бүлүнбөй болсок ынтымак,
Булутка жетет башыбыз,
Бүтүндөй элде ырк тынат,
Бөксөрбөй жемиш, ашыбыз.



# Повесть

# КЫЯНАТ

Ашым темир тор артында отурат. “Кийинки бушайман, өзүңө душман”, - дегендей, өз колу менен жасаган иштеринин азабын тартып, күн эсебин, түн эсебин эбак унуткан. Андан кабар алган бир жан жок. Аны абактагылар да жек көрүшөт. Уйку-соонун арасында бир саам төнүп кетсе, не өңү экени, не түшү экени билинбей, бир элес кыялеттейт:

... Бармактайдан бирге өскөн эки досун, классташтарын жан алгыч кууп келатат, балдар качышып, “Ашы-ым, куткарып ка-ал!”, - деп кыйкырышат. Аларга жардам бергендин ордуна Ашым жан алгычтан эмес, классташтарынан безе качат. Алар канчалык жакындаса, ошончолук жандалбастап качып, азабы күчөйт. Буттары шилтенбей, алдан тайып, бирок эптеп алыстап кетмек болуп жан алакетке түшөт... Качан болсо ушу, достору кубалайт – Ашым болсо качат...

Күнүгө, күн алыс ушул түш кирет, аны көргөн сайын акыбалы начарлап, жакын арада андан кутула аларына көзү жетпей, көкүрөгүн арман таштай эзет. Кулагына элдир-селдир кыйкырык угулат: Ашы-ым, куткарып ка-ал!..

* * *

Токтобек атасынан жападан жалгыз калган бир уул. Андан мурдагы төрөлгөн бир туугандары токтобой, жалп этип жанып өчкөн шам чырактай чын дүйнөгө сапар тартып кете беришкен. Атасы Мырзабек өмүр бою чарба менен алектенип, жандык кармап, үй тиричилигине тың келген кишилерден. Апасы

- Алима болсо саан саап, сары май сызгырып, үй-бүлө коломтосун өчүрбөй, түндүгүнөн түтүн булатып турган эстүү аял. Аял затына таандык бардык касиеттерге ээ. Чарбалык иштеринде да Мырзабекке жакындан жардам берип, ал ылдыйлап кетсе, үй жандыктарын кайтарып туруу да, анын жонунда. Анан кантсин, Токтобек жаш, тун балдары токтогон эмес. Кудайдын куттуу күнүндө жасаган иши ошол. Мырзабек баласынын алты саны аман, өмүр-ырыскысы узун, көп ичинде кадыр-барктуу балдардан болсо экен деп жараткандан миң жалбара сурап, түлөө өткөрүп, атын Токтобек деп атап алышканын да себеби мына ошондон улам. -Жалгыз туягым, келечегим,- деп Токтобегинин көзүнүн карасы менен тең айланып, карга-кузгундан, жаман көздүү, жаман сөздүү кишилерден этияттап, дайыма өзү менен бирге ат үстүндө алып жүрүп чоңойтту. “Андан да кол үзүп калбайын” деген жаман ой, анын эсин эки кылып, жүрөгүнүн үшүн алганы күндөлүк адатка айланды. Бирок, жаратканга айтканы бар экен Токтобек кадыресе эр жетип, эстүү, акылдуу, сымбатына чыккан, кыргыздын күчтүү жигиттеринен болуп чоңойду.

Кыргыздын улуттук оюндары болгон улак тартыш, ат чабыш, жеңишмей-деген оюндарынан түк калбайт. Аман-эсен эр жеткен Токтобек, эми атасынын оорун жеңил кылып, чарба иштерин өз колуна алды. Ага жеткен ата-энесинин кубанычтары койнуна батпай, алыс-жакындан тууган уруктарын, коңшуларын, жалпы эле айыл элин чакырып, алардын батасын алуу үчүн алдыларына дасторкон жайып, кабары жети дубанга жеткен чоң той берди. Коңшу

айылдык жигит Адылбек менен кудалашып, анын кызы Акинайды, Токтобегине алып берген. Мырзабек менен Алиманын учурда кубанычы койнуна батпай, бакытка балкып турушкан кези. Көптөн күткөн максат-тилектерине жетишип, жаратканга чексиз шүгүр келтиришти. Акинай да эстүү келин, өз жумуштарын айттырбай кылып, кайната- кайненесин көңүлүн алат. Ысык чайын, тамагын өз убагында берип турат. Учурда жаш келиндин колунан ысык чай ичип, кызматын көргөн, Мырзабек менен Алимадан бактылуу адам жоктой. Баласы Токтобек да, өздөрү ойлогондой чыгып, жыргап калышкан. Баштагы тагдыр азабын тарткан күндөрү, көз жаш менен узаткан уйкусуз түндөрү, жаратканга жетээр бекен деп, миң какшанган муңдуу үндөрү заматта эстеринен чыгып кеткендей болду. Эми, алардын кудайдан жалбарып-жалынып сураганы, баласы Токтобегин бизге окшобой, көп балалуу болуп калса экен дегени. Карылыктын бакубат доорун сүрүшүп, небере жытына тоюу алардын эң биринчи максаты.

Тилекке каршы, мына ушундай кубанычтуу күндөрдүн биринде Мырзабек капилеттен ооруп, төшөктө жатып калды. Жаратканга не жазыгы бар? Бир кудайдан башка ким билмек? Ал, оорусунан айыга албай улам начарлай берди. Күндөн-күнгө өңүнөн кетип, ичер суусу, ырыскысы түгөнүп бараткандай туюлат. Барбаган, көрсөтпөгөн жерлери дээрлик калбады. Ал оорунун айынан төшөктө көп жатып, ал-кудуреттен таптакыр кетти, бутуна туруп кетүүдөн дарек жок. Мырзабек өзү да, бул оорунун акыбети эмне менен бүтөрүн эчак эле аңдап болгондой. Ал бул дүйнө менен коштошуп кете бере-

рине көзү жетип, ага макул да болуп калган. Анткени, акыркы күндөрү негедир ата-энеси түшүнө көп кирчү. Алар, улам Мырзабекти өзүнө чакырышып, алыстан кол булгалай берчү болушту. Мындай учур, төшөктө жаткан оорулуу кишинин өмүр-ырыскысынын түгөнүп бараткандыгынан кабар берип жаткандай көрүнөт. Мырзабектин бир кездерде кудайга жалбарып-жалынып айткан кеби эсине кылт дей түштү.

- Оо, жараткан! Менин Токтобегимди оору-сырхоолоруңдан алыс, алтын башын аман-эсен кыл! Бөөдө кырсыктарыңан, бейубак өлүмүңөн сактай көр! Жалгыз уулумду улгайтып, көзүмдүн барында үйлөп алайын! Анан менден аманат жанымды алсаң да ыраазы болоор элем, арманда кетпейт элем...-, деп жиберген. Жалгыз уулунун ден соолугун, өмүр-ырыскысын сураган. Эми ошол айткандары орундап, өзүнүн чын дүйнөгө сапар тартар кези, көз ачып жумганча келип калып жатпайбы, атаганат! Көзүнүн карегиндей болгон уулу Токтобек жөнүндө көп ойлонуп, үй тирилиги менен алектенип жүрүп, мезгилдин желдей учуп зымырап, бат өтүп кеткенин да байкабай калыптыр. Мырзабек ошондогу айткандарына кайыл болуп, балдай таттуу, кыска өмүрү менен коштошуп жаткандыгына айласыздан макул болсо да, негедир көздөрүнөн жылуу жаш кылгыра түштү. Ал жагы жалгыз кудуреттүү жараткандын өзүндө экенин түшүнүп жетти. Бир өкүнүчү, небере көрүү ага насип этпей калабы деген ой. Анын акыбалын көргөн Алима да, буту күйгөн тооктой чуркап жүрөт. Көптөн күткөн максаттары эми орундалып, үй ичине жылуулук, шаан-шөөкөт аралай баштаганда Мырзабектин минтип ооруп калганы анын күй-

бөгөн жерин күл кылды, шайын кетирди. Кантсе да, аны менен бир жаздыкта жыйырма жылдан ашуун бирге жашап коюшпадыбы? Бул, тагдырдын ачуу-таттуусун, турмуштун оор-жеңилин, оош-кыйышын бир тартышпадыбы. Таалайына бүткөн тагдырдын оор сыноолорунан бекем туруп, бирге өтүшпөдүбү. Эми гана көптөн күткөн максаттары орундалып, бакыттын балдай таттуу кездерин тата түшкөндө мына минтип Мырзабектин ооруп калганы ага катуу тийди, жанын кашайтты. Айласы кеткен Алима, кудайга да бир топ наалып алды.

Мырзабектин капилеттен келген оорусунан улам айыга албай жатканын уккан айылдаштары, тууган-уруктары да андан бат-бат кабар алып жатышты. Токтобек да, атасынын күндөн-күнгө начарлап баратканын байкап, ичинен сыздап жүрөт. Айла канча, көрсөтпөгөн дарыгери, барбаган жери калбады. Айыл аксакалдары келип ага болгон кеңештерин берип турушту. Ар бир кишинин башында бир өлүм бар экенин, өмүр деген кишиге аманат болорун, жараткан өзү берген өмүрдү кайра өзү аларын, андыктан, ага даяр туруу керек экенин Токтобекке кайра-кайра түшүндүрүп жатышты. Сөз эмне жөнүндө болуп жатканын эчак эле түшүнгөн Токтобек, ага даярданып, ошол учурда кудайдан өзүнө, кайрат-күч беришин сурап жүрөт.

Акыркы күндөрү, Мырзабектин акыбалы өтө оорлоп кетти. Тамагынан бир жутум суу да өтпөй, араң сүйлөп калган. Ошондой күндөрдүн биринде оор абалда жаткан Мырзабек, Алимага көзү менен ишара кылып, сыртта үй иштери менен жүргөн Токтобегин чакыртты. Алима шашыла сыртка чыкты да:

-Токтобек, тез үйгө кир, атаң чакырып жатат!,- дээр замат, - Эмне болуп кетти?- деген суроосунун жообун да күтпөй үйгө чуркап кире келди. Келери менен аны атасынын жанына отургузушту. Мырзабек акыркы кайрат-күчүн жыйнап алды да: -Токтобек,- деп сөз баштады – уулум, биз сени кудайдан жалынып - жалбарып жүрүп, сурап алганбыз. Биздин урпагыбызды улантчубуз, түндүгүбүздөн түтүн булатчубуз да жалгыз өзүңсүң. Менин ичээр суу - ырыскым, көрөр күнүм бүткөн көрүнөт. Андыктан, белиңди бекем байлап, тагдырдын ар кандай ачуу-таттуу сыноолоруна, оор-жеңил жагдайларына чыдай жүр, келинчегиң менен өз тирилигиңерди тың өткөрүүгө аракет кылгыла, мүңкүрөп калбагыла. Тууган – уруктан, улукман элден, кут толгон жериңен алыстабай, аларга дайыма жакын бол. - “Жалгыз аттын аты чыкса да, чаңы чыкпайт” - деген кыргыздын нукура элдик сөзүн эч качан унутпагын, апаңды жакшы кара, сөзүн эч качан эки кылбагын уулум - деди да, кийинки сөзгө келе албай чын дүйнөгө сапар тартып кете берди.

Үй ичинен чыккан ачуу кыйкырыктан улам, коңшулары заматта чогула калышты. Алар Алима менен Токтобекке көңүл айтышып, алардын кайгысына шериктеш болуп жатышты. Колдорунан, эми эмне келмек аттиң дүйнө!

Бир оокумда Кудайдын кудурети менен чайыттай ачык турган көк асман бүркөлө түшүп, чагылган - топтолгон кара булуттардын арасынан бирде оңдон, бирде солдон көрүнө калып, жаркылдап жатты. Бир кезде Токтобектин кайгысын тең бөлүшүп жаткандай сезим калтырган кара булуттар да көз

жашын селдей төгүп кирди. Жаратылыштын мына ушундай кубулуштары же касиеттери кээде адамды таң калтырбай койбойт, ал деген жараткандын сансыз кереметтеринен бир көрүнүш эмеспи.

Көпчүлүктөн айлансаң болот, бири-биринен озуна, ошол күнкү оор шартта ар бири өз ишин таап, колдорунан келишинче Токтобектин үй-бүлөсүнө кол кабыш кылып жатышты. Мырзабекти акыркы сапарга узатып келгенче тик туруп, алыс-жакындан келишкен конокторду да бирге узатып, эки жагын да тең жыйнаша коюшуп, анан үй-үйлөрүнө бирбирден тарап кетишти. «Алыстагы туугандан, жакындагы кошуна артык»,- деген сөз бекеринен айтылбагандыгы мына ушундан улам го.

Арадан бир топ күндөр, айлар зымырап өтүп кеткен болсо да, Алимага Мырзабектин орду аябагандай билинип турду. Мырзабеги эми эле эшиктен кирип келе калчудай сезилип, - Жээрге бирдемең барбы? - Курсагым өлө ачып кетти,- деген сөздөрү кулагынан, элестери көз алдынан такыр кетпей койду...

* * *

Тирүүлүктүн түйшүгүнө баткан эл, күндөр айга, айлар жылга мезгилдин парасында бат айланып, арадан бир топ жылдар кандай өтүп кеткенин да байкабай калышты. - Ой, тобоо! Баягы, Токтобек атасынын эле өзү болуп калыптыр, карачы мунун калыпка куюп койгондой окшоштугун, баскан- турганы, жүргөнү, каткыра күлгөнү да кудум эле атасынын өзү, атаңдын көрү,- деп атасы теңкур кишилер сүйлөп калышат. Аны, алыстан байкап жүргөн Токтобек да атасынын досторун көрсө, атасын көр-

гөндөй кубанып кетет. Алар менен чуркап барып учурашат да, ал - акыбалдарын сурамжылап кирет. Айыл аксакалдары, андан абдан ыраазы. Тарбия көргөн, тартиптүү жигит-деп неберелерине үлгү катары көрсөтүшөт. Кыргыздын жигиттери дал ушул биздин Токтобектей болушса кана атаганат-деп калышат. Албетте, Токтобек да азыр жаш эмес ал эки уул, үч кыздуу болгон. Ал, ата жолун улантып, чарба менен алектенет. Жубайы Акинай менен бактылуу жашап, уул-кыздарын да акыл-эстүү, тартиптүү жаштардан кылып тарбиялашты. Алар ата-энесинин көрсөткөн жолунан эч качан чыкпаган жакшынакай жигит-кыздардан болуп чоңоюшту. Албетте, «Куш уясында көргөнүн алат»,- деген сөз бекеринен айтылбаса керек. Балдарды туура тарбиялап, туура жолго багыт берүүчү эң негизги күч, өз ата-энеси экендигинде калет жок. Ал эми, Алима азыр бакыйган чоң эне. Неберелерин сүйүп, сүйкүмдүү жыттарынан тоё-тоё жыттап, кубанычы койнуна батпай, карылыктын бакубат жана бактылуу доорун сүрүп жүргөн учуру. Кээде Мырзабегин эстеп калса, көздөрүнөн жаш кылгыра түшөт.

- Ал дагы арабызда тең жүрүп, неберелерин тең сүйүп, биз менен бирге эле болсо болбойт беле,- деп кайгырып да алат. Токтобектин тун уулу Тилек быйыл он тогуз жашта, жаңы үйлөнгөн. Ал эми, кичи уулу Кубатбек он жети жашта, орто мектепти быйыл бүткөнү турат. Мектепти быйыл ийгиликтүү бүтүрүп алсам, Бишкектеги медициналык жогорку окуу жайына тапшырам деген жакшы максаты бар. Ал эми, кыздары али жаш.

Тилектин классташы, айылдаш досу Ашым мек-

тепти бүтүрөр замат Бишкекке окуйм деп кетип калган. Ал Айша эненин бакма баласы. Айша эне тубаса төрөбөс болгондуктан, балалуу болгон эмес. Ал жетимдер үйүндө чоңоюп, ал жакта көп ооручу. Жетимдиктин азабын көп тарткан аял. Абышкасы да бир топ жыл мурда чын дүйнөгө сапар тартып кете берген. Ашымды багып алган күнгө чейин жалгыз жашачу. Аны өз баласындай карап, бапестеп багып, жетимдиктин бир күндүк азабын тарттырбай, эч нерседен кемсинтпей-өксүтпөй чоңойткон болсо да, Ашым ага эч бир бала катары мээрим койбоду. Анткени, ал эсин эми таанып, жетинчи класста окуп калган кези эле. Ошол жылы Айша эненин бакма баласы экени жөнүндөгү күбүр-шыбыр кепти, эл оозунан капилеттен угуп калган. Ошол күндөн тартып, Айша эненин ал-жанына койбой, кандайча бакма бала болуп калганын, өзүнүн ата-энеси каякта, ким экенин сурамжылай берет. Айласы кеткен Айша эне, ал жөнүндө айтып берүүнү туура көрдү.

- Анда эмесе, сен сабагыңды калтырбай мектепке барып окуп кел, кечинде ал жөнүндө кеңири айтып берейин, балам,- деди. Ошол күнү Ашым, сабакты кунт коюп окуй албады. Эки ою энесинин жомогунда турду. Ал акыркы сабакты окубай, үйгө күндөгүдөн эрте келди. Аны көргөн Айша эне, -Эмне үчүн бүгүн күндөгүдөн эрте келдиң? Кийинки сабагыңды окубадыңбы?,- деген суроосуна, - Жок, агайыбыз келбей калды,- деп жалган жооп берди. Көп жылдардан бери мугалим болуп иштеп жүргөн Айша эне, окуучулардын сабакка качан киришин, мектептен качан чыгышын жакшы билип калган. Эчен жылдык эмгек тажрыйбасынан улам, балдар менен сүйлөш-

көндө эле алардын айтайын деген оюн, алдын ала билип алчу. Ушул жетим Ашымды багып алган күндөн баштап ал ишин таштап койгон.

- Кел, отур, айтсам айтып берейин, сен эми чоң жигит болуп калбадыңбы. Сен сурабасаң да өзүмдүн айтып берейин деген оюм бар болчу. Бирок дагы бир-эки жыл күтө турганым оң дебедимби, сага кайсы желмогуз айта салды,- деп сөзүн баштады Айша эне.

- Сенин ата-энең Бектур менен Зымырат абдан жакшы кишилер болгондуктан, алар менен жакын мамилебиз, барды-келдибиз жакшы болгон. Алар кандайдыр бир жумуштары менен же мейманчылап кетишсе сени мага таштап кетчү. Сен да мага балалык жылуу сезимиң менен эркелеп, кучагыман түшчү эмессиң. Мен да сага энелик мээримимди берип, өз баламдай жакшы көрчүмүн. Ата-энең жокто мени менен кадимкидей ойноп, күлүп, ыйлабай жүрө берчүсүң. Ошол күндөрдүн биринде, кандайдыр бир жумуштар менен атаң менен апаң шаарга барып келмек болушту. А мен, аларга жакшы барып келгиле дедим да, сени алып кала бердим. Бирок ал күнү алар шаардан кайтышпады. Негедир, - Эмнеге кайтпай калышты экен? - Эмне болуп кетти экен?,- деген жаман ой көөдөнүмдөн кетпей койду. А сен да ал кезде ата-энеңди, эне жытын сагынып, эне сүтүңдү эңсеп, тынчың кетип, ошол түнү ыйлап чыктың. Бала жүрөгүң бирдемени сездиби, айтор, менин берген тамагымды карап да койбой, тынымсыз ыйлай баштадың. Ошол түн мен үчүн эң оор түндөрдүн бир болду, таңдын жарышы да, кылымга тете көрүндү. Албетте, таң агараары менен сени колума көтөрүп

алып, ата-энеңди тааныштардан, жолоочулардан сурамжылай баштадым. Капилеттен, аларды тааныган кимдир бирөө, алар авто кырсыктан ооруканага түшүп калганын айтты. Тилекке каршы, биз сени менен ооруканага жетип баргыча алар кайтпас сапар тартып кетишкен экен,- деп, ошол каргашалуу күндү дагы бир жолу эстеген Айша эне, муң толгон көөдөнүн көз жаштары менен бошотуп алды.

Ашым да, ыйлаган бойдон Айша эненин кучагына өзүн таштады. Ал экөө, бир топко чейин көз жаштарын көлдөтө агызып, ичтеги ачуу арман, сагынычтарын ошол көз жаштары менен көөдөндөрүнөн сыртка чыгарып жатышты. Ыйлап жатып өксүк өңү менен Ашым, Айша эненин кучагында уктап калды. Аны сезген эне бел эти, омурткасы сыздап, таштай катып калган болсо да, ордунан козголбоду. Энелик жүрөгү, энелик мээрими Ашымдын уйкусун бузгусу келбеди. Ошол кезде, Айша эне өзүн эмес, кучагында уктап жаткан баласынын келечегин эми эмне болорун ойлоп, сан түйшүктүн кучагында санааркаган бойдон катып калган. Оорутуп жаткан, сыздатып жаткан денеси анын эсине да келген жок. Баланы төрөгөн эне эмес, баланы баккан эне,- деген элдик сөздүн нукуралыгы мына ушунда тура, атаганат. Бир канча убакыттан кийин, көз жаштары менен шилекейи аралаш энесинин этегине төгүлгөн Ашым, уйкусунан ойгонду. Ойгонду да өз энесиндей кучактап, Айша энени өөп кирди.

- Эноо,- деп эрээркеп, энесин кайра-кайра кучактап, ыйлап жатты.

- Болду, балам, болду садагасы, ыйлабачы, сен эми чоң жигит болуп калбадыңбы? Мен турам го, эмне

мынча ыйлайсың? Уят ко эми,- деп баласын соороттууга аракеттенип жатты Айша эне.

Ашымдын ата-энеси Бектур менен Зымырат Ош шаарындагы жогорку окуу жайлардын биринде бирге окушчу. Ошол студенттик кездеринде алар, бирбирине өтө жакын мамиледе эле. Ар нерсени убакыт өз ордуна коёт демекчи, ал жылуу мамиле улам барган сайын кандайдыр бир сыйкыр сезимге айланып, алар бирин-бири көрбөсө тура албас даражага жеткирди. Бул сезим аларды түйшүккө салып, түндөсү бир оокумга чейин уктай албай чыкчу болушту. Сагынып, санаа тартуу күндөлүк адатка айланды. Бири-бирин көргөнчө шашышып, көргөндө айтаар сөзүн табышпай, бат согуп толкундаткан жүрөктөрү басаңдагыча мукактанып тура беришчү. Бектур бир аз көзгө көрүнбөй кечикчү болсо Зымырат, -Бектур каякта жүрөсүң? -Эмнеге мынча кеч келдиң? -Деги тынчтыкпы?,- деген суроолорун жамгырдай төгүп кирчү. Анда, Бектур жылмая карап, - Эми эле көрүшпөдүкпү. Айылдан достор келип калган экен - студент досубузга чай алып берели дешип, ошолор менен бир аз отуруп калбадымбы деп, Зымыраттын көңүл кыжаалатчылыгын басчу. Мына ошентип жүрүп алар төртүнчү курста эле баш кошуп алышкан. Акыркы курсту бүтөр алдында уулдуу да болушту. Айша эненин бакма баласы Ашым, ошол Бектур менен Зымыраттын баласы.

* * *

Айылда раматылык Мырзабектин небереси (жалгыз уулу Токтобектин баласы) Тилектин дагы бир классташы, жакын жолдошу Калыбек экөө башкалардан бир топ өзгөчөлөнүп, ата-энелеринин сөз-

дөрүнөн такыр чыгышкан эмес. Алардын айтканын айткандай, дегенин дегендей аткарышып, айыл аксакалдарын урматтап, кичүүлөрдү ызааттап, кыз-келиндерди абдан сыйлап келишкен. Айылдагы кары-картаң кишилердин оорун колдон алып, аларга ар тараптан жардам берип, жаштарды туура жолго багыттап, өз билген акыл-насааттарын айтып турушкан жигиттерден. Андыктан, айылдыктар аларды “Элдик жигиттер” - деп атап алышкан. Тилекке каршы, турмуш-шартына байланыштуу Бишкекке окууга бара алышпай калышты. Эрте үйлөнүшүп, «ала куржун моюндарына илинген» десек да болот. Тилек менен Калыбек удаа үйлөнүштү. Алар айылда үй тирилиги жана колхоз иштери менен алектенишет. Акыркы күндөрү, айылда турмуш шарты күндөн-күнгө оорлоп баратат. Андыктан, алардын да кээде эл сыңары Россияга барып иштеп, эл көрүп, жер көрүп келгилери келип кетет. Бирок, үй-бүлөлүү болгондугуна байланыштуу ага алардын ата-энелери караманча каршы. Алар ата-энесинин сөздөрүн эки кыла алышпайт, эч качан андай кылышкан да эмес. Ал эми, айылдан иштеп тапкандары күнүмдүк тириликке араң жетип, башка бир жашоо шарттарын жакшыртып алууга такыр жетчүдөй эмес.

... Ошол кабардан кийин Ашымдын мүнөзү таптакыр өзгөрдү. Жеңил мүнөз болуп, болор-болбос сөз үчүн балдар менен мушташып кетүүгө да, даяр турчу. Бапестеп, багып-өстүргөн Айша энесине да сөз кайтарып, анын тилине такыр кирбес адат чыгарды. Бирге, бир мектепте окуган классташтарын да анча жактыра бербей, алар менен кем сүйлөшүп, өзүнчө жалгыз жүрө берчү болду. Бирок, Тилек менен Ка-

лыбектин сөзүн укчу. Алар менен ымаласы келишип, башкаларга караганда мамилеси бир топ дурус. Анткени, алар эч качан сен жетимсиң, сени Айша эне багып алган деп бетине айтышкан эмес. Ашым сегизинчи класстан баштап спортко өзгөчө кызыгып, бокс менен күрөш бөлүмүнө калтырбай барып турду. Анын бирден бир себеби, аны кемсинткен жигиттерден өч алуу. Мектепти аяктаганга чейин көңүлүнө куш келбеген теңтуштары менен мушташа кетип, аларды токмоктоп койчу. Ал, Айша эненин колунда өсүп-чоңоюп, көп катары мектепти ийгиликтүү аяктады. Орто мектепти бүтөөр замат, Айша эненин: - Кой, балам, ал жакта сенин сага жан тартаар кишиң жок, мүнөзүң начар, бирөө-жарым менен мушташа кетип, бир жамандыкка кабылып калба,- дегенине кулак салбай, жогорку окуу жайына окууга тапшырам деп, Бишкекке кетип калган. Мына ошондон бери арадан эки жыл өтсө да андан кабар жок. Кат да жазып койбойт. Айша эненин эки көзү анын келер жолунда.

- Менин Ашымым келет, ал албетте келет,- деп, аны күтүп жүрөт. Анан кантсин байкуш. Ашымды ымыркайынан өз баласындай карап бакпадыбы? Ал үчүн алтындай жаш кезин, балдай таттуу өмүрүн бербедиби? Аны кантип күтпөсүн? Аны күтпөй кимди күтмөк? Андан бөлөк кимиси бар анын? Мына ушундай суроолор адамдын жүрөгүн эзет. Байкуш Айша эне да, бир кездерде коколой жетим калып, балбылдаган балалык кези ата-эне мээримине тойбой, балдар үйүндө өткөнү али бүгүнкүдөй эсинде турат. Жетимдиктин азабын тартып, жетимканада жатып, ата-энесин эстеп, аларды балалык сезими

менен элжирей эңсеп, уйкусуз өткөргөн түндөрүн ушул күнгө чейин эстейт. Балдар үйүнөн чыгып, өз күч-аракети менен ОшМУнун кыргыз тил, адабият бөлүмүн бүтүрүп алган. Ашым уулун сагынганда, ал жашаган айылына кантип мугалим болуп келип калганын эстейт. Ошол жерде иштеп жүрүп Ашымдын чыныгы ата-энеси менен таанышканын, алардын баласы Ашымды алгачкы ирет колуна алганын, анын сүйкүмдүү наристе жүзүнөн алгачкы ирет өпкөнүн жана ага энедей мээримин төккөнүн эстеп, сагынычтын жылуу көз жаштары карегинен ылдый тамчылайт. Өзү көргөн жетимдиктин муңдуу күндөрүн, чуулуу түндөрүн, чексиз түйшүктөрүн Ашымга каалабады. Аны өз баласындай бакты, бапестеди, башкалардан кем кылбай чоңойтту да, окутту. Мына ушул баласы бүгүн жок болуп жатпайбы. Андан таптакыр кабар жок. Жок дегенде эки эли кат жазып койгонго же телефондоп койгонго чамасы жетпей калганбы? Эмне деген наадандык?

Аңгыча айыл турмушу оорлоп, жаштар бир четтен Россияны, Казакстанды, беттеп, кээ бирлери Бишкекке жумуш издеп чыга башташты. Шартка жараша, Тилек менен Калыбек да айласы кеткен ата-энелеринин уруксатын алышып, Россияга бармай болушту. Өлкөдөгү кризистин эпкини аларды да четте калтырбады. Бул, үй-бүлөлүү болуп калган эки дос, келинчектеринин каршылыгына да караган жок. Россияга барып, бирге иштеп келүүнү туура деп билишти. Алардын алгачкы максаты, Бишкекке барып, Ашым досун издеп табуу, аны айылда зарыга жол карап, күтүп жүргөн энеси, Айша энеден кабар ал,- деп, айтып коюш болду. Тилек менен Калы-

бек, үй-бүлөсү жана айылдаштары менен коштошо чыгып, Айша эненин алдына барышты. Тилек Айша эне менен жылуу учурашып, алгачкы сөздү өзү баштады.

- Айша эне биз Калыбек экөөбүз Россияга барып иштеп келүүнү чечтик. Анан жолго чыгаар алдында алгач сиздин батаңызды алып, коштошо кетели,- деп келдик. - Жолката Бишкекке кирип, Ашымды издеп табабыз. Сиздин саламыңызды жеткирип, аны күтүп жатканыңызды, өтө сагынганыңызды айта барабыз туурабы, Калыбек?,- деп аны карап койду. - Ооба, ооба, албетте, Ашымды издеп табабыз,- деген Калыбек Айша энени кучактап, -Кайра учурашканга чейин жакшы отуруңуз эне,- деп Айша эне менен коштошту. Алардын сөзүнөн кийин бир топ көңүлү көтөрүлө түшкөн Айша эненин кубанычы койнуна батпай, жол бараткан тиги эки жигитке өз батасын берди. Аларга ак жол тилеп, жакшы иштешип, кайра ата-энесинин, үй-бүлөсүнүн алдына, Ата Мекенине сак-саламат келип калууларын жаратткандан сурап, алыс сапарга узатты.

* * *

Тилек менен Калыбек Ашымды издеп табуу үчүн алгач, Бишкек шаарына бармак болушту. Россияга да Бишкектен учабыз деп сүйлөшүп алышкан. Алар өздөрү айтышкандай, Жалал-Абад – Бишкек такси токтоочу жайга келишип таксиге отурушту. Такси менен Бишкекке бирге баратышкан жолоочуларга борбор шаарында көптөн бери иштеп жүргөн досу Ашымды издеп баратышканын, аны менен эки жылдан бери али көрүшө элек экендерин, анын аты Ашым экенин айтып келатышты. Тилек менен Ка-

лыбектин сөзүн кунт коюп тыңшап келаткан таксист, бир убакта алардын сөзүн жара сүйлөп, аларга ал маселе боюнча жардам бере аларын айтып калды. Ал Бишкекти жана түштүктөн шаарга келип иштеп жүргөн балдарды жакшы билген бир таанышы бар экенин айтып калса болобу. Тилек менен Калыбектин көктөн издегени жерден табылгандай болду. Ошол күнү түндө Бишкекке жетип барышты. Ал түнү таксист, аларды жакын арадагы арзан мейманканага жаткырып, өзү андан ары ар дайым келип түнөп жүргөн үйүнө кетти. Уйкулары эрте каньп калган эки дос эрте менен эрте турушуп, ошол жерден тамактанып да алышты. Эми кайда барарын, Ашымды кайдан издеп табаарын билишпей баштары катты.

- Таксист айтты да койду, эми ал кайдан келип бизге жардам бермек,- деген Калыбек, сөзүн бүтүп-бүтпөй жанагы Бишкекке алып келген таксист телефондоп, алар издеген досу табылганын, мейманканадан аларды Ашым өзү келип алып кетээрин айтты. Анын азыркы аты Ашым эмес, Алик балбан экенин да аларга кабарлап койду. Жакшы кабар уккан эки достун ошол таптагы кубанычы чексиздигинен, бирин-бири кайра-кайра кучактап, бирин-бири куттуктап жатышты. Айткандай эле Ашым, (Алик балбан) аларды көп күттүрбөй, жаңы жол тандабас жеңил машинасы менен бир жактан келип калды. Эки жылдан бери учураша элек достор, көргөн көздөрүнө ишенишпей бирин-бири көтөрө кучактап, учурашты. Ашымдын турган турпатына, айдап келген жеңил машинесине Тилек менен Калыбектин ооздору араандай ачылды. -Ашымбы, же ал эмеспи,-

дешип, дагы эле көргөн көздөрүнө ишене бербей турушту. Ал-акыбалдарын сурап алышкан соң, аларды Ашым үйүнө алып кетти. Ашымдын үч кабаттуу үйүн, жашоо турмушун көргөн достору, бир топко чейин Ашымдын үйүн таңдана карап калышты.

- Ой, тобоо, эки жылда мына мындай ийгиликтерге кантип жетиштиң? Айтчы, эмне жумуш кылып жүрөсүң? Соосунбу деги?,- деген түрдүү суроолорун жаандай жаадырып киришти.

- Шашпагыла досторум, бүгүн жакшылап тамактанып, жакшы эс алгыла, ал жагын эртең айтып берем,- деп күлүп койду. Айткандай эле, алар түн бир оокумга чейин уктабай сүйлөшүп жатышты. Жигиттер учуру келип, Айша эненин ал акыбалы жөнүндө айтышты. Ашым дегенде эки көзү төрт, акыркы күндөрү абалы оорлошуп баратканын да жатыгы менен ага түшүндүрүштү. Көздөрүнөн жаш кылгыра түшкөн Ашым, ал да энесин абдан сагынганын, аны абдан көргүсү келгенин айтты.

- Жакын ортодо барам го, кудай буюрса,- деп, досторун ишендирди.

- Албетте баргын, албетте, энеңди көп күттүрбө досум,- деп эки досу Ашымды кубаттап калышты.

Ашым, алардын турарына, эрте мененки чайына тамак жасатып, дасторконун түрдүү шириндик, мөмө-жемиштер менен жайнатып коюптур. Дасторкон бетин көргөн достору анын меймандостугуна бир жагынан абдан ыраазы болушса, бир жагынан кантип бул ийгиликтерге жетишкенине акылдары жетпей аң-таң болуп жатышты. Ашым мурдагыдан бир топ өзгөргөн, мүнөзү оор тартып калыптыр. Баягы, биз көргөн Ашымдан кылдай кыял калбаптыр,- де-

шип бир-бирине шыбырап да коюшат. Алардын кай жерде иштеп, кай жерде окуп жатасың?,- деген суроолоруна, - Азыр мен абдан кирешелүү бир жерде иштеп жатам, ал жөнүндө азырынча эч кимге айтууга мүмкүн эмес досторум, мен иштеген жердин эрежеси ушундай. Андыктан, капа болбоңуздар. Окууну болсо сырттан окуп жүрөм,- деп кыска жооп берди да, ал жөнүндө башка сөз ачпады.

- Келгиле, достор, өзүңөр айыл жана айыл эли жана башкалар жөнүндө айтып отургула.

- Ал жакта эмне кеп, эмне жаңылыктар бар? Ошону айткыла,- деп суроо таштады Ашым. - Мен айылды абдан сагынганмын, деп сөзүн толуктап койду.

- Айыл жана айыл эли тынч эле досум. Бирок кризистин айынан жаштарыбыз, кыз-келиндерибиз бир четтен Россия менен Казакстанга, Түркияга, кала берсе, Америкага чейин жумуш издеп, чыгып кетип жатышат. Биз, Калыбек экөөбүз да жыргап кеткенибизден бул жактарда тентип жүргөнүбүз жок досум,- деп Тилек анын сөзүнө жооп берди.

- Түшүнүктүү досум, мен да, ошон үчүн бул жакта иштеп жүрөм да,- деп Ашым өзү жөнүндө айта баштады. - Бишкекке келип жакшы бир киши менен таанышып калдым. Аны менен ага-инидей болуп, азыркы күнгө чейин жакшы мамилебиз бар. Кааласаңар силерди да аны менен тааныштырам. Ушул жерге ишке да киргизип коёмун. Өз мекениңде эмгектенгенге эмне жетсин. Өз жериң өлөң төшөгүң- деген кеп бар эмеспи, туурабы достор?,- деп калды.

Табиятынан таза жана туура Тилек менен Калыбек, досунун айткандарын туура кабыл алышты.

- Ооба, туура айтасың, азыркы күндө жалаң жаш-

тар менен кары-картаңдар гана айылда калышты деген Тилектин сөзүн, -Айылды кой, Айша эне жөнүндө айтып бербейсиңби,- деп Калыбек бөлдү.

- Ооба, ооба, Айша эненин акыбалы абдан оор. Сен дегенде келээр жолуңду караган эки көзү төрт, сагынычтан санаа тарткан жалгыз жүрөгү өрт. Кандай ташбоор баласың? Жок дегенде бир жылда бир барып койсоң болмок. Айша эне сени асырап, башкалардан кем кылбай, өз баласындай багып, болоор-болбос пенсиясынан чогултуп жүрүп, сени Бишкекке окуугa жөнөткөн ошол киши эмес беле акыры? Деги эле аны ойлодуңбу сен?,- деп Ашымга суроо таштады Тилек. Эмне деп жооп берерине сөз таппай калган Ашым, мукактана сүйлөп, - Ооба, менде айып көп, убагында бара албадым. Бир аз, жашоо турмушумду оңдоп алып, анан барайын дебедимби. Албетте, бул менин кемчилигим, достор,- деп жооп берди.

- Сен бизден таарынба, досум. Туурасын айтып тууганына жакпаптыр болбосун. «Дос күйдүрүп, душман сүйдүрүп айтат», - деген кеп бар, туура кабыл ал Ашым,- деп Калыбек сөзгө аралашты.

- Эчтеке эмес достор, сиздер менин эң жакын, сүйүктүү досторум эмессиңерби андыктан, сиздерди мен туура түшүнөм. Албетте, жакын арада барып, Айша энемден сөзсүз кабар алам,- деп Ашым өз күнөөсүн кабыл алган киши болду. Алар ал күнү Ашым менен абдан көп сүйлөшүп, ары-бери басышып, Бишкек шаарын кыдырышты. Ашым жолго бараткан досторуна бир сом акча короттурган жок. Кеткен каражаттын бардыгын өзү көтөрдү. Тилек менен Калыбек андан, анын адамгерчилигинен чек-

сиз ыраазы болуп, кубанычка батышты. Ал күнү да алар досу Ашымдын үйүндө түнөштү. Анын үйүнөн үйлөрүнө телефон чалышып, Ашымдын үйүнө тынч аман жетип келишкенин, ал жерде 3-4 күн турушуп, Бишкекти айланып, борбор шаарыбыз менен жакшылап таанышып алып, анан ушул жерден Москвага учуп кетишерин айтышты, аны менен үйүндөгүлөрдүн көңүлүн көтөрүшүп, көөдөнүн өйүп турган кыжалаттыктарын жазышты. Ашымдын да жашоо турмушу, тирилиги жакшы экенин, анын меймандостугун мактанышты. Жакын арада, Айша энесинен кабар алганы аттанып жатканын да, айтканды унутушкан жок.

- Ашым келатыптыр, Ашым Айша энесине кайра келатыптыр,- деген жылуу кабар бүт айыл ичине тарап, кээ бирөөлөрү Айша энеден сүйүнчү да алып үлгүрүштү. Ашым баласынын келишинен түңүлүп калган Айша эненин үмүт чырагы кайрадан жанды. Анын кубанычы койнуна батпай, отурарга жай таппай баласынын келээр күнүн чыдамсыздык менен күтө баштады. Ал буга чейин да көп күтпөдүбү, андыктан күтүү кандай экенин ал жакшы билет. Күтүүнүн азабы, жол караган каректеринин нурларын албадыбы, канчалаган күн-түндөрүн уйкусуз өткөрбөдүбү. Ал эч кимге андай күндөрдү, кимдир бирөөнү саргая жол карап күткөнүн каалабайт. Акыркы күндөрү бир аз ооруп жүргөн Айша эненин эки ою баласында калды. Аны көзүнүн тирүүсүндө көрүп калаар бекем?,- деген ой көңүлүнөн алыс кетпей, эсин эки кылчу. Мына эми, ошол көптөн күткөн максатына, тилегине жакын арада жеткени турат. Ашым да, Тилек менен Калыбек үйүндөгүлөр менен сүйлөшкөндөн кийин, Айша энеси менен бир топко чейин сүй-

лөштү. Ага, иштеп жүрүп окуп жатканын, кандайдыр бир себептер менен аны менен сүйлөшүүгө чамасы келбей жүргөнүн айтып, андан кайра-кайра кечирим сураган. Досторунун көзүнчө, - Жакында сизден кабар алганы барам, эне,- деп ыйламыш болуп, көздөрүнө жаш алган.

Айылда эрте туруп көнүп калышкан Тилек менен Калыбек, бүгүн да эрте турушту. Негедир Ашым күндө жатчу ордунда жок. Кечээ түнү да сыртка чыккысы келген Калыбек, Ашымды өз ордунда көргөн эмес. Ага, анчалык маани бербеген Калыбек, аны сыртка чыгып кетсе керек да,- деген ойдо калган. Күндө Ашымдын тамак-ашын даярдап, түрдүү үй иштерин жасап, аны тазалап турчу кызматчы келин гана, кыбырап үйдө жүрөт. Аны, Ашымдан, -Бул ким деген сулуу? Аяшпы?.- деп сурашса, -Жок, жөн эле бир кызматчы келин,- деп койгон. Андыктан, кызматчы келиндин жөнү сырдуу бойдон кала берген, анын жөнүн кайра сурашкан жок. Ошол кызматчы келинден, -Ашым кайда?,- деп сурашса, - Мен билбейм, кээ-кээде ушинтип түндө туруп чыгып кетет да, түшкө жакын кайра келип калат, - деп кыска жооп берди да, нары басып кетти.

Ашымдын сырдуу жоругун түшүнбөгөн эки дос, кызматчы коюп берген эрте мененки чайын ичип алышып, Ашымдын короосун дагы бир жолу айланышып, анын салган жасалгалуу үйүнө кайра-кайра таңданышты. Биз качан мындай салынган өз үйүбүзгө жетер экенбиз деген ойдо калышты. Түшкө жакын Ашым да каяктандыр келип калды. Сыртта жүргөн эки досун көргөн Ашым,

- Мына, достор, силерге Москвага учарга эки

чыпта алып келдим,- деп колундагы самолёттун эки чыптасын экөөнө кармата салды. -Бүгүн түндө Москвага учуп кетесиздер,- деп кошумчалап койду.

- Чыпталарды канчадан алдың, акчасын берели,- деген Тилектин сөзүнө,

- Тим эле кой, бул менден сиздерге белек болуп калсын,- деп акчасын албай койду. Ашымдын бир жак жүзү кызарып, сол жак көзү бир аз канталап калганын, ага жакыныраак турган Тилек байкап калды да,

- Эмне болду досум? Көзүңдүн асты кызарып калыптыр, мушташкан жоксуңбу?,- деген суроосуна,

- Жөн эле, көзүм ооруп калган көрүнөт,- деп койду да, Ашым,- Өзүңүздөр кандай эс алдыңыздар? Тамактанып алдыңыздарбы деги?,- деп кайра суроо узатты.

- Оо, абдан жакшы эс алдык, тамактанып да алдык, үй кызматчың абдан жакшы келин экен, биз абдан ыраазыбыз ага да, сага да,- деди Калыбек.

- Негизи, силер мени менен Бишкекте иштеп калсаңыздар жакшы болмок. Бирге иштеп, бирге тиштеп дегендей, бирге жүрмөкпүз, мында достор. Кээде өзүм зеригип да каламын, а сиздер менен зерикпейт белем,- деп күлүп койду Ашым.

- Эми досум, биз алгач Москвага баралы деп аттанып алдык, ошол жакты бир көрүп келели. Эгер ал жакта жумуштар жакшы болбой калса, сени менен да бирге иштешээр күн келээр. Андыктан, капа болбогун, меймандостугуң үчүн чоң ырахмат. Биз сенден абдан ыраазыбыз,- деп Тилек өз ыраазычылыгын билдирди.

* * *

Ошол күнү Ашым досторун учакка салып, Москвага учуруп койду да, өзү үйүнө кайтты. Эч качан учакка учпаган Тилек менен Калыбек өздөрүн ыңгайсыз сезишти. Жерден көтөрүлө барып, учак өзүнүн бийиктигин теңдей бир аз ылдый таштаганда алар коркуп да кетишти. Жүрөктөрү солкулдай, батбат согуп, көңүлдөрү да айныды. Бирок, аны эч кимге билдиришкен жок. Алар менен бирге бир учакта учуп бараткан жаш улан-кыздардан уялышты. Жаратканга тообо келтирип, өздөрү отурушкан отургучтарды бекем кармап, көздөрүн чылк жумуп алган абалда учуп баратышып, уктап калышты. Бир кезде, Кулактандыруу, урматтуу учагыбыздын жүргүнчүлөрү, азыр Москва шаарындагы Шереметово аэропортуна конгону жатабыз, андыктан отургучтардагы коопсуздук бел курларын тагып алууңуздарды сиздерден суранабыз,- деген учактан берилип жаткан кулактандыруудан улам, алар ойгонуп кетишти.

-Бат эле жетип калдык көрүнөт,- деген ойдо кол сааттарын тең карап калышты. Алардын учканына төрт сааттан өтүп калганын көрсөткөн сааттын жебесине да ишенгилери келбей кетишти. - Ой тобоо, ушунча көп уктап келдикпи? Кудум эле бешикте жаткансып уктаптырбыз,- дешип, күлүп коюшту. Алар жерге конгон учактан түшүшүп, аэропорттон сыртка чыгышаары менен: -Сиздер Тилек менен Калыбек байкесиздерби? Келиңиздер, жүгүңөрдү мен көтөрүшүп алайын, сиздерди мен жатаканага алып барып жайгаштырамын. Мен Аскат деген боломун, Ашым акенин жакын инисимин, мага силердин сүрөтүңөр менен аты -жөнүңөрдү Ашым аке берген. Андыктан, чочулабаңыздар,- деп өзүн тааныштыр-

ды Аскат. Ашымдын жасаган ишине кубанып калышкан экөө: -Дос деген мына ушундай болот да, ырахмат ага, ал болбосо азыр тентип кайда бармак элек, кайда жатмакпыз?,- дешип ага абдан ыраазы болушту.

Аскат аларды, алгач шаардан таап койгон атайын жатаканасына алып барып жаткырды. Ал Ашым байкесинин айтканындай, аларга бир жумага жеткидей кылып, тамак-азыктары үчүн керектелүүчү түрдүү жер-жемиштерди да камдап койгон. Алар үчүн кеткен жана кетчү бардык чыгымдарын ага Ашым салып жиберген. Ашымдын буйругу менен аларды иш менен камсыз кылуу да Аскаттын кызматы. Аскат үчүн мындай жумуштар оор эмес, анткени Ашымдын жөнөткөн кишилерин бардыгын ал күтүп алып, жумушка да ал орноштуруп турчу. Жумуш берчү кишилер да анын жакшы байкелеринен. Ал эмгеги үчүн Аскат Ашымдан да жумуш берчү байкелеринен да өз тиешесин алып турат. Аскаттын жасаган күндөлүк жумушу менен милдети мына ушулардай байкелерине жан-дили менен кызмат кылуу. Мигранттар Москвадан иштеп, эмгегине жараша капчыктарын толтуруп, Ата-Мекенине, өз үйлөрүнө кайтканда да, Аскат аларды аэропорттон же темир жол вокзалынан күзөтүп коёт. Албетте, ал сапар мигранттардын эсебинен. Келгенде күтүп, кеткенде күзөтүп койгонуна ыраазы болгон, капчыктары акчага толгон мигранттар Аскаттан акчаларын аяшпайт, андан шексинип да коюшпайт. Алар бул элпеңдеген жигитке жан дилдери менен ишенишет. Аскат бул ортомчулук жумушунда көп жылдардан бери иштеп келет. Ал Ашым акесине чейин башка бир Баймур-

за деген жигит менен иштешип жүрчү. Эмнегедир ал жигит кийинки кездерде бул иш боюнча Аскат менен байланышпай калды. Анын ордуна Ашым телефон аркылуу чыгып, мындан ары сени менен мен иштешем, Баймурза ооруп калды жана сенин телефон номериңди мага Баймурза өзү берген,- деп Аскатты ишендирген. Бул иштин артында адам уккус же адам көргүз жаман иштер жатканын Аскат кайдан билсин! Ал бир нече жылдардан бери өз тирилигин ушул иш менен өткөрүп, ушул иш менен үй-бүлөсүн багып келет. Ал жакшы үй-бүлөнүн, жакшы ата-эненин баласы. Жаштайынан эле жумушка тың, ар бир ишке жоопкерчилик менен жана так мамиле кылып көнгөн Аскат эч бир ишти эртеңкиге калтырбаган, эл менен да мамилеси жакшы, тартиптүү жигит. Өзүнүн ушул жөнөкөй, кичи пейил, жагымдуу, чынчыл мүнөздөрү менен орустарга жагып, алар менен да, ар кандай шартта тил табышып, көптөн бери ушул жерде иштеп жүрөт.

Ашымдын тапшырмасы боюнча Калыбек менен Тилек, көп маяналуу жумушка орношуп алышты. Алар учурда өтө бактылуу, көптөн күткөн максат-тилектери эми ишке ашып тургандай. Бир-эки жыл иштеп, үй тирилик, жашоо шарттарын оңдоп алышып, сырттан болсо да жогорку окуу жайына тапшырып алууну максат кылышты. Кайтарында Ашым досуна учурашып, ага өз ыраазычылыктарын да билдире кетүүнү ойлоп коюшкан. Иштеп жаткан жумуштары бир топ оор болсо да, күн-түн дебей тынымсыз иштешет. Негизи айылдан өскөн жигиттер ак көңүл, эмгекчил, ишенчээк келишет эмеспи.

Тилек менен Калыбектин Ашымга болгон шек са-

ноосу заматта жок болду. Алар бүгүнкү күндө, ага өтө ыраазы, себеби учурдагы ишине орношууда да Ашым досунун салымы чоң экенин билишет. Кээде өз ара сүйлөшө калганда, Ашым досунан бекер эле шек санашып жүрүшкөнүнө уялып да жүрүштү. Ашымдын жашоо турмушу учурга ыңгайлашып, жашоого бардык шарттары бар экенин көрүп бир жактан кубанышса, кыска мөөнөттө мынчалык ийгиликке, байлыкка жетишип кеткенине шек да санап жүрүшкөнүн эстешет. Анын түндө үйүнөн чыгып кетип, түнү менен жок болгону, эртеси күн шашкеде келгенинде кандайдыр бир сыр жаткандай көрүнгөн. Анын үстүнө бир жак жүзү кызарып, сол көзү муш жегендей канталап кеткени аларды ойго салган. Анын жүргөн-турганынан кыжалат болушкан. Алар, мына ушул кыжалаттыкты, шек саноону Ашымга батынып айта алышкан эмес. Алар аны түндө жорткон ууруларданбы?,- деп да ойлошкон. Ашымдын жумушу, анын жасаган иштери андан бир топко оор жана кылмыштуу экенин алар анда кайдан билишсин? Азыр андан шек санашканына уялышып, анын оор кылмыш иштеринен бейкапар жүрүшпөйбү! Албетте, адам баласынын ичиндеги жакшы-жаман ойлорун, адамзаты эртерээк байкап алууга алсыз тура. Ал жалгыз жаратуучу бир кудайга гана маалым экен, атаганат. Ашымдан ыраазы болгон эки дос ар бир күнүн аны эстебей өткөрүшпөйт. Жумушта болобу, үйдө болушабы алардын оюнда Ашым. Кудай насип этсе, сөзсүз кайтарда ага учурап, анын үйүндө эки-үч күн эс алып, досу менен кумар канганча баарлашып анан үйгө кетебиз,- деген үмүт Тилек менен Калыбектин көөдөнүндө чырактай жаркып турчу.

Ашым жөнөткөн мигранттардын ар бирин Аскат күтүп алат да, өзү маалым бир ишканага жумушка жайгаштырып коёт. Ал ишкананын жетекчилиги алардын ишке орнотуу документтерин, учётун өздөрү керектүү жерлерден ыраcтап, кезексиз жумушка алышат да, башкаларды антип бат ишке алышпаганы, документтерин да жасатып беришпегени түшүнүксүз. Алыскы Кыргызстан өлкөсүнүн борбору Бишкек шаарында жашап турган Ашымдын, Москва шаарындагы кээ бир ишканалар менен жакын мамилеси жана анын аларга болгон күчтүү таасири эмнеден экендиги эч бир жанга белгисиз.

* * *

Ашым досторунун кайтар күнүн чыдамсыздык менен күтүп жүрөт. Тилек менен Калыбектин алакыбалын, иштеги ийгиликтерин да, ал бат-бат сурап, билип турат. Ашымдан ыраазы болуп жүргөн достору, ага болгон иштин баарын төкпөй-чачпай айтышып турушат. Жашаган турмушун, алган айлык маяналарын, жакын арада үйлөрүнө барып келебиз деген ойлорун, ичиндеги сырларын да, төкпөй-чачпай айтышат. Үй жакка барып, жашоо-шартын, үй-короолорун учурдун талабына ылайык оңдоп-түзөп, кайра Москвага келебиз деген максат, тилектерине чейин ашыга билдиришет. Ашым да аларды ашыра мактап, аны уят кылбай жакшы иштеп жүрүшкөнүнө ыраазы экенин айтып, кайтканда, албетте, мен өзүм сиздерди күтүп аламын, менин үйүмдө бир-эки күн эс алып, анан айылга бирге барабыз деп, алардын сөзүн макулдап, кубандырып коёт.

Тилек менен Калыбек Москвага келгенден бери бир жерде бирге иштешет. Иштеген иштери, алган

айлык маяналары да бирдей. Жумушка да бир барып, бир кайтышат. Кудай булардын басар жолун, көрөр күнүн, кылар ишин өзү оңдогон го. Азыркы учурда алардан бактылуу киши жоктой. Алыс жердеги мусапырчылыктын кыйынчылык күндөрүн, али көрүшө элек. Иштеген жериндеги жетекчилер да алар менен жакын мамиледе, аларды колдоп-кубаттайт. Кээде кошумча эмгек акы да төлөп берип турушат. Чындыгында алар да ошондой мамилеге татыктуу. Чоңдору эмне десе, ошону өз ордунда так жана убагында аткарып, эл ичинде кадыр- барктуу. Орустар да туура сүйлөгөн, өз иштерине бекем, жоопкерчиликти сезе билген кишилерди жактырышарын, аларды башкалардай кагып силкпей, тескерисинче, жумуштан кетирбөөгө аракеттенишкенин жакшы билишет. Калыбектин мүнөзү оор, анча-мынча кыйналса да эч кимге ооз ачпайт. Иштегени келдикпи, ар кандай кыйынчылыктарга чыдап, иштешибиз керек деген ой жүрөгүнүн түпкүрүндө. Тилек досу менен абдан жакшы мамиледе. Эч качан бири-бири менен каяша айтышкан эмес. Тескерисинче, мусапырчылык алардын мамилесин, ынтымакчылыгын ого бетер бекемдеп салды.

Алар иштеп жаткан мекеменин баш бухгалтери Алмаз гана кыргыз улутундагы жападан жалгыз киши. Анын Кыргызстандан Москвага келип, ушул ишканада иштеп калганына да бир топ жыл болуптур. Келген кезден Россиянын жарандыгын алып, ушул ишканада иштейт. Жогорку билимдүү, кесиби – экономист. Турмуш-тирилиги бекем, үй-бүлөлүү, аялы жана эки уул, эки кызы бар. Бирок, мүнөзү начар, эмнедир жетишпегендей дайыма кимгедир наа-

разы болуп жүргөндөй кыялданат. Анткени менен өз жумушун так аткарып, эмгекчилердин маянасын убагында берип турат. Аскат да, Тилек менен Калыбекти ошол киши аркылуу жумушка орноткон. Ошол өзү иштеп жүргөн ишкананын экономикасы, ал келгенден бери бир топ көтөрүлүп, кызматкерлердин иштөө шартынын оңолушуна, Алмаздын кошкон салымы абдан чоң дешет. Андыктан, орус жетекчилери аны чыныгы адис катары таанып, анын кадыр-баркын өтө жогору коюшат. Ал жаштайынан кыйынчылык менен чоңойгон. Анын ата-энеси экөө тең таза жана өтө жөнөкөй кишилер. Өздөрү жашаган айылда көп жылдардан бери мугалим болуп иштешет. Ал кездеги мугалимдердин айлык маянасы аз жана аларга башка бир жактан көмөкчү киреше да болбогондуктан, жашоо-турмушу жакшы болбой, күндөлүк тириликке араң жетип турчу. Ата-энесинин жолун жолдоп, Алмаз да мектепте жакшы окуп, башкалардан айырмаланып турган. Ал мектепти артыкчылык менен бүтсө да, ошол жылы шартка жараша, жогорку окуу жайына бара алган эмес. Андыктан ал Бишкек шаарына иштегени кетип калган. Шаарга келип иштеп жүргөн Алмаз жогорку окуу жайына да тапшырып, финансы-кредит адистигин аяктаган. Үйлөнүп эки балалуу болгондо кандайдыр бир шарттар менен Россияга жумуш издеп келип калып жүрбөйбү. Кийинки эки баласы ошол жактан төрөлгөн. Келинчеги Айдай абдан жакшы аял. Бирок эч жерде иштебейт, үйдөгү төрт перзентин тарбиялоо менен алек. Алмаз алгач Россияга келгенде ар түрдүү кара жумуштарды аткарып жүрдү. Ал ушул жерден орус тилин жакшы өздөштүрүп, өзүнүн кайрат-

туу, иш билги аракети менен орустарга жагып, ушул мекемеге ишке кирип алган. Азыркы күндө Россиянын чыныгы жараны.

Күндөр айга, айлар жылга ооп, кайра эле күркүрөгөн жаңы күз келди. Россияда суук эрте түшөт эмеспи. Кечээки дарак бутагында жайнап турган жапжашыл жалбырактар саргайып, сабагынан бир бирден күбүлүп, жерге түштү. Жылаңач калган дарак бутактары күз суугунан үшүп, учтарына чейин кыроо басты. Россияга келген эки дос иш менен болуп, мезгилдин зымырап өтүп жатканын деле байкабай калышты. Алардын Россияга келгенине, быйыл туптуура эки жыл болду. Ачыктап айтканда, экинчи күздүн жүзүн көрүп олтурушат. Бүгүн мына дем алыш, каалаcа түшкө чейин, каалаcа кечке чейин укташат. Калыбек негедир бүгүн эртерээк ойгонуп алды, анткени түшүнө кандайдыр бир жаман нерселер кирип чыкты, чоочуп ойгонуп кетсе жүрөгү кадимкидей дүкүлдөп, катуу согуп жатыптыр. Эмне түш көргөнүн жакшы эстей албайт, тамагы кургап суусап чыгыптыр. Кимдир бирөөдөн качып бараткаyын, кууп бараткан белгисиз киши улам жакындап келатканын элес-элес эстегендей эле болот. Жүрөгүнүн согушу бир аз басаңдагандан соң, ордунан туруп барып суу ичти, ошол суудан жүз-өңүнө, жүрөк тушуна чачты. “Жаман түштү башкага айтып болбойт”,- деген кептен улам ал жөнүндө Тилек досуна билдирген жок. Тилек да курсагы ачканынанбы, же башкабы, айтор, түш чендеп ойгонду. Эки дос, түшкү тамактарын ичип алган сон, Калыбек сөз баштады:

- Досум эми суук да түшүп калды, үйгө кайталы, үйдөгүлөр бизди, биз да аларды сагынып калдык.

Барып ал жакта үй-бүлө менен эс алып, баштагы өзүбүз ойлогон жумуштарды аткарып, анан кайра келербиз,- деди. Калыбектин түшүнөн кабары жок Тилек,

- Эмне болуп кетти? Деги тынч элесиңби? Капилеттен, күтпөгөн жерден кетебиз деп калдың,- деп суроо узатты. Чындыгында Калыбек көргөн түшүнөн бир аз кабатырда турса да, "Тынчтык эле, эми барып келели деп жатам да",- деп жооп берди.

- Тынчтык эле болсо болгону досум, барсак барып келебиз да мен деле үй жакты сагындым,- деген Тилек ичинен, -Кызык эле ушул бала, капилеттен эле...",- деп күдүңдөп алды. Албетте бөтөн жерде, бөтөн элде эки жыл катар иштөө да жеңил эмес. Эч качан өзгө жерлерде жүрүп көнбөгөн экөөнө туура түшүнсө да болот. Алар ата-энесин, келинчектерин, Россияга келгенден кийин төрөлгөн балдарын, киндик каны төгүлгөн айыл жерин, айылдаштарын абдан сагынышты.

Тилек бул жакта, Россияда жүргөндө, келинчеги Арууке ага Манастай уул төрөп берген. Андыктан Тилектин сунушу менен анын атын Манас коюп алышкан. Ал эми, андан көп өтпөй, Калыбек да кыздуу болуп, атын Айтолкун деп атап алышкан. Мына ошол али жүзүн көрө элек наристелерин сагынышып, айылга кетүүгө аракеттенип алышты. Эс алуу күнү бүтүп, алар бүгүн ишке чыгышты. Баягы эле оор жумуш, кеткилери келип калганданбы, айтор, ишке такыр көңүлдөрү чаппай, өздөрүн кызыктай сезип жатышты. Жумуштан кайтарында экөө тең эмгек өргүүсүнө чыгууга арыз жазып, мекеме жетекчилигине кайрылышты. Албетте, алардын иштеги

жакшы көрсөткүчтөрүн, жүрүш-туруштарын эске алып, алардын арызын ишкана жетекчилиги кабыл алды. Бирок, ордуларына жаңы жумушчу күч келгиче бир жума иштеп туруусун алардан сураныШты.

* * *

... Тилек менен Калыбек бүгүн өз Ата-Мекенине учуп кетүү үчүн камданып алышып, Москва – Бишкек учагына чыпта алууга барышты. Тилекке каршы, ошол күнү аэровокзалдан аба ырайынын начарлыгына байланыштуу, учакка чыпта сатылбай жатканын билдиришти. Жолго камданып алышкан эки достун, Москвада бир мүнөт, жада калса, бир секунд да тургулары келбей калган. "Жолго чыктыкпы эми кандай болбосун кетишибиз керек",- деп туруп алышты. Аба ырайы ачылганга чейин да, такыр күткөнгө чамалары жок. Ой, тобоо, ушундай да болобу? Ак калпагын баштарына кийип алышып, жолго чыгышкан эки дос, чокулары ак булутка тийип турган Ала-Тоосун, тоо чокусунан атырыла чыгып, ылдый карай шыр аккан мүрөктөй болгон булак суусун, таза абасын, киндик кандары төгүлгөн айыл топурагын, өз өлкөсүндөгү жаратылыш көркүн, анда жашаган айкөл Манас урпактарын сагынышты. Айтор, алардын бүгүн өз ата-мекенине болгон сагынычтары, жолдон кайтууга такыр жол бергидей эмес. Айласы кеткен экөө, темир жол вокзалына барышты. Алардын бактына Москва – Бишкек поезди жакын арада жылмак болуп турган. Аскат аларды поездге салып, аянбай берген акчаларын алды да артына кайтып кете берди. Мына бүгүн максаттарына жетип, поездде бараткан Тилек менен Калыбектин кубанычтары койнуна батпай, өз мекенине жол алыш-

канына ишенип-ишенишпей баратышты. Ашымга учак менен барганы атабыз – деп койгон Тилек, ага кайра телефон чалып, поезд менен баратабыз, бизди темир жол вокзалынан күтүп ал,- деп кайра-кайра дайындады. Ашым алардан поездин рейсин, качан, кайсыл саатта Бишкекке жетип келерине чейин сурап, так билип алды.

- Макул досум, кыжаалат болбой келе бергиле, өзүм сиздерди күтүп аламын,- деп жооп берди. Алардын келе жатканын уккан Ашымдын өңү, заматта өзгөрдү. Нары-бери басып, тамекисин улам чукулдата тартып, бири түгөнсө, экинчисин кайра күйдүрүп, артын үзбөй чегип жатты. Анан, жинденген Ашым, Москвадагы бухгалтер акесине Алмазга телефон чалды. - Алмаз аке, сиз эмнеге эртерээк балдардын жолго чыкканын, алардын чогулткан акча-кирешесин мага кабарлап койбодуңуз? Эмне үчүн мен сизге акча төлөп жатам ыя? Өлгүң келип жатабы? Акмак, иттин баласы - деп оозуна келген жаман сөздөр менен сөгүп кирди. Эси кеткен Алмаз, Ашым! Ал балдарга тийбегин, аларды тынч кой. Алар абдан жакшы жигиттер, эмгекчил, ары таза. Суранам сенден иним! Аларга тийбе,- дегиче болбой, Ашым телефонун өчүрүп салды. Акча дегенде, кутурган иттей көзү кызарган Ашым, анын сөзүн угуп да койгон жок. Ал, достору келаткан поездин качан келерин минутасына чейин билип алган Арам ойлуу Ашым, арам табакташ шериктерине телефон чалып, “Россиядан жүк келатат, түшүрүп алганы даярдангыла”,- деп аларга тапшырма берди да, Тилек менен Калыбектин келер күнүн саатына чейин айтып берди. Ач бөрүдөй аңдып турган ал топ азууларын кы-

чырата ууга чыгууга даяр экенин билдиришти. Бир жумадан бери колуна берекелүү бирдеме илешпеген Ашым, келе жаткан “жүк” достору экенине да карагысы келбеди. Кандай жол менен болбосун, алардын эки жылдан бери маңдай тери менен чогулткан акчаларын өзүмдүк кылып алууга ашыгып жатты.

Ошол күнү Ашым, досторуна кызматчым деген келинди аны менен калуусун суранды. Ал келиндин ак сары келген жүзү, карагаттай эки кара көзү, жер чийген узун чачы, керилген бой - мүчөсү, ар кандай жигитти бир көргөндө өзүнө тартып, акылын алып, мас кылат болчу. Ашым аны, ошондуктан эки жарым жылдан бери кызматчы шылтоосу менен үйүндө алып жүрбөйбү. Анын үй ичиндеги жасаган иштери маанилүү, таза жана өз ордунда, тамакты да таттуу жасайт. Ашым кал деген күнү калат, кет деген күнү кетет. Эмне үчүн?,- деп эч качан сурап да койбойт. Ашымдын барган жерин, кылган ишин да ушул күнгө чейин сураган эмес. Ашымга ошонусу менен да жагат. Айлык акысын өз убагында алат. Ашым өзүнүн сырдуу иштери менен жакшыраак киреше тапкан күнү, анын айлыгын эки эселентип да берип турат. Ошондон уламбы ал, Ашымдын үйүндө иштеп жатканына толук кандуу ыраазы жана анын айткандарын эки кылбайт. Ашым, өзүн ошол суйкайган жубан менен алаксытпаса, достору оюнан кетпей, - Аларды эмне кылсам? Жөн койсомбу? – Жөн койсом акчасыз калам,- деген жаман ойлору, аны такыр тынчытпады. “Колго түшкөн коёнду коё берген оңобу?”, нда кантип ушул татаал турмушту, жашоомду оңдойм:,- деп кээде эки анжы да болду. Ал буга окшогон акылга сыйбаган жаман иштерди канча-

сын жасаган. Канчалаган улан-кыздардын акча үчүн өмүрүн кыйган. Акыркы күндөрү адам жанын, адам өмүрүн чымындын жанындай да көрбөй калган. Бишкекке келгенине эми төрт жыл болгонуна карабай үч кабат заңгыраган үйдү салып, жашоо-турмушу анча-мынча менмин деген кишилерден кем эмес. Ал мына ушундай талап-тоноо, керек болсо киши жанын кыйып тапкан арам кирешесинен байып жатпайбы. Анын ал кылыктары азырынча сырткы дүйнөгө билине элек. Акырындык менен артын тазалап жүрөт. Анын кылмыш иштериндеги шериктештери да андан өткөн айлакер жана мыкаачылар.

* * *

Алгачкы турмуш жолу келишпеген Альбина (кызматкер жубан) Ош шаарынан болот. Жолдошу Урмат менен Ош Мамлекеттик Университетинде окуп жүрүп, биринчи курста таанышкан. Эми эле таанышкан кез, сүйлөшүп жүргөнүнө үч ай болуп, боло электе, аны Урмат алып качып кеткен. Кой дегенге көнбөй, кыргызда таш түшкөн жеринде оор деп, ата-энесин көндүрүшүп алып калышкан. Урматтын мүнөзү, үйлөнгөнүнө алты ай болуп-болбой таптакыр терс жагына өзгөрүп кетти. Баштагы Альбина менен таанышкан жигит эмес, кыял-жоругу өзгөрүп, Альбинага орой мамиле кылчу адат чыгарды. Учурда окуусун таштап, Альбинаны да окуусуна жөнөтпөй, кээде ага кол да көтөрчү болду. Айласы кеткен Альбина, тайкы келген тагдырына таарынып, жаштыгына барып, өзүн-өзү асып алгысы да келди. Ата-энесине эчен жолу Урмат менен жашай албастыгын айтса, - Чыдай тур кызым көнүп кетесиң,- деп таптакыр ажырашканга көнүшпөдү. Алардан жыйынтык

чыкпасына көзү жеткен Альбина, түндөсү эч кимге айтпай үйдөн качып, чыгып кеткен. Ошол күнү ал барып, университетте бирге окуган группалашы Канымгүлдүн үйүндө түнөп калды. Ал Канымгүлгө болгон иштин чоо-жайын төкпөй-чачпай, болгонун болгондой айтып берди. Урмат менен жылдызы төп келбей, аны менен эртеңки күндөгү келечегинин жоктугун аңдап жеткенин айтты. Кыскасы, Урмат менен бүтүндөй ажырашаарын группалашына түшүндүрдү. Аял киши эмеспи, ал да аны туура түшүндү көрүнөт, ага анын боору ооруду. Андыктан, эртең Бишкекке же Россияга качып кетерин айтып, мага жардам берип койчу,- деп, көз жашын токтото албаган Альбина ага жалбарып-жалынып жатты. Табиятынан боорукер Канымгүл, ага кантип жардам берүү жөнүндө ойлонуп,

- Эмне жардам берейин? Эмне керек? Айтчы деги,- деп андан сурады. - Мага убактынча 3-4 миң акча таап берип турчу. Жолкиреме, жеп-ичкенге да акчам жок. Бир аз акчам бар, албетте, бирок ал эчтекеге жетпейт. Барып иштеп, алгачкы тапкан эмгек маянамды сага салып жиберейин,- деп жалбарыңкы көз караш менен Канымгүлдү тиктеп калды.

-Мен өзүм студент болсом, менде кайдагы акча болот Альбина! Өзүң жакшы түшүнөсүң го студенттердин жашоо-турмушун,- деп кыжаалат боло түшкөн Канымгүлдүн көзү, капилеттен Альбинанын кулагындагы жаркырап турган алтын сөйкөсү менен колундагы нике шакегине түштү. Аны көрүп, кубанып кеткен Канымгүл:

- Ураа, айласын таптым. Сүйүнчү бер досум, сүйүнчү,- деп, кыйкырып жиберди. Анын кылыгын

көргөн Альбина, эмне болуп кеткенине түшүнбөй туруп калды.

- Айтчы, батыраак эмне айласын таптың Канымгүл? Сүйүнчүсүн берсем берейин, - деп жиберди.

- Тетиги кулагыңдагы алтын сөйкөң менен алтын шакегиңди сатсак, башкадан акча сураштын кереги жок. Сарамжалдуу иштетсең алгачкы күндөрүңө ошол акча жетет бар болгур,- деп Альбинаны бек кучактап көтөрүп алган Канымгүл, аны колунан түшүрбөй айландырып жатты.

Канымгүл университетте да жакшы окуган кыздардан. Табиятынан оор басырыктуу мүнөзү менен башкалардан айырмаланып турган, бирдемелерди бат ойлоп тапкан, укмуштай касиеттерге ээ кыз. Ал университетте, бардык группалаштарына мына ушундай касиеттери, адамгерчилиги менен жагат.

Канымгүлдүн көтөрүп алып айландырганынан башы айлана түшкөн Альбина, - Болду, болду акылдуум, мени жерге түшүрчү башым айланып кетти,- деп жиберди. Чындыгында анын башы бир топко чейин айланып, ооруп да чыкты. Анисы аз келгенсип көңүлү да айнып, кускусу келди. Көңүлүнүн айныганын, Канымгүлдүн көтөрүп алып, айландырганынан деп ойлошту. Жаш кыздар анын боюнда бар экенин анда кайдан билишсин? Аны капарына да алышкан жок.

Канымгүл эртеси өзү чыгып, Альбинанын алтын буюмдарын сатып, бир топ акча кылып келди. Бирок алар жыйган акча Россияга учак билетине жеткидей эмес. Кантсе да, акчалуу болуп калган Альбинанын кубанычы чексиз. Бишкекке барып, кандайдыр бир жумуш издеп тапканга чейин жетип

берер деген үмүттө калды. Альбина үйүнөн качып чыкканда, бир-эки жеңил кийимдерин жана бир курткасын гана алып алган болчу. Калган керектүү нерселеринин анча-мынчасын өзү сатып алса, Канымгүл да колдон келишинче өзүнүн кийимдеринен берип толуктап, эртеси Альбинаны Бишкекке узатты. Жолдо бараткан Албина, группалашынан өтө ыраазы. Ата-энеси бербеген жардамды бергенине, анын ошондогу акыбалын туура түшүнгөнүнө, адамдык касиетинин бийиктигине чексиз ыраазы. Анын жакшылыктарына менден кайтпаса кудайдан кайтсын, ылайым, окуусун ийгиликтүү бүтүрүп, өз теңин таап, бактылуу болсун, мага окшоп эч качан боздобосун,- деп ичинен Канымгүлгө дуба кылып келатат. Такси толгон кишилер күбүр-шыбыр, бири менен бири аркы-беркиден сүйлөшүп келе жатышса, Альбина өзү менен өзү. Башка менен иши жок.

- Эми эмне болоор экен? Кантип, каяктан иш табаар экенмин?,- деген ой жүрөгүн эзип келет. Анын Бишкекте алыс тууган эжелери жашайт. Алар менен ата-энесинин анчалык жакын мамилеси да жок болчу. Мына минтип башына иш түшкөн кезде, айласыздан аларды караан тутуп келе жатпайбы байкуш. Алар кантип кабыл алаар экен? Бөтөн жерге кантип көнөөр экенмин?,- деген ой да анын тынчын алып жатты. Түрдүү ойлор башын чулгап алган Альбина, кантип уктап кеткенин да билбей калды.

- Мына ошентип, Бишкекке да жетип келдик туугандар,- деген таксистин үнүнөн улам ойгонуп кетти. Шашып саатын карай койсо, кечки саат жети болуп калыптыр. Телефондоп койгон шаардык эжесин келдиби, же келбедиби?,- деп эки көзү сыртта. Эл-

дин баары таксиден түшүп кетишти, ал да акырын таксиден түштү да кийимдерин салган кичинекей сумкасын машиненин багажынан алып жатса, артынан:

- Альбина!,- деген эжесинин шыңгыр үнү кулагына угулду. Эки анжы ойдо келаткан Альбина, эжесин көрөр замат кубанганынан чуркап барып аны кучактады да, ыйлап жиберди. Сапаргүл сиңдисин сооротуп,

- Эмне ыйлайсың? Мен келдим го, жүрөгой, үйгө кеттик,- деп ошол күнү Альбинаны үйүнө алып кетти. Эжесинин үйү уул-кызга, неберелеге бай, алардын күлкүсү менен үй ичи өзүнчө бир шаңга бөлөнгөн. Аны көргөн Альбинанын кыжаалатчылыгы заматта тарап, көңүлү бир топ жай алып, маанайы көтөрүлө түштү. Көптөн бери көрбөгөн эжесинин кыял-жоругу, адамгерчилиги, меймандостугу ал ойлогондон жакшы чыгып, келатканда тарткан кыжалат азабы төгүнгө чыкты.

Шаарда жашап, шаарда иштеген Сапаргүлдүн мүнөзү да жайдары келген, жан дүйнөсү аруу, маданияты бийик аял затынан экен. Өмүр жолдошу Өмүрбек менен бактылуу жана көп балалуу, неберелери да аз эмес. Сапаргүл Альбинага жардам берип, анын жумуш издеп жатканы жөнүндө жарнама жазып, атайын жарнамалар жабыштырылчу жерге жабыштырып коюшту. Ал шаардан жумуш табылгыча эжеси Сапаргүлдүн үйүндө жүрдү. Сапаргүл бош кездеринде аны шаар айландырды, шаар таанытты, керек болсо барар жана келер жолдорун жакшылап үйрөттү. Зеригип калган күндөрү эми ал өзү кеңири шаарга чыгып, айланып келчү болду. Аңгыча арадан бир

ай өттү, ал аралыкта эжеси ага бир сом короттурган жок. Ал да болсо Альбинанын басар жолу оң жака бурулуп жатканынан кабар берет. Бир кезде, жарнамадагы Альбинанын телефону боюнча ага чакыруу келди. -Ким болду экен,- деп ал кол телефонун көтөрдү.

- Мен жарнама боюнча чалып жатам. Жумуш издеп жаткан сиз белеңиз?,- деп сурап калды бейтааныш үн

- Ооба, менмин, жумуш болсо иштейин дегем.

- Ал оюңуздан кайта элексизби? Иштейин дегем дегениңизден сурап жатам. -Жок-жок, кайта элекмин. Иш болсо иштей берем. Деги кандай иш? Мүмкүн болсо айтып койсоңуз?

- Анча деле оор иш эмес,- жөн эле үй иштери, аны тазалоо, күндөлүк тамак жасоо жана башка үй тирлигиндеги жумуштар. Ал иштер үчүн бардык шарттар бар. Жогорку деңгээлде десем деле жаңылышпаймын. Акчасын келишим менен жакшы эле төлөп беремин. Кааласаңыз эртең келип көрүңүз. Менин атым Ашым. Эртең сизди күтөмүн,- деп толук үй дарегин берди да, телефонун өчүрүп койду.

Жумуш издеп жаткан Альбинанын жүрөгү толкундап, бат-бат сого баштады, бир жагынан кубанса, бир жагынан кыжаалат басты. “Ал кандай киши болду экен? Айткандары чынбы, же жөн эле мени алдап жатабы?”,- деген күдүк ой, шексинүү басты. Кечинде Сапаргүл жумуштан келген соң Альбина ага ал жумуш тууралуу толук айтып берди.

- Кыжаалат болбой эле кой, сени менен эртең жезде биргe барат да бардыгын сүйлөшүп берет,- деп Сапаргүл Альбинанын көңүлүн көтөрдү. Айтканын-

дай, эртеси ошол дарек боюнча Альбина менен жездеси Ашымдын үйүнө барышты. Короонун сырткы эшигиндеги чакыруу басмасын Өмүрбек акырын басканда ичкериден

- Жумуш издеп келдиңиздерби?,- деген үн чыкты.

- Ооба биз ошолор элек, келип калдык.

- Анда кире бериңиздер, эшик ачык,- деп Ашым аларды ичкери кирүүгө уруксат берди. Ичкери кирип, заңгыраган үйдү көргөн Альбина менен Өмүрбектин ооздору ачылды. Короонун ички жагына өз орду менен эгилген гүлдөр менен бак-дарактар көргөн көздүн жоосун алат. Үй имаратынын кооздугу атайын кол менен сүрөт тартып койгондой таасир калтырат. Көп жылдардан бери шаарда жашап, мындай кооз үйдү Өмүрбек да эми көрдү.

- Ичкери кириңиздер, ичкериден кеңири сүйлөшөбүз,- деген Ашымдын коңур үнү, эки жакты карап эстери оогон, ичтеринен чукул кыялга бөлөнгөн Өмүрбек менен Альбинаны өзүнө тартты. Үйдүн ички жасалгалары, тазалыгы, түрдүү накта булгаары менен капталган мебелдер, стол-стулдары өз ирети менен коюлган. Аны көргөн Альбина бир аз ичинен чочулады. Менин жасаган иштерим үй ээсине жагабы, же жакпай калабы?,- деген ой кыялына кылт дей түштү.

- Тазалыгына караганда, буга чейин кимдир бирөө иштеген го,- деп Альбина сөз узатты.

- Албетте, бир эже иштеген болчу, бирок ооруп калганына байланыштуу иштен биротоло чыгып кетти. Азыр эч ким жок. Кудай насип кылса сиз менен иштешип калаарбыз деген үмүттөмүн,- деп Ашым күлүп койду.

- Эми ал жагы өзүңүздөн. Келишип калсак биздин балдыз сиз менен иштеше алат – деген ойдомун,- деп Өмүрбек сөзгө аралашты. Анын сөзүнөн улам Альбина, Өмүрбектин балдызы экенине акылы жетти. Алар Ашымдын үйү жана үй жумуштары менен толук таанышып, кыргызчасына кеңири отуруп кеңешип, чай ичкенче бир сааттай убакыт өтүп кетиптир. Ошентип Альбина ал жерде иштемек болду. Эмгек акысын да жакшылап сүйлөшүп алышкандай болду. Кааласа ал жерде жатып иштөөгө да шарт бар экени Альбинага да абдан макул келди. Бир бүтүмгө келип алышкан эки тарап, ошол күнү кубаныч менен тарап кетишти. Жумуштан бир аз кармалып, кеч келген Сапаргүл, алардын ачык маанайда отурушканынан, үй ичин көтөргөн шаңдуу күлкүлөрүнөн иш оң жагына чечилгенин байкады. Жумуштан келген эжесин көргөн Альбина, чуркаган бойдон барып аны кучактады да,

- Эже, мен ишке кирдим, иш таптым,- деп эжесин өпкүлөп кирди.

- Ой-ой, болду эми, кантет деги? Тим эле жаш баладай болот го,- деп Сапаргүл сиңдисин кучактай калып, - Тапкан жумушуң кут-берекелүү, майлуу-сүттүү болсун, ошол жерден өнүп-өскүн, бактылуу болгун,- деп Альбинага өз батасын берди. Ошондон бери Альбина Ашымдын үйүндө иштеп калган. Эжесиникине бир жумада бир барып, кабар алып келет. Жаткан жери, жеп-ичкени бекер, айлык маянасын убагында алат. Ашым менен Альбинанын мамилеси абдан жакшы, негедир барган сайын Ашымга жакын болуп, ал кээде жумуштан кечирек кайтса кыжалат боло турган болуп баратат. Ашымдын да ага мами-

леси, баштагыдан жакын. Кандайдыр бир жылуу сезим пайда болуп бараткандай. Анын жакшы кыз экенин байкап, аны сыйлап, көз астына алып жүргөндөй.

Альбинанын шаарга келгенине да үч айдын жүзү болуп калды. Ал өзү сезип жүргөндөй, боюнда бар экени улам билинип, курсагы күндөн-күнгө чоңоюп барат. Жумуштан айрылып калам деген ойдо, анысын Ашымга айта албай, догдурга да барып көрүнө албай жүрөт. Эмне кылаарын билбей эси кеткен Альбина, эжеси Сапаргүлгө барып сырын ачты. Аны эжеси туура түшүндү, ал ак никелүү жолдошунан болгон бала экенин да билди. Андыктан, төрөгөндүн уяты жок экенин, ачык айкын төрөп алуусун сунуш кылды. Бирок, Альбина ага караманча каршы туруп алды.

- Аны алдырбасам болбойт, азыр балалуу болгум келбейт эже, мен иштешим керек.- деп өз сөзүнө бекем турду. - Суранам эже, Ашым аке билбесин, мен иштен айрылгым келбейт,- деп ыйлап жиберди. Айласы кеткен Сапаргүл, аны догдурга алып келди да, догдурга болгонун болгондой айтып берди. Акыр аягында, аборт эмес мажбурлап төрөтүү жолу менен Альбинанын боюндагы баласын түшүрүп салышты. Альбина бир жумадан ашык догдурда жатып дарыланды. Албетте, алар анын ооруп калганын Ашымга айтышкан болчу. Андыктан, Ашым аны айыгып келгенче күттү. Курсагындагы алгачкы баласын алдырып салган Альбинанын акыбалы мурдагыдай эмес. Анын мүнөзү өзгөрүп, негедир ойлуу жүрө турган болуп калды. Дайыма жайдары, күлүп, жайнап жүрчү мурдагы Альбина азыр жок. Ашым эркек киши бол-

со да, мында кандайдыр бир сыр бар экенин байкап жүрдү. Аны Альбинадан сурагысы, колунан келсе анын мүшкүлүн жеңилдетип, оорун көтөргүсү келди. Бирок, негедир батынып сурабады. "Өзүнө келгенде, өзү айтаар",- деп Альбинаны өз алына койду.

Тилек менен Калыбек, Ашымдын үйүнө алгач келгенде Альбина дал ошондой абалда болчу. Ошентсе да аларды жакшы карап, чай-тамагын убагында берип, өз ордунда сыйлап жөнөткөн. Андан бери арадан эки жыл өттү. Альбина азыр баштагы алар көргөн кыз эмес жанга жагымдуу, жайдары мүнөзү өзүнө кайткан. Баштагы башынан өткөн оор күндөрдү унуткандай. Басса-турса ичинен бирдемелерди ырдап, ууртунан күлкү кетпей, шайыр жүрөт. Баштагы жылуу сезимдер кагылышып, учкун жаратты. Ал учкундар акырын Альбина менен Ашымдын жүрөгүндө алоолонгон махабат жалынына айланды. Кээде, көөдөндөгү жылуу сезимдин айынан от болуп күйсө, кээде махабаттын чоң дарыясында биргелешип сүзүп жүрүшөт. Махабаттын гүл жайнаган бактарын бир айланып, каңырыкты как жарган жыпар жытын бир жытташат. Азыркы күндө, Альбина эжесинин үйүнө да, эки күндө бир барбай калды. Ал эми, Ашымын эч кимге бергиси, андан алыс да кеткиси келбейт. Аттиң дүйнө! Ал анын ким экенин, кандай жигит экенин кайдан билсин! Бүгүн, Тилек менен Калыбектин келер күнүндө Альбинаны эжесиникине кетирбей алып калганын негизги себеби да ошондон улам. Досторуна барбай, аларды темир жол вокзалынан күлүп, жайнап күтүп албай, өзү ойлоп койгон айбандык иштерин көргүсү келбей үйдө калды. Анын ордуна, Альбина менен махабат багын

аралап, аны менен өзүн алаксыткысы келип турганын Альбина кайдан билсин!

Альбина ушул күнгө чейин Урмат менен ажырашып алган эмес. Ашым да ага, ак никеден өтүп алалы деп сунуш айтпады. Бирок Альбина Ашымдын сырдуу жана жашыруун ишинен көптөн бери түңүлүп жүрөт. Анын кандай иштер менен жүргөнүн, эмне деген иштер менен алектенип жатканын биле албай кыжалат. Анын баскан-турганын, жасаган иштерин таптакыр билбейт да, түшүнбөйт. Ал андан чочулайт, сурай да албайт. Анткени, капилет анын орунсуз суроолору жакпай, шексинип жүргөнүн байкап калса, жылуу-жумшак иш ордунан, махабатынан айрылып калуудан коркот. Анткенде кайда барат? Эжесиникине кайра бармакпы? Мына ушундай ойлор анын жүрөгүнүн үшүн алат. Кантсе да бардыгын артка таштап, азыркы жашоо турмушуна, бактына туш келген берекелүү ишине ыраазы. Күндө, Ашымдын эрте мененки чайын убагында берип, кетеринде өөп-жыттап узатып коёт. Ашым да ага көнүп калган. Негедир, бүгүн Ашымдын маанайы күндөгүсүндөй эмес, суз көрүнөт. Күндөгүдөй күлүп-жайнап келип, Альбина менен өөп-жытташып учурашпады. Эрте мененки чайын да ичпей, шашылыш элем деп үйдөн чыгып кетти. Эмне болуп кеткенин түшүнбөгөн Альбина, артынан карап кала берди.

Ашым шашылган бойдон кылмышкер досторунун алдына барды. Анткени, ошол күнү Тилек менен Калыбек келе жаткан Москва – Бишкек поезди жетип келмек. Ашым баштаган ошол кылмышкер тобу заматта өздөрү сүйлөшүп алган жерге чогулушту да, Тилек менен Калыбекти талап-тоноо иш планын бекемдеп түзүп алып, аны ишке ашыруучу каракчыла-

рына дайындашты. Темир жол вокзалында аларды Эрмек таксист менен Сергей жүргүнчү катары тосуп алып, калган эки каракчы жигит бир үйдө, Жалал-Абадка кетүүчү кишилер катары күтүп отурмай планын түзүштү.

- Акчасын алгыла да, өздөрүнө тийбегиле! Колу-бутун байлап, четирээк бир жерге алып барып таштагыла! Өздөрү бошонуп алышса, өлбөй калышаар,- деп Ашым аларга дайындады да, үйүнө кайтып кетип калды.

* * *

Ошол күнү түн жарым чамасында Москва – Бишкек поезди жетип келди. Кыргызстанга, өздөрү туулуп-өскөн ата-мекенине, киндик каны төгүлгөн Ала-Тоо жергесине жетип келген Тилек менен Калыбектин кубанычы койнуна батпай, поездден түшөөр замат көкүрөктөрүн кере-кере өз мекенинин таза абасынан жутуп жатышты.

- Карачы, кандай сонун таза аба. Канча жутсаң да өз жериңдин абасына тойбосуң да,- деп Калыбек, Тилекке кайрылды.

- Аны бир айтасыңбы, эки айтасыңбы? Жерден көтөрүлгөн топурактын буруксуган жытын кара, кандай гана керемет, ээ,- дейт Тилек. Бир аздан кийин жүктөрүн көтөрүп алышып, таксилер турган жерге барышты. Күтүп алуучу Ашымдан дарек жок, телефон чалса андай номер тейленбейт,- деген жооп келет. Канча жолу кайра-кайра чалса да ошол жооп. Түнкү саат 12ден өтүп баратыптыр. Ашым досунан эмдигиче кабар жок. Айласы кеткен ал экөө ошол жердеги отургучка отуруп калышты. Темир жол вокзалынан кай тарапка, кимдикине барышын

да билишпейт. Акчабызды алдырып коёбузбу, - деп вокзалда уктап калгандан да коркушат. Бир кезде:

- Жалал-Абад, Ош барбы? Эки киши керек. Эки киши болсо, азыр жылабыз.- Эки киши керек, - деп ары жактан таксистин үнү чыгып калды. Аны угуп калган Тилек менен Калыбек, Үйгө кете бербейлиби? Даяр такси да бар экен,- деп, бир-бири менен кеңешип калышты.

- Мейли анда, үйгө барып, үйдөгүлөр менен учурашып, анан Ашымга да келип кетербиз,- деди Тилек.

Таксиге дагы эки киши керек экен. Азыр жылсак эртең түшкө чейин үйгө да жетип, барып калабыз,- деп Калыбек сөз кошту. Ошентип, бир келишимге келген эки дос, жанатан бери тамагы айрылганча кыйкырып жаткан таксисти көздөй басышты. Аларды бери басып келатканын көргөн баягы таксист, балык ууга чыккан балыкчыдай кубанып кетти, антткени мына-мына кайырмагына эки балык түшкөнү турат. Тилек менен Калыбек таксиге жакын келип, таксиде отурган жалгыз жүргүнчүнү гана көрүштү.

- Сиз эки эле киши керек дебедиңизби? Дагы күтөбүзбү? Канча күтөбүз? Поезд кетип болду го,- эми башка киши деле болбосо керек?,- деп таксистке суроо узатышты.

- Сиздер эмне, таксиге биринчи жолу чыгып жатасыздарбы? Эки адам дегеним чын. Жолдо үйүндө күтүп отурган даяр бир клиентим бар. Аны алабыз да, жолубузду улантабыз,- деп таксист күлүп жооп берди. - Сиздер каякка барасыздар? Жалал-Абад шаарынын өзүнөбү, же чет жакка айылгабы?,- деп кайра эле суроо узатты.

- Шаарга эле жетип алсак болгону, ары жагына

өзүбүз кетип калабыз, байке,- деп жооп беришти. Кыргыз тилин суудай ичкен Сергейдин орус экенин түндө байкабай да калышкан. Таксиде отурган жүргүнчү да:

- Батыраак отуруңуздар, эртерээк жылалы. Мен да шашылып жатам. Эртең саат бирде Жалал-Абадда жолугушуум бар эле, жетип барышым керек,- деп сөз кошту.

Үйдөгүлөрүн сагынып калган Тилек менен Калыбек да анын сөзүнө кошулгандай шашылып таксиге отурушту. Алар, антип-минтип таксиге отурганча сааттын жебеси да, түнкү бирди чамалап калган. Такси ордунан жылып, шаар аралай зымырап баратты. Бир кезде эле шаардан чыгып, шаар четиндеги айылды көздөй жөнөдү. Алыстан бирин-серин жарк-журк деген чырактан бөлөк эчтеке көрүнбөйт. Кайсыл жолдо, кайсыл жака бартканын түндө жүргүнчүлөр кайдан түшүнсүн. Алар жанагы таксист айткан клиент ушул жакта болсо керек деген ойдо келе беришти. Бир убакта жанагы, алыстан жаркырап үй чырагы көрүнүп турган үйгө да, жетип келишти.

- Силер отуруп тургула, мен клиентимди алып чыгайын,- деп жанагы таксист үйгө кирип кетти. Бир канча мүнөттөн кийин жанагы таксист чыгып,

- Үйгө киргиле, тамагы даяр экен, жеп алып, анан жолго чыгалы деп жатышат, - деп жүргүнчүлөрдү ичкери чакырды. Тилек менен Калыбектин негедир жүрөктөрү бирдемени сезгендей үйгө киргилери келбеди.

- Сиздер тамактанып чыга бериңиздер, биз отура туралы,- деди Тилек.

- Менин курсагым ачып калды, мен кирип тамактанып чыкпасам болбойт,- деп жанагы отурган жүргүнчү машинеден түшө калды. Бир аз баса кайра артына келип, жолго чыгаарда тамакты таштап болбойт деген кыргыздын кебин укпагансыздарбы? Деги кыргызсыңарбы өзү?,- деп Тилек менен Калыбекке кайрылды. Анын сөзү аларга өтө катуу тийди да,

- Жүр, кире берели, ал да бизге окшогон бир жүргүнчү да дешип, анын артынан ээрчип, эки дос да үйгө кирип кетишти. Алардын үйгө кирээрин чыдамсыздык менен күтүп турушкан каракчылар тобу, алар ичкери кирер замат союл менен баштарына коюп калышты. Эмне болуп кеткенин түшүнбөй калган Тилек менен Калыбек, көз ачып-жумганча теректей жерге кулашты. Аркадан берилген катуу соккунун айынан алар, жарым сааттан артык эстери ооп, өзүнө келе албай жатышты. Катуу соккудан ооруган баштарын кармап, араң көздөрүн ачкан Тилек менен Калыбек өздөрүнө келип, эки жагын карап, жанагы таксист менен бирге келген жүргүнчү, бир топ бандиттер менен шарактап арак ичип отурушканын көрүштү. Ошондо гана алар каракчы, бандиттер тобуна колго түшүп калышканын байкашты.

Таксист, Тилек менен Калыбектин эки жылдан бери маңдай терлери менен иштеп табышкан акчаларын, үй-бүлө мүчөлөрүнө деп жыйган жүктөрүн, машинесинен алып келип бөлүшүп, кээ бирлери кийип да алышыптыр. Чөнтөктөрүндөгү доллар менен ала келатышкан акчадан тыйын да калтырышпаптыр. Бир убакта, ошол чогулган каракчылардын арасынан кандайдыр бир тааныш добуш чыгып жаткан-

дай болду. Аны Тилек да, Калыбек да өз кулактары менен угушту, бирок ким экенин аңдай алышпады. Өзү көрүнбөй, өктөм сүйлөп, бандага тапшырма берип жаткан жигит алардын башчысы экенин, анын айткандарын ошол каракчылар тобу кынтыксыз аткараарын Тилек менен Калыбек түшүнүштү. Оморгон олжолору менен алек болуп калган каракчылар, Тилек менен Калыбектин алар ойлогон убакыттан эртерээк өзүнө келип калышканын байкабай да калышты. Бул акыбалды көргөн ал экөө, каракчыларга жем болуп калгандыктарын байкашты. Ызасына чыдашпай:

- Акмактар! Бул эмне кылганыңар? Эмне деген иттигиңер? Коюп жибергиле бизди. Акчабызды кайтаргыла,- деп кыйкырып кириште. Аларды өлтүрбөй, колу-бутун таңып, шаардан бир топ алыс жерге таштап кеткени жаткан каракчылар эми, заматта ойлорун өзгөртүштү. Каракчылар тобунун арасынан бирөө:

-Булар бизди таанып калышты. Эми тирүү калтырууга такыр мүмкүн эмес,- деп чыкты. Андыктан, каракчылар тобунун жетекчиси, жанагы өктөм-өктөм сүйлөп жаткан жигит буларды жок кылгыла! Артыбызда эч кандай из калбасын,- деп буйрук берди да ал үйдөн чыгып кетти. Эч качан жетекчисине каяша сөз айтпаган, бөрк ал десе башын алган желдеттери анын тапшырмасын аткарууга ар дайым даяр эле.

* * *

... Ашымдын жаман оюн байкап калган Алмаз, шашылыш түрдө иштеген жеринен өргүү алды да, Бишкекке учуп келди. Тилекке каршы, ага чейин арадан эки күн өтүп кеткен эле. Бишкектен келип,

ата-энеси менен отурган Алмаз бир убакта телевизордон берилип жаткан кабарды көрүп калды. Анда аты-жөнү белгисиз эки жигиттин киши колдуу болуп, өлгөн сөөгүн тааныгандар болсо алып кетиңиздер!,- деген кабарды көрүп, көргөн көзүнө ишенбей, эси ооп бир топко чейин өзүнө келе албай туруп калды. Бир аздан кийин өзүнө келип, кечиккенин, аларга жардам бере албай калганын аңдады. Эртеси, шаардагы бир доктурканага барып, жансыз денелер сакталуучу жерден Тилек менен Калыбектин жансыз денелерин өз көзү менен көрдү. Бир аз өзүнө келип, иштеген жеринен белгилүү болгон балдардын жашаган үй адресине, алардын жансыз денелери жаткан жердин толук адресин берип коюп, өзү кайра тезинен Россияга учуп кетти. Ал эми балдардын үйүнө кабар берген кишинин ысмы, элге дайынсыз кала берди...

* * *

... Ашы-ым! Куткарып ка-ал! Тилек менен Калыбек жан алгычтын оозунан суурула качып, ага карай чуркап келе жатышат. Ашым жан талашып алардан качат. Буттары кыбырабай, арымы шилтенбей, жан алакетке түшөт... Көл-шал боло кара тер басып, оозунун ичи кургап, жаны көзүнө көрүнөт. Качан болсо ушу, достору кубалайт - Ашым качат...

Ашым темир тор артында олтурат. Ал өмүр бою кесилген. Кулагында баягы элдир-селдир кыйкырык - Ашы-ым! Куткарып ка-ал!.. Аны арбактар кубалап жүрүшөт, балким өмүр бою кубалашар...

**Нуралы АБДЫРАХМАНОВ**
***07.01.2018-ж.***



# Поэзия ыргактары

## ОО, ПЕНДЕЛЕР...

Оо, пенделер мынча неге мерезбиз,
Оолугабыз кээде чексиз, керексиз.
Аруулуктан, адал иштен кабар жок,
Акча жыйнап, арам жолдон эсепсиз.

Оо, пенделер, ойгон – элге керекпиз,
Ойгонбосок эл душманы демек биз.
Адам туруп, адам дилин ооруткан,
Адам кейпин кийген шайтан белек биз?

Оо, пенделер өмүр болбойт ченемсиз,
Ойлонбосок өкүнөрбүз эгер биз.
Аманатпыз бул жалганга бир келген,
Ал жөнүндө ойлондуңуз бекен сиз?!.

## ЭМНЕ ЖАМАН?

Акылынан адашкан бир адам жаман,
Арам ойдо алга баскан кадам жаман.
Арбалышып шум шайтандын оюнуна,
Акыреттин тозогуна барган жаман.

Арам эттен ичкен ысык шорпо жаман,
Алсыздардын ашын жеген молдо жаман.
Алла Таалам бардыгына шек келтирген,
Ак жолунан тайыган топ да жаман.

# НЕ ДЕЙБИЗ?

Ар бир киши эртеңкисин ойлогон,
Адал иштеп, арам ою болбогон.
Ар-намысты бийик көрүп баарынан,
Аны акчага алмашпаган, коргогон.

Анда союз улуу элбиз бириккен,
Эл бийлиги бийик турган бийликтен.
Адеп, ыйман, адамдык зор касиет,
Ал ар качан дем, күч алган бийиктен.

Аруу, таза алыс кетип ал кездер,
Ала-Тоону кажып кирди мерездер.
Ачык-айкын эл баштаган киши жок,
Арабызда калды сокур, кереңдер!

Аттиң дүйнө, аттиң элим нетебиз!
Ала-Тоону жутуп кайда кетебиз?
Жүрөктөн кан, көздөн жашым кылгырат,
Айткылачы урпактарга не дейбиз!?

# ДОСТУК ЖАЙНАП ГҮЛДӨСҮН

Кыргыз-өзбек кылымдардан бир тууган,
Кол кармашып душман келсе бир турган.
Кудай деген дили да бир, дини бир,
Кудай дебес динсиздерди бир кууган.

Элибиз бир, жерибиз бир эзелтен,
Эли жашап келген адал эмгектен.
Эки улуттан аскер түзгөн кезинде,
Эчен кылым, бекем достук тегинде.

Адал ишке кол сунушкан ардайым,
Ак жолунда жалгыз алла-тааланын.
Акындары эки элдин биригип,
Ак чолпону болсун бийик асманын.

Достугубуз бузулбасын, түптөлсүн,
Достук туусу көтөрүлсүн, түшпөсүн.
Доорун сүрүп, эки өлкөнүн достугу,
Дүркүрөсүн кең ааламга, гүлдөсүн!

# ИЛЬИЧ ШАМЫ

Катар-катар ГЭСстер түшүп Нарынга,
Ильич шамы ар бир шаарым, айылда.
Жаркын турмуш, жашоо келип элиме,
Караңгылык күндөр кеткен алыска.

Кыргыз жерге кут-береке чачылып,
Кыргыз элге космоско жол ачылып.
Карды ток, үстү бүтүн, үйү жарык,
Кыргызда кыйын кезең артта калып.

Кыргыз эл жеңип алып эркиндигин,
Кылымга түптөп алды эл бирдигин.
Курч мүнөз калкым келип ар-намыска,
Колуна алды бекем эл бийлигин.

Ала-Тоо ак мөңгүлүү кыргыз жерим,
Асманың ачык болсун ата тегим.
Аруулук жан дүйнөңө азык болсун,
Ар кыргыз ата-мекен, элим дегин!

# МЕН КИММИН?

Асмандагы жаркып турган жылдыздын,
Атасымын улуу тарых чындыктын.
Асыл баштан ак калпагы түшпөгөн,
Атак-даңкы аалам жарган кыргызмын!

Ай менен Күн шооласынан түшкөнмүн,
Асман-Жердин тирөөсүнөн бүткөнмүн.
Аста ширеп ачып көрсөң байкаарсың,
Барактарын өткөн кылым, күндөрдүн.

Болуп-толуп, дүркүрөткөн жарыкты,
Бабалары багындырган тарыхты.
Бүгүн мына ал жөнүндө ыр жазган,
Баласымын баатыр элдин байыркы.

Алыс кетпей ушул тарых чындыктан,
Ар намысын алдырбаган, бек туткан.
Айкөл элдин урпагымын жүрөккө,
Ала-Тоонун туусун бийик тургузган !

Мен ээсимин бабам баскан жолдордун,
Чокулары көккө тийген тоолордун.
Таш каптырып, сугун арткан жоолордун,
Айкөл Манас мекендеген коргондун!

Мен кыргыздын урпагымын тынбаган,
Ал жөнүндө көп ыр жазып ырдаган.
Кыргыз көрсө намысы жок, ары жок,
Кирпиктерин көз жаштары нымдаган!

Мен мекенчил бир уулумун элимдин,
Баркыт сындуу, бейиш жыттуу жеримдин.
Алар үчүн бергим келет калтырбай,
Керек болсо акыркысын демимдин!

## БҮГҮН БАРБЫ?

Жүрөк ооруп, үмүт соолуп эртеңкиден,
Жаным сыздап жаздым бүгүн бул ырды мен.
Мейли түшүн, же түшүнбө, бирок билгин,
Жашыра албайм жан кейиткен чындыкты мен.

Барам жалгыз ойдун жетпей ченемине,
Абийири жок жетекчилер келгенине.
Бир өлкөнү миң жеринен тыткылашып,
Ач бөрүдөй азуу салып жегенине.

Бир кулач жер кымбат эле аталарга,
Жанын тигип койгон эле, көз артканга.
Кыргыз баркын, кыргыз наркын көтөрүшкөн,
Кол жетпеген бийиктерге, көк асманга!

Байкуш эмес, баатыр элек ар-намыска,
Башкаларга кыргыз элим болуп нуска.
Кайда калды, кайда жутту, кыргыз тегин,
Бүгүн барбы эл-жер турган санаасында?

## БИЙИК ЖЕРДЕН

Түмөн жыл, кылымдардын кырын ашкан,
Тарыхтын түгөнбөгөн сырын каткан.
Тоолор да карап турат бийик жерден,
Түгөйлөш кыргыздарын чырылдашкан.

Өчүрбөй кыргыз шамын жагып келген,
Өнөрүн, каада-салтын багып келген.
Бабалар карап турат бийик жерден,
Өз бала, урпактарын тарып кеткен.

Алыска душмандарын кууп берген,
Аябай канын, жанын туруп берген.
Аталар карап турат бийик жерден,
Ала-Тоо жерге тынчтык куруп берген.

Адептүү болгула деп акыл берген,
Алпештеп, баласына ак сүт берген.
Апалар карап турат бийик жерден,
Ак тилек, арзуулары калып кеткен.

Келгиле, кыргыздарым, ынтымакка,
Кыйышпас биримдикте бир турмакка.
Бабалар арбактары тынч жатышсын,
Бейиштин бакчасында, нурдуу бакта!

# БИРОК БҮГҮН

Бир карасаң биз кыргыздар ынакпыз,
Бийиктеги жанып турган чыракпыз.
Бирок бүгүн ачуу чындык айтканда,
Баатыр Манас, Чыңгызы жок чунакпыз.

Бабам Манас урпагында, тегинде,
Баатыры жок жалын бүрккөн дээринде.
Баатырлардан бечел балдар төрөлүп,
Багыты жок көтөрөөргө демилге.

Бабалардын баскан жолун мактанат,
Баатырбыз деп тарых менен актанат.
Бирок бүгүн элим деген эрен жок,
Билбейм неден кыргызымда салтанат.

Болбос иштi алысыраак таштасак,
Башкалардан өрнөк ала баштасак.
Бөгөт койбой келечектин жолуна,
Биз жаштарга багыт берсек, алкасак!

# КЕЛ, КЫРГЫЗЫМ

Акылы кем, жарабаган бир ишке,
Арсыз чыкты ат салышкан бийликке.
Акыл менен ааламды тик карабай,
Аяк астын карап сүйлөйт бир иште.

Эл баштаган ак төбөлдөр көбөйдү,
Эч чечпеген элдик азап, көйгөйдү.
Эл-журт калып, өзүн гана ойлогон,
Эки жүздүү чоңдор кайдан төрөлдү!

Көрө албастык бийлик күтүп өлкөдө,
Элим деген эр жигиттер түрмөдө.
Кыргыз мекен өскөн жерин сагынып,
Кээ бирлери качып жүрөт чет элде.

Кел, кыргызым, тез акылга келели,
Кыргыз көчүн биз жаштарга берели.
Ала-Тоонун ак калпактуу жаштарын,
Атпай журтка кызмат кылаар кезеги!

# АДАМЗАТ

Бириңди – бириң чукумай адат,
Айткыла пендем качан бир калат?
Жакшылык иште баспаган бирге,
Адамзат качан акылын табат?

Атагың алыс кеткенди билип,
Кайкалап жонго чепкенди илип.
Башканы адам ордуна көрбөй,
Күйдүрдүң жанды миң жерден тилип.

Көкөлөп көктөн түшкөнсүп тирик,
Акылың жапыс, көөдөнүң бийик.
Өзгөнү сындап өз жөнүн билбес,
Сендейлер түмөн көкөйгө тийип.

Алтындай башка ак калпак кийип,
Аллаага бирдей пендебиз билип.
Адамзат жүрчү пейилди түзөп,
Ар иште дайым пайдабыз тийип.

# КӨП ЖАША
**_(Алтымыш жашка толгондо)_**

Оорутпай назик көңүлдү,
Өрнөктүү жашап жүргөн аз.
Өткөрүп текке өмүрдү,
Өмүрдү таттуу сүргөн аз.

Андыктан көлдүн көркүндөй,
Ак тоюң тунук көлкүлдөй.
Өрнөктүү жаша өмүрдө,
Эр төшүң бүркүт төшүндөй.

Ааламга карап эс менен,
Алгала достор тең менен.
Мекениң, элиң сүйүнсүн,
Мекенчил уулу сен менен.

Алтындай курак куш болсун,
Алтымыш жашың кут болсун.
Бактылуу жашап бир өмүр,
Багыңа бакыт нур толсун.

Алтымыш калып артыңда,
Жүз жашта толуп ташкында.
Сен менен тойбос кара жер,
Көп жаша достор тартынба.

# ЧЫНДЫК

Чындыкты белден байлаган,
Чырдатып сүргүн айдаган.
Керимбайлар көбөйдү,
Кезерип асман, айланам.

Адал ишке барбаган
Абийир, ыйман калбаган.
Акмат, Дыйкан көбөйдү,
Аламан элди алдаган.

Алсызды жерип таптаган,
Акча үчүн бегин мактаган.
Арзымат ырчы көбөйдү,
Ар-намыс деген калбаган.

Тапшырма берип жалпыга,
Талпынган бийик тактыга.
Атакан болуш көбөйдү,
Азуусун салган жакшыга.

Эгемберди, Бахтияр,
Элпеңдеп байга дастияр.
Бечелден балбан көбөйдү,
Бөрк ал десе баш кыяр.

Кагылат чындык, ийилет,
Калыстык кетпейт биригет.
Көп өтпөй чындык туулары,
Кыналып катар тигилет.

# АМАНАТ КИШИ ЖАЛГАНГА

Өмүргө киши бир келет,
Өкүнүп жашоо не керек.
Түбөлүк жалгыз бир кудай,
Тирүүлөр ага жете  элек.

Кыялдар кетсе жетелеп,
Кыйнаба жанды жемелеп.
Аманат киши жалганга,
Күн бүтсө алат жер элеп.

Ашыкча күлүп ойнобо,
Адамга жаман ойлобо.
Өзгөгө күйүп ор казган,
Өздөрү түшөт ал орго.

Шүгүрлөр айтып кудайга,
Шаттыкта жаша муңайба.
Ар качан пенде жапыс бол,
Бийик зат жалгыз кудай да.

Ак тилек болсо ойдогуң,
Ачык бир болот жолдоруң.
Орундап максат, тилегиң,
Айга да жетет колдоруң.

# ЖЫЛ МЫКТЫСЫ

Элдик жигит-кыздарым, кыйындарым,
Эмгегиңен көрүнгөн кыйын жагың.
Эл-жер десе күнү-түн эмгектенип,
Эки ойлонуп эч качан кыйылбадың.

Мыктылардын мыктысы бүгүн сиздер,
Аптабыңа табынган күнүм сиздер.
Силер барда Ала-Тоо мекеним тынч,
Айбыкпаган душмандан күчүм сиздер!

Сиз урпагы улуу зат Чыңгызымдын,
Жылдыздардай жаркыган кыргызымдын.
Атагыңар дүркүрөп ак эмгектен,
Ар намысын сатпаган улутумдун.

Кең дүйнөдө жалындап дил ышкысы,
Келечекке жол ачкан миң мыктысы.
Аруу жолдо ак тилек, максат менен,
Алгалай бер ак жүрөк жыл мыктысы.

# АКЫНДЫ
# АЙГА ОКШОТОМ

Акынды айга окшотом жаркып турган,
Ак шооласын ааламга чачып турган.
Акыйкаттын ак таңы келсин үчүн,
Айбыкпастан ак сөзүн жазып турган.

Жашоодо адал, арам аралашкан,
Жакшыны шайтан уруп кара баскан.
Көз көрүп, уккан чынды жазат акын,
Кедей-бай, ким экенин карабастан.

Чындыктын жолун бекем буугандарга,
Чегинен чыгып кеткен туугандарга.
Чакмактай тийет акын ырлар менен,
Чилде, жаз мээси тоңуп тургандарга.

Калкы туюп, билбесе акын баркын,
Калбыр болот жүрөгү акындардын,
Касиеттүү күч кетип, эргүү кетип,
Кара жаны күл болот асылдардын!

## ЭЛ МҮЛКҮНӨ

Жата бербей жалкоолонуп, чалкалап,
Жер-ааламды кезип чыксаң ар тарап –
Андан гана сен издеген, сен күткөн,
Аруулуктун ак шооласы нурданат.

Жаман иштен жан дүйнөңдү калкалап,
Жакшыларга жанашканың жакшыраак.
Жазы маңдай кишилердин жүзүнөн,
Жазбы, кышпы – ар убакта нур жанат.

Өмүр кыска өтө берет токтобойт,
Өз нугунда аккан суудай жорголойт.
Өкүнсөк да өзөктөрдөн от жанып,
Өткөн күндөр катабызды оңдобойт.

Эр жигиттер эрдик менен даңкталат,
Эби жоктор эл аркалап жан багат.
Элди ойлогон эрендери жок болсо,
Эл мүлкүнө мыкаачылар кол салат!

## ЭСКЕ ТҮШӨТ

Эске түшөт аста жалгыз баратсам,
Эски сезим көөдөнүмдү канаткан.
Азыр деле неге жүрөм аны эстеп?
Акыл жетпейт, мен өзүмө калам таң.

Андан бери өтсө дагы көп жылдар,
Айтылбаган, ачылбаган көп сыр бар.
Айдыңында айлуу түндүн жүрөмүн,
Айга теңеп ошол кызды жүрөгүм.

Көөдөнүмдү каптап алган кусалык,
Каректерим аны күткөн тунарып.
Бак аралап барам жалгыз азыр да,
Кан тамырым кусалыктан чыңалып.

Эске түшөт оо качанкы бир сезим,
Эт-жүрөгүм элжиреген кездерим.
Акыл жетип аңдабапмын негедир,
Ал балалык жылуу сезим экенин.

# ӨЗ АЙЫЛ, ӨСКӨН ЖЕРИМ

Өз айыл, өскөн жерим – Чоң-Багышым,
Өзүңдө өткөн өмүр, жазы-кышым.
А бирок, мен өзүңдөн алыс кетсем,
Өзөктү өрттөп кетет сагынычым.

Тарынсам мен тагдырга тарынайын,
Туулган жерим, сен эч качан тарынба.
Сагынсам мен өзүңдү сагынайын,
Сен ойлоп мен балаңды санаа тартпа.

Алыста жүрсөм дагы эсимдесиң,
Ар дайым жүрөгүмдө, сезимдесиң.
Ар таңым сени менен бирге күткөн,
Арзуудан бүткөн күнүм, кечимдесиң.

Өзүңдө калды менин бала чагым,
Өмүр баркын билбеген ала чагым.
Ак мөңгүдөн шаркырап агып түшкөн,
Ала-Тоонун суусундай тазалыгым.

# НООКЕН ЖЕРИ

***(Ноокен районубуздун 90 жылдыгына арналат)***

Алма, мисте, жаңак зарың сендеги,
Пахта, буудай, жер-жемишиң жердеги.
Абаң таза, сууң  тунук мүрөктөй,
Ак калпактуу элге кубат, дем берди.

Аска зоолор, ак мөңгүлүү тоолоруң,
Арча-кайың, алма бактуу тоо бооруң.
Асманыңда улар, бүркүт шаңшыган,
Ноокен жери, сен – мекеним, коргонум.

Жайкы кенен, жашыл тулаң өрлөрүң,
Түр жандыкка толуп турган төрлөрүң.
Жаратылыш жанга кирип түрлөнүп,
Жанга сүйкүм сенин таңкы көркөмүң.

Айта берсем, жаза берсем – акым бар,
Аалам кезген атак даңкың, баркың бар.
Төрт түлүгү төп келишкен төрүнө,
Түр улуттун өкүлү бар, калкың бар.

Жер астында кара алтының кайнаган,
Жер үстүндө ак алтының жайнаган.
Жарык нуруң шоола чачып ар таңда,
Жан дүйнөбүз арууluктан баар алган.

Ноокен жери табияттан  көркөм жер,
Ноокен жери эр-азамат өскөн жер.
Эмгек менен үлгү болгон ар иште,
Ноокен жери баатырга бай өктөм жер.

# НООКЕНИМ
# ЫЙЫК МЕКЕНИМ

Береке, бакыт, кут конгон,
Бейиштей жаркып нур толгон.
Бабалар эгип калтырган,
Багына булбул куш конгон.

Өзүңдөн чыгып көп ишкер,
Өзгөчө бүтүп көп иштер.
Ноокеним ыйык мекеним,
Өркүндөп алга өрүш кер.

Жаратып жеңиш нечenин.
Ынтымак, ырыс бекемин.
Желбирей берсин желегиң,
Ноокеним ыйык мекеним!

# НООКЕНИМ
# КИЧИ МЕКЕНИМ

***(Ноокен районубуздун***
***90 жылдык маараkeсине арналат)***

Керилген керме тоолоруң менен,
Кайберен өткөн тоо бооруң менен.
Ноокеним кичи мекеним менин,
Кылымдар туташ жолдоруң менен.

Жылгадан аккан сууларың чубап,
Шылдырап сүйкүм көңүлдү бурат.
Миң дартка дабаа дары сууң ошол,
Өмүргө таттуу, өмүрдү улап.

Суурулуп чыккан сезимден терең,
Сый -урмат артып өзүңө деген.
Ноокеним кичи мекеним менин,
Суктанат нечен төрүңө кенен.

Торколуу тоюң кут болсун жерим,
Төрүңдө кутман тынч болсун элиң.
Өркүндөп улам өсө бер, талба,
Ноокеним кичи мекеним менин!

# АЛА-ТОО
# КЫРГЫЗ ЖЕР МЕКЕН

Ала-Тоо кыргыз жер мекен,
Аска-зооң бийик кең мекен.
Бейиштей болгон төрүңдөй,
Бар бекен сага тең мекен.

Ар таңда туруп эртелеп,
Абаңдан жутуп эркелеп.
Акырын бассам кыялап,
Арча бир жыттуу жел келет.

Адырым, аска-зоолорум,
Энчиме бүткөн коргонум.
Алыста жүрсөм сагынып,
Эрте кеч сенде ойлорум.

Жайнаган жашыл өрүңдөй,
Түр жандык толгон төрүңдөй.
Береке толгон жер мекен,
Бар бекен сага тең мекен.

## АМАН БОЛУҢ АБЫКЕ

***(А.Исаковдун 65 жылдык маарекесине арналат)***

Айдап өмүр кемесин,
Жүздүн ашың белесин.
Орундалып ой, тилек,
Жүрөк талдым дебесин.

Жаман ойлуу оңбосун,
Умүт чырак солбосун.
Жарык болуп жүзүңүз,
Жараткан өзү колдосун.

Бекем болуп белиңиз,
Жүздүн тоюн бериңиз.
Бүгүнкүдөй анда да,
Жөлөк болсун иниңиз!

Аруу тилек, ой менен,
Тууган урук, эл менен.
Аман болуң Абыке,
Куттуу кыргыз жер менен!

Бүгүнкү той себепкери, султаны,
Хан Кубаттын укуму да, урпагы.
Куттуу болсун маарекеңиз бүгүнкү,
Каалоо жолдойт Сизге иниңиз Нуралы!

# МУХАММАТ ЮСУФ

***(Өзбек эл акыны, маркум Мухаммад Юсуфтун жаркын элесине)***

Азыр жок арабыздан кеткен акын,
Акырет, чын дүйнөгө жеткен акын.
Арбагын аны сыйлап, ары ыйлап.
Ала-Тоо кыргыз жерден келген акын.

Өзү жок бирок калган элестери,
Өзгөчө ал калтырган эмгектери.
Мухаммад Юсуф кетип кайтпас сапар,
Өкүнүп турат кыргыз, өзбек эли.

Аруу бир сезим каптап бүткүл боюн,
Акылга салып айткан тунук оюн.
Аны ажал бөөдө чалып кетпегенде,
А балким бирге күтмөк өздүк тоюн.

Азабын махабаттын тарткан акын,
Алоолоп ышкы отунда жанган акын.
А бирок эрте соолуп өмүр гүлү,
Атпай журт, түркий элге арман акын!

# БАШКАЛАРДАН БАШКАЧА

***(Абдразакова Дилиш эжеге)***

Карап турсам башкалардан башкача,
Көзү кара, ою тунук, таптаза.
Жылдыздардын арасынан түшкөндөй,
Жаркын нуру тийип турат башкага.

Ай ажары асманына жарашкан,
Ай менен күн суктанышып карашкан.
Жан дүйнөсү кир тийбеген акактай,
Жаралгансып аруу таңдан жаңы аткан.

Жылуу, жумшак кыялы да, өзү да,
Жанга сүйкүм карагаттай көзү да.
Муң-кайгыдан алыс кылып ар жанды,
Мээримине бөлөп турат сөзү да.

Ууртунан күлкү кетпей эжемдин,
Уул-кыздын урматына бөлөнсүн.
Кудай берип зор бакыттын тереңин,
Кубалашкан урпактары көбөйсүн.

Периштедей көктөн түшүп келгенби?
Кирпик-кашын кир жуктурбай тергенби?
Тагдыр кошуп таалайына бир кезде,
Таши акемдин таалайына келгенби?

Ал андыктан доорун сүрүп өмүрдүн,
Агын-көгүн карап назик көңүлдүн.
Ал экөө ак куулардай эрчишип,
Айдың кечте бирге сүзсүн көл үстүн.

# САГЫНЫП ТООНУН ГҮЛДӨРҮН

***(Сабыржан Жолдошевге)***

Сезимге толгон күндөрүн,
Сагынып тоонун гүлдөрүн.
Сызгырып алып жүрөктөн,
Сабы акем түмөн ыр бүткөн.

Саресеп салып өткөнгө,
Сонун кез жаштык көктөмгө.
Кылчайып карап жазыптыр,
Саяпкер мезгил өктөмгө.

Ак булут көктөн салаалап,
Аруулук жанды аралап.
Сабы акем ырын жазыптыр,
Ата-эне кымбат ага арнап.

Ак сүтүн берип эмизген,
Адалдан нанын жегизген.
Ак шоола нурун тараткан,
Апам деп алтын периштем.

Таланттуунун улугу,
Акыл эстин тунугу.
Ыр жыйнак бүгүн жаратып,
Сабы акем турган учуру.

Энеден баштап ыр сабын,
Энеге арнап ыргагын.
Эмгегин сыйлап эненин,
Сабы аке сонун жазганың.

Беш баласы карабай,
Баркына жетип баалабай,
Карып болгон эненин,
Кайгысын жаздың арман ай.

Жетсин деп эне баркына,
Ааламда теңсиз наркына.
Сабы аке чынды жазыпсың,
Сабак деп билген жалпыга.

## АПАМДЫ БҮГҮН САГЫНДЫМ

Акырын сылап чачымдан,
Асырап баккан жашымдан.
Апамды бүгүн сагындым,
Азыр жок кеткен жанымдан.

Анда бир өтүп жаш чагы,
Агарган саамай чачтары.
Азыр да турат эсимде,
Апамдын ооруп жатканы.

Ар таңда туруп эртелеп,
Апа деп койсом эркелеп.
Аябай мээрин төкчү эле,
Анда апам тирүү кетелек.

Ак сүтүн берип эмизген,
Адалдан нанын жегизген.

Апакем мээрин салбаса,
Алмакпыз аны биз кимден.

Азыр жок кеткен өмүрдөн,
Арга жок жерге көмүлгөн.
Апамды бүгүн сагындым,
Ачуу жаш агып көзүмдөн.

## ЖАЗ

Жашыл талаа, жаратылыш албырып,
Жаздын чексиз сулуулугу азгырып.
Кучагында турам көрктүү дүйнөнүн,
Көөдөнүмө жүрөк батпай аптыгып.

Жашыл кийип бүт айлана, бак-дарак,
Жазгы таңым бир башкача шаңданат.
Жан дүйнөмө азык берип ушул жаз,
Жанга сүйкүм, көзгө сүйкүм чар тарап.

Жер-Эненин табы келип, семирип,
Жер бетине жазгы үрөн себилип.
Баба дыйкан таң эртелеп талаада,
Билек, жеңин түрүп алып делбирип.

Жазгы талаа, жаратылыш албырып,
Жаздын чексиз сулуулугу азгырып.
Кучагында турам көрктүү дүйнөнүн,
Көркүнө мен кумарланып, ашыгып.

# ЖАЗ – ЖАРЫШ,
# КҮЗ – КҮРӨШ

Жаз жарыш, а күз күрөш деп айткандай,
Жаз таңы жан дүйнөмө нур чачкандай.
Жүрөгүм талааны эңсеп турат дайым,
Жайдары, ачык мүнөз бир дыйкандай.

А мен да бир дыйкандын баласымын,
Алп мүнөз балбандардын канатымын.
Алардын ак эмгегин, маңдай терин,
Ардактап турчу бүтпөс санатымын.

Жаз келип, эгин эгет баба дыйкан,
Күз келип, кырман толот данга жыйган.
Эрте жаз, күзгө дейре эмгектенип,
Эне жер дыйкандары анан тынган.

# ЖАЗА БЕРГИН

Жаздын жаркып, аткан жаңы таңындай,
Жашоо сонун эгер жүрсөк жаңылбай.
Акындарга мындан ашкан жыргал жок,
Арзууларга толгон сүйкүм жаңы ырдай.

Өткүчөктү бул аманат өмүрлөр,
Өксүбөсүн, оорубасын көңүлдөр.
Өрнөк болуп башкаларга акындар,
Өлбөстүккө ыр жаратсаң – акың бар.
Санатка биз эрте келдик, кеч келдик,
Сыйкы өмүргө эркиндикти бербедик.
Сөз укпадык, сестенбедик ыр жаздык,
Санаа тарттык, ак-караны теңдедик.

Азуу салдык ачкөздөргө ыр менен,
Ар-намысты туу кармадык сыр менен.
Ачык айттык арамды да адалды,
Ак ишибиз кээде бүтүп, чыр менен.

Жалындагын, алоолонгун, от болгун,
Жаңылбагын, так атылган ок болгун.
Ачкөздөрдү оп тарткыча кара жер,
Жаза бергин, калемдешим коркпогун!

# КЕЛ, ДОСТОРУМ

Анда биздин он сегизде жашыбыз,
Ак түшпөгөн, коюу эле чачыбыз.
Көп кыздардын жүрөгүнө от чачкан,
Капкара эле эки карек, кашыбыз.

Кызмат кылып бөтөн элде жүргөнбүз,
Кырчын кезде кыз илебин өпкөнбүз.
Ата-энени, Ала-Тоону сагынып,
Санаалардын азабына чөккөнбүз.

Жыйырмада кайтып келдик Мекенге,
Билим алдык, биз окудук бекерге.
Ар бирибиз ар кесипке ээ болдук,
Ата-Журтка кызмат кылып бергенге.
Жыйырма үчтө тириликке үйрөндүк,
Ай ажарлуу сулууларга үйлөндүк.
Алгаладык татаал тагдыр жарышта,
Алдырбадык, бекем турдук намыска.

Мезгил менен жаштык өтүп зымырап,
Алтымыш жаш артты карап кылгырат.
Андан бери кырк жыл өтүп арадан,
Асыл баштан чач суюлду жылтырап.

Айла канча биз тагдырга көнөбүз,
Алыс кетти алтын доор көчөбүз.
Алла жолун бек карманып эми биз,
Акыретке камданууга өтөбүз!

# АНДА БИЗ ЖАШ

Анда биз жаш – замананын чырактары,
Ата-эненин сүйкүмдүү ынактары,
Алгачкы ирет жан дүйнөбүз толкундап,
Аруу сезим жүрөктөрдөн кылактады.

Балалык кез балтыр канат куразактагы,
Бал жыттанган ошол сүйүүм ыраактагы.
Бүт эркимди ээлеп алып азыр дагы,
Бой жетпеген жылдыз болуп турат дагы.

Ал кездердин аста чертип кылдарын,
Алтын курак, сезим толгон жылдарын.
Салмагынан жан ооруткан сүйүүмдүн,
Санаркадым, сага арнадым, ыр жаздым.

# ЖАҢЫ ЖЫЛ

Жаңы жыл куттуу болсун баарыбызга,
Жарык нур жаркып ар бир таңыбызда.
Ар бир үй кут-береке, шаңга толсун,
Асман-жер кубат болуп жаныбызга.

Жакшы ой, максат менен ойгонолу,
Жакшыга жамандык эч ойлобойлу.
Айкашып акыл менен жан дүйнөбүз,
Алкымы бузуктарга жолобойлу!

Жаркырап өнүп-өссүн мекенибиз,
Жашоодон кумар алып өз элибиз.
Арышы жетип элдин бийиктерге,
Арзууга артта калбай жетели биз.

Жүдөбөй жат жерлерде жаштарыбыз,
Жүрсө экен Мекенинде жаш-карыбыз.
Ала-Тоо, ак мөңгүнүн суусун ичип,
Арылсын арзуу үмүт, чаңкагыбыз!

# ӨЗҮҢДӨ КҮНӨӨ

Каректен тамган ачуу тамчылар,
Тагдырдан алган катуу камчылар.
Сага да, мага болду го сабак,
Ал кездер эми артка кайрыл бар.

Жаштык кез өтүп, мезгилге катар,
Жалындар өчүп, жүрөктөн барар.
Үр кыздай көркүң денеден кетип,
Үшүгөн жазда келбетиң калар.

Өмүрлөр агым, дайрадай аккан,
Көңүлдөр салкын, жайнабай каткан.
Өзүңдө күнөө, өзүңдө гана,
Өкүнтүп өздү, өзгөнү тапкан.

## ЭСИМДЕ

Алмалуу бактын ичинде,
Ай толгон жайдын кечинде.
Ардагым бирге эс алган,
Ал кечтер дале эсимде.

Арча өскөн тоонун боорунда,
Ардайым келчү орунда.
Асылым күтүп сени алган,
Ал кездер өткөн сонун да.

Жүрөктөр жибип кумарга,
Жалындап турса жок арга.
Жаштык кез ошол эсимде,
Жарышып тилек, ой алга.

Созулган боюң буралып,
Сүйүүдөн жүзүң нур алып.
Сүйүшкөн кездер эсимде,
Сезимдер кубат, күч алып.

Ак нуру түндү жарыткан,
Асманда толгон ай тунук.
Ак жүзү күлүп албырган,
Арзууга толгон жан тунук.

# АЙЫҢДАН

Толкуган Ыссык-Көлдүн шоокумундай,
Оргуган Нарын дарыя жооругундай.
Жанымдын тынчын алып, кыйнай берет,
Жалындуу сезимдерим жоо куюндай.

Ыр жазам күнү тынбай, түнү уктабай,
Ышкында махабаттын жүрөк тынбай.
А бирок сен туйбадың сага деген,
Арзуумду таза, тунук мүрөк суудай.

Айыңдан акын болдум, ырлар жаздым,
Айтылбас жүрөктөгү сырларды ачтым.
Ат жеткис, бут баспаган бийик-бийик,
Азаптуу ашууларды, кырларды аштым.

# МАЗМУНУ

Урматтуу окурман .......... 3
Жүрөктөн чыккан ой чабыт .......... 6
Кубат бий .......... 13

*Повесть*

Кыянат .......... 87

*Поэзия ыргактары*

Оо, пенделер .......... 140
Эмне жаман? .......... 140
Не дейбиз? .......... 141
Достук жайнап гүлдөсүн .......... 142
Ильич шамы .......... 143
Мен киммин? .......... 144
Бүгүн барбы? .......... 145
Бийик жерден .......... 146
Бирок бүгүн .......... 147
Кел, кыргызым .......... 148
Адамзат .......... 149
Көп жаша .......... 150
Чындык .......... 151
Аманат киши жалганга .......... 152
Жыл мыктысы .......... 153
Акынды айга окшотом .......... 154
Эл мүлкүнө .......... 155
Эске түшөт .......... 156
Өз айыл, өскөн жерим .......... 157
Ноокен жери .......... 158
Ноокеним ыйык мекеним .......... 159
Ноокеним кичи мекеним .......... 160
Ала-Тоо кыргыз жер мекен .......... 161
Аман болуң Абыке .......... 162
Мухаммат Юсуф .......... 163

**Башкалардан башкача ................................................... 164**
**Сагынып тоонун гүлдөрүн ............................................. 165**
**Апамды бүгүн сагындым ................................................ 166**
**Жаз ................................................................................. 167**
**Жаз – жарыш, күз – күрөш ............................................ 168**
**Жаза бергин ................................................................... 169**
**Кел, досторум ................................................................ 170**
**Анда биз жаш ................................................................ 171**
**Жаңы жыл ...................................................................... 172**
**Өзүңдө күнөө ................................................................. 173**
**Эсимде .......................................................................... 174**
**Айыңдан ........................................................................ 175**

Нуралы АБДЫРАХМАНОВ

# *Жан Кубатбек*


*Китептин редактору: Самидин СТАМБЕКОВ.*
*Компьютерде жасалгалаган: Медер АБДУКЕРИМОВ.*

Басууга берилди ?????.2020
Кагаздын форматы 60\84.
Көлөмү ???? басма табак.
Нускасы ???.

Ош шаары, Ленин көчөсү-335